Сборг.
А 50.

МАНАП АЛИЕВ

# ЖАН КҮЙӨӨР...



«РУХАНИЯТ» китепканасы

# МАНАП АЛИЕВдин 50 жаш – маараКесине арналат

Спорт.
А 50

ЭЛ АРАЛЫК «РУХАНИЯТ» АССОЦИАЦИЯСЫ

# МАНАП АЛИЕВ

## Жан күйөөр...

*Редакциялык кеңеш:*

Токтосартов А. *(төрага)*
Эралиев С.
Жусуев С.
Самудинов Т.
Ааматов М.

Бишкек
«Бийиктик» – 2009

ЭЛ АРАЛЫК «РУХАНИЯТ» АССОЦИАЦИЯСЫ

МАНАП АЛИЕВ

Жан күйөөр...

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 473071

Бишкек
«Бийиктик» – 2009

ОТДЕЛ ГОРОДСКОГО АБОНЕМЕНТА

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
А 50

**Алиев Манап.**
А 50 **Жан күйөөр...**: Ырлар жана публицистикалык поэмалар./түз. жана редактору М. Ааматов/ – Б.: Бийиктик, 2009. – 232 б.

ISBN 978-9967-13-606-9

Акын Манап Алиевдин «Жан күйөөр...» аттуу жаңы китебине соңку жылдары жазылган ырлары жана публицистикалык поэмалары кирди. Китепке кирген ырлар менен поэмалар өзүнүн масштабдуулугу жана ойго терендиги менен айырмаланып, окурман журтчулугун кайдыгер калтырбайт.

Өткөн менен келечекти туташтырып турган бүгүнкү күндүн «толгон токой» көйгөйүн тема кылып көтөргөн ырлар китептин негизги өзөгүн түзөт.

А4702300200-09

ISBN 978-9967-13-606-9

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

© Алиев М., 2009.



## САПАРЫҢ КУТ БОЛСУН

Кыргыз эли жалпы табиятында поэзияга айрыкча жакын, ыр жандуу келери белгилүү. Буга көп далилдерди келтирүүгө болот. Кылымдардан келаткан салттуу поэзиябыздын мыкты жактары ырааттуу уланып, улам жаш акындардын толкуну менен байып, дайым жаш турганы да бир эсе ошол себептен чыгар. Андыктан, элибиздин ырга, поэзияга болгон суусунун кандырып келген кыргыз поэзиясынын шаңкылдаган булагы, мейли кай заман болсо да, ар дайым шыңгырап тура бермекчи.

Ал эми акындыкка кызыгып, акын болууну каалагандын баары акын болбойт, анткени акындык – бул өнөр же кесип эмес, жаратканда чанда келчү кунсуз белек, кымбат да, табышмактуу да, кайталангыс табийгый шык. Менин жеке баамымда, кыргыз поэзиясы азыр, мындайча айтанда «күтүү» учурунда сыяктудай. Себеби, кийинки мезгилде алды 50 жашка жетип, арты 30дан ашкан жоон топ таланттуу акындардын аренага келиши окурман журтчулугун көп нерседен үмүттөндүргөн эле.

Ошол үмүттөндүргөн акындардын бири – алгачкы чакан ыр китептери, газета-журнал

беттерине жарыяланган көбүнчө патриоттук, мекенчил маанайдагы көлөмдүү ыр топтомдору аркылуу окурмандарга бир топ таанылып калган Манап Алиев. Ал буга чейин жалаң ыр жазууга баш-оту менен кирип кетпей, көбүрөөк дүйнөлүк поэзияны окуп, кыргыз поэзиясын казып үйрөнүп, муну менен бирге билим жана интеллект деңгээлин көтөрүп, анан эл жүгүн аркалап, экономика жаатында дагы күч-жөндөмүн сынап, турмуштук бир топ тажрыйба менен акындыкка келди десек болот. Азыр аны, өзү жазгандай: «...Эшик чертпей кирип келип, туруп калган баладай, салам, деймин Ата Журт!» деп, учурдун көйгөй маселелерине кошо күйүп, кыргыздын намысын козгоону, окурманга нуска болорлук өзгөчө ырларды жараткан таланттуу акын деп айткым келет.

Ал эми Манап Алиевдин өзүнүн 50 жаш курагына арналып, басмадан чыгып жаткан ырлар жана поэмалар жыйнагына көз жүгүртүп олтуруп мен байкаган бир өзгөчөлүгү – өзүнүн кыргыз экенин унутпай, кыргыз экенине сыймыктанган, өзү жазгандай: «Улуу Кыргыздын, Бийик Кыргыздын, Ата Кыргыздын» урпактар үчүн жасаган эмгегин даңазалоону максат кылган акын. Жыйнактагы ырлардын дагы бир өзгөчөлүгү – автордун профессионал кыргыз поэзиясынын башатында турган байыркы ырлардан тартып,





анан берки кадимки Арстанбек, Токтогул, Барпы акындардын тутунган үлгүлөрүн бир топ өздөштүргөнү жана ошол үлгүдө жазылган ырларына жаңы түс, жаңы боёк, жаңы өзгөчөлүк берүүгө болгон аракети сезилип турат. Буга мисал катары, анын байыркы Кет-Буканын үлгүсүндө жазылган **«Кет Буканын же Бука ырчынын «Сак болу»** деген ырынан үзүндү келтирели:

Көк-Кыянын кыясын –
кыян жууган, Кет Бука,
көгүчкөндүн уясын –
зыян бууган, Кет Бука,
басып жаткан тукумун –
«жылан» тууган, Кет Бука,
көңүл калып суушкан,
колун үзүп «жуушкан»,
тууган эмес, туушкан –
айлык* тууган, Кет Бука,
заман келди ушундай
байлык кууган, Кет Бука,

Кулу болгон – пулдуунун,
тулу болгон – кундуунун,
кезең келди – Кет Бука, –
наны болгон – ундуунун.

---

* *Айлык* – маяна деген мааниде.

Буга дагы кошумчалап айта кетчү нерсе – жыйнактагы ырлардын «өткөнсүз келечек болбойт» деген сыңары, өткөн менен келечекти бириктирген «көпүрө» сыяктуу болуп тургандыгында. Чынында, бир эле учурда Кыргыз Атадан бүгүнкү күнгө чейинки мезгилди камтып, бүгүнкү күндөн баштап келе турган келечекке санаркоо менен ой жүгүртүп, өз пикирин ортого салыш – бул акындын билим деңгээлине, көрөңгө-шыгына, ички маданиятына жараша болоору шексиз. Бул жерде акындын жарандык позициясы да зор маанига ээ. Мисалга, **«Кыргыз Ата жаралганда – жаралганбыз баарыбыз»** ж.б. бир катар ырларды келтирүүгө болот.

Манап Алиев кандай гана темада ыр жазбасын: Ата Журт, сүйүү же дүйнө-өмүр темасы болобу айта турган оюн сюжеттүү жыйынтыктап, «ар бир жалбырак өз алдынча шыбырагандай» башкаларды кайталабай, тууробай өзүнө гана таандык ыкма менен бере алат. Анын **«Жашыл көркүн дарак гана көтөргөн»** деген ырын окуп көрөлү:

Жашыл көркүн дарак гана көтөргөн,
кайран өмүр, арман катып өтөлгөн...
Дарак сымал бийик турсаң зыңгырап
сенден кыйып, эми кантип, өтөм мен?!

Күлмүндөгөн көздөрүңдө – көрк дүйнө,
көңүл сүйгөн калпак болуп – бөрк дүйнө,





сени көрүп калган үчүн – арман жок
сени көрүп турган үчүн – өрт дүйнө.

Же **«Тоодой сүйүү – кимге болсун сыйгыдай»** деген ырындагы төмөндө келтирилген саптардан деле акындын айтылчу ойду мурда кайталанбаган формада же башка түс, башка ыкмада айтып, поэзияда өз дүйнөсүн жаратууга аракеттенгени байкалып турат:

Терек эмес, кыйгыдай..,
кыял эмес, тыйгыдай..,
тоодой болгон ак сүйүү
кимге болсун сыйгыдай.

Тосуп тосмо кургудай,
дайрач эмес, бургудай..,
кимди болсо, – ак сүйүү –
«ак» ургузуп, тургудай.

Мындай акындык изденүүнү кубаттоо гана керек. Ал эми Манаптын «Сулайман пайгамбардын ырларынан» Лев Толстойдун «Ымандай сырына» чейинки аралыкты камтыган мезгилде коомдун аталышы өзгөргөнү менен, адамдардын насил-наркы таптакыр өзгөрбөстөн калгандыгын поэзиянын тили менен окурманга айтып берип (**«Күкүк» багып учурган, кыргыз, муңбай өткүн учурдан, кыргыз»**), же Батыш менен Чыгыштын поэзия-

сынын «көчөттөрүн» акындык чеберчилик менен кыргыз топурагына, кыргыз кыртышына отургузуп, андан жыйынтыктуу майнап чыгарганы, жалпы адамзат темасын, адамзат көйгөйүн өз ырларына өзөк кылып алганы, поэзияда масштабдуулукту карманганынан кабар берет. Мисалга кайрылалы:

Абак болуп ушундай,
Адам Ата тушундай:
нур бейиштен куулган
алмасын жеп мушундай...

Пенде жашап ушундай
ийне, мыктын учундай:
өз кудайын* өлтүрүп
«өзүм» деген учурдай.

Канкордугу кетпеген,
камкордугу жетпеген,
жарга такап жашоосун
анткорлугу кептеген...

Адам жашоосунун көйгөйү ушул. Жогоруда аталган ырдан келтирилген бул саптар аркылуу автордун окурманга айткысы келгени – ким болбо, кайсы улуттан болбо – баары бир турмуш түйшүгүн бирдей тартып,

*Ыса пайгамбар ж.с. б. ж.





бирдей жер үстүндө жашап, тилибиз, дилибиз, динибиз ар башка болгону менен «Адам» деген атыбыз бар экендигине тоон кылып жашайбыз. Ушул тема **«Күйгөндүн сөзү»** аттуу публицистикалык поэмасында кенен-кесири көтөрүлүп, өзүнчө ыкма менен терең ачылган.

«Өмүр» деген дагы бир ырына назар салалы:

Буюккан – курган өмүр;
суу куйган – кумган өмүр;
чындыгын, чынын айтпай
эх, көзүн жумган өмүр;

...бети «көө» – кара көмүр,
көөнөдөн калган өмүр;
көзү «чөө» – бети «түктүү»
ушундай, жалган өмүр;
үздүгүп, жанын үрөп
жутунган – жуткуч өмүр;
... тойсо да , көзү тойбой.., –
болгону, – «туткуч» өмүр...

Мында айтылчу ойлор омоктуу айтылат, мында сөздүн сүрөтү. Болгондо да жандуу сүрөт. Ушул саптар аркылуу кайран өмүрдүн очок башынан – оттон кетпеген, болгону «туткуч» болуп гана күн көргөнүн автор окурманга элестүү айтып берүүгө жетишкен.

Жыйынтыктап айтканда – «Жан күйөөр...» аттуу бул жыйнактагы айрыкча Кыргызга, Ата Журтка арналган ырларына автор өзүнүн жан дүйнөсүн жууругандай сезилет, ал тургай жүрөк кагышы, алган деми угулуп тургансыйт.

Ал эми жарык көргөн ар бир жыйнактын, ал кайсы акындыкы болбосун, автордун гана ийгилиги болбостон, жалпы окурмандын энчисине айланары талашсыз. Анын калыс сынчысы окурман.

Анда эмесе **«Жан күйөөр...»**дүн окурманга жетчү жолу чукул-тез жана ийгиликтүү болсун!

***Сүйүнбай ЭРАЛИЕВ,***

*Кыргыз Республикасынын Баатыры,*
*Кыргыз Эл Акыны,*
*Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты.*







**«КҮКҮК» БАГЫП УЧУРГАН, КЫРГЫЗ,**
**МУҢБАЙ ӨТКҮН, УЧУРДАН, КЫРГЫЗ.**

## НУРДАН БҮТКӨН КЫРГЫЗСЫҢ

«Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Айың менен Күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй...»

*«Манас» эпосунан*

Касиеттүү Манас Атанын
ыйык атындагы
«ас» деген акыркы муунду,
«ман» деген биринчи муундун
алдына коюп окуганда – Ас-ман.

*Укkан сөз*

Нурдан бүтүп эл болгон,
**Манас** түтүп бел болгон:
демин кыргыз жоготуп
кезин күтүп.., дел болгон.

Кыргыз жери эм болгон,
Барсбек каган дем болгон,
кыргыз көчүн улантып
кыргыз кимден кем болгон?!

«Уулум» деген – «уландар»,
«нурум» деген «нурландар»,
кунун сурап кууланып
«пулум» деген кургандар...





Семетейлер Семейде,
Күлчоролор, демейде,
күл чыгарып күйпөлүп...
Канчоролор жемейде...

Анжияндан, Алайдан
Адигине, Тагайдан
жоготконун жоктошуп
жолун улап далайдан:

Өттү күндөн – азаптан,
нечен түндөн – казаптан,
кыргыз өсүп жетилген
кан төгүлгөн – казаттан.

Көктөн бүтүп эл болгон –
көргүн, **Манас**, дем болгон...
Кыргыз, бүгүн, момоорун
кыргыз, бүгүн, дел болгон.

Ас-ман – Манас, жөн эмес,
тамыр жайып өн эмес,
аздап көнүп, күн өтөп
эптеп жашап, көн эмес...

Тегиң тектүү каралган:
тамыр жайып таралган,
Теңир сүйгөн кыргызсың,
Теңир колдоп жаралган.

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ № 473071
ОТДЕЛ ГОРОДСКОГО АБОНЕМЕНТА

## МАНАС БИЗДИН АТАБЫЗ

Түптөп жолун кураган,
кыргыз көчүн улаган,
шаасы чыгып дүңгүрөп,
жашы болду кулаган...

Канат күүлөп талбаган
куштун изи калбаган..,
чапкан сайын нар кесип
чапсаң мизи жанбаган:

алды кетип Урумга,
арты жетип Кырымга, –
кыргыз көчүп тараган –
азы калып ырымга...

Элин жыйып – эл кылган,
эрин жыйып – бел кылган,
көтөрүлүп көпкөнүн
**Манас** тыйып – дел кылган:

Ата жери – Анжиян
«алам» деген эмеспи,
Алоокеден бошотуп
«калам» деген эмеспи,

Ала-Тоосун көргөндө
«салам» деген эмеспи,
эңсеп келген Алтайдан
«балаң» деген эмеспи,





ордо куруп Таласка
турак көргөн эмеспи,
ошо кезин жетилген
курак көргөн эмеспи...

Түптөп жолун кураган,
кыргыз көчүн улаган
шаңы болуп ушундай
жашы болду кулаган:

Гүлдөп турган күн өттү,
үндөп турган үн өчтү..,
мүңкүрөтүп муң басып
муунап турган түн өттү.

Тегиз көрүп тең салып
бузулганын кураган,
келечегин кең салып
үзүлгөнүн улаган:

Анжияндан, Алайдан
Адигине, Тагайдан
улап жолун – улантып –
кичирбеген далайдан –

күндү көрүп жатабыз
неге, башты катабыз!?
Ар-намысты көтөргөн
**Манас** биздин атабыз.

## ТИРҮҮЛҮК – ДЕҢИЗ, КЫРГЫЗДАЙ ЧӨКТҮРБӨС БАКТЫҢ – «КЕМЕҢ» БАР

Түндүгүн түндөп түргөн бар,
күндүгүн үндөп үргөн бар,
эсирип элин «мырка»* деп
эсинен кетип жүргөн бар.

Казабын артып салган бар,
азабын тартып калган бар,
өлбөстүн күнүн өткөрүп
өзөгүн жалгап – алган бар.

Жик коюп жиктеп бөлгөн бар,
ник тоюп тиктеп «өлгөн» бар,
жалаакор болуп жан багып
касамкор болуп көнгөн бар.

Калкым деп түтөп күйгөн бар,
журтум деп күчөп сүйгөн бар,
кылымдын ишин бүткөнсүп
кабагын чытып түйгөн бар.

Күйгөнсүп «элим» деген бар,
күйгүзүп элин жеген бар,
ой жетип, колуң жетпеген
бардыгын чечип «эгең» бар.

* Шаардык кыргыздардын айылдыктарды Мыркынбай деши.





Байлыгым – бактым деген бар,
билинип чактың – «жемең» бар,
тирүүлүк – деңиз, кыргыздай
чөктүрбөс бактың – «кемең» бар.

Өзүнөн кетип көпкөн бар,
ооз тийген жерин өпкөн бар,
чоң болуп жүрүп чокчоңдоп
чомураң кетип чөккөн бар.

Өз күлүн үйбөс, шамал бар,
күйдүргүн күйбөс, амал бар,
арамдын изин баспаган
сүйдүргүн сүйбөс, адал бар.

Чачылып тозуу – күлдө бар,
ачылып озуу – гүлдө бар,
ынтымак, ырыс жеңчүүдөй,
кыргызды кыргыз үндөп ал!

## АТА ЖУРТУҢ ЖАНЫНДАЙ

Ата Журтчул намыс күчөп ар деген
атың турса: «Ачык мүнөз шар» деген, –
кандай жакшы, эл оозунда айтылып, –
«жалгыз жандын жан күйөөрү бар!» деген.

Сая болсоң – кыйылбаган даректай,
ырга толсоң – ыр жазылган баректай.
Колдон өтүп ким болбосун урунган,
боло көрбө (!) – кызмат кылып жарактай.

Денең жылып, жүрүп турган каныңдай,
ыйык туткан Ата Журтуң жаныңдай:
Кеч бар бекен, Ата Журттун кечиндей?!
Таң бар бекен, Ата Журттун таңындай?!

Элиң бары – күйгөн оттун табындай,
жериң бары – жүрөгүңдүн кабындай!
Элдин бары – көрүп турган көз болуп –
намыс-ары – карегиңдин агындай.

Ата Журтчул намыс күчөп ар деген,
кандай жакшы: «Жан күйөөрү бар!» деген –
атың чыгып, атың турсун айтылып,
«аталардын пейлин күтүп – шар» деген.





## ЭЛИ БАРДЫН КУТУ БАР

Күлүк таптап минбеген,
куштун сырын билбеген
болбос ишке баш салып,
болбос ишке «кирдеген»,

жашоо өзү – бир деген,
жашоо күнү – миң деген,
«куюшканга кыпчылбай...»
өз жашоонду бил деген,

күндү көрүп жатабыз,
күнүн күчөп катабыз
бай болушун тилеген
көбүн чыгып батабыз...

Жүрүп өздөн жат чыккан,
жашып көздөн жаш чыккан,
сагынгандан атасын
сагыр ыйлап жаш сыккан...

– Ыйман кайда? Эл кайда?
– Таш төгүлүп, сай-сайда...
– Намыс кайда? Эр кайда?
– Эр бөлүнүп ар жайда.

Күнгө Күндүн кереги
эч болбогон – Күн үчүн,
элиң керек береги
эч болбосо сен үчүн.

Эли жоктун «жуту» бар,
эли бардын куту бар;
куш сыяктуу уяга
коно турган буту бар.







## ЭЛ ДЕГЕН КЕНЧИҢ – ЭЛ ЭКЕН

Кыйылган дарак – как болуп,
айыккан жараң – так болуп,
ак жерден «күйүп» чалынып
камалган жаран – дак болуп..,

сайдыкы сайга куюлган,
туу чоку бийик туюлган,
туурда конуп жашайсың
тузуңду татып буюрган:

Аптап бар – жайда муунаган,
чилде бар – кышта зуулаган
ак дилиң ыштап кирдетип
турмуш бар – тышта уулаган...

Сүйлөсөң эргип – сөз чыкпай,
шилтесең ыргып – көз чыкпай,
кабылсаң калып балээге
кайышып күйүп – өз чыкпай,

бардыкы – барман турбайбы,
жоктуку – арман турбайбы,
«элим!» деп сүйлөп эритип
эр сөзү – жалган турбайбы...

Эл деген кенчиң – эл экен!
Эл акын жеген – эр экен..,
жакшы атың элге калтырып
мандайдан төккөн – тер экен.

## ЭЛ УШУЛ

Жазымыш-жазык «кайырба»?!
Жараткан элден айырба?!
Бир болуп жакшы, жаманы
болгону кадам, айырма.

Айкөлдүк элде, башынан
бактысы толуп ташыган:
**Манасын** берген – эл ушул –
Саякбай айтып жашыган.

Айрылбай насип-ашынан
баатыры чыгып жашынан:
Барсбегин берген – эл ушул –
үн чыгып үндөп ташынан...

Жазымыш-жазык «кайырба»?!
Жараткан журттан айырба?!
Башыңа далай иш түшүп
өмүрдүн жолу кайырма.

Болбосун, менде, болбосун...
Журтумду Кудай колдосун,
комузун, кыргыз, колго алып
комузун, кыргыз, толгосун.





## КЕБЕЛБЕГЕН ЖООЛОРУҢ

Барган сайын жаш карып,
жүргөн сайын ат арып,
кысылгандан кысылып
бара жатсаң, сен, тарып..,
эсине албай мунуңду
«алдым-жуттум» деп айтып,
күнүмдүккө кул болуп
«эстүү» чыгып балдарың:
ой-тилеги пул болуп
далдаланып мансапка
башын катса жашынып..,
кош капшытың аңгырап
ойлойсуңбу, Ата Журт,
сага күйгөн ким барын?!

Буулугушуң – Ысык-Көл,
кейигениң – тоолоруң,
күнүмдүгүн ойлошуп
кебелбеген – жоолоруң...

## АТАНЫН УУЛУ – СЕМЕТЕЙДИ ЖОКТОО

Кайран Манас өлгөндө
Манастан калган дүйнөнү
Абыке, Көбөш алты арам
Кечээ, камчыга ченеп бөлгөндө* ...
Жанын сактап «сагызган»,
тил эмизип жагызган,
сөзүн сүйлөп «алты арам»,
отун үйлөп тамызган –

шылуундарга, шылдарга
ошондогу кайрымсыз
шымаланган жылдарга
эгиз эмес, Семетей,
тегиз эмес болуучу,
Кан Манастан бир жалгыз
сегиз эмес болуучу,
«алты арамдай» былчыйган
семиз эмес болуучу,
боор толгоп элине
эгиз болгон, Семетей,
жерин коргоп кыргызга
тегиз болгон, Семетей,
мөрөй утуп тапталып
күнүн сууган, Семетей,
намыс алып баш сайып
белин бууган, Семетей,

* Саякбайдын айтканы боюнча





жолун жолдоп атанын
кегин кууган, Семетей,
атпай кыргыз журтуна
тегиз тууган, Семетей...

Кайран Манас өлгөндө
Манастан калган дүйнөнү
Абыке, Көбөш алты арам
Кечээ, камчыга ченеп бөлгөндө ...
Жанын сактап «сагызган»,
тил эмизип жагызган,
сөзүн сүйлөп «алты арам»,
отун үйлөп тамызган –

шылуундардай, шылдардай
ошондогу кайрымсыз
шымаланган жылдардай...
Колтугуна душмандын
кирген эмес, Семетей,
жерин сатып бактысын
курган эмес, Семетей,
өз журтунан ат башын
бурган эмес, Семетей,
баш урунуп Коңкого**
кулдук уруп ийилип
турган эмес, Семетей,
аскар болуп, тоо болуп
калкар болуп, коо болуп
урабаган айбаттуу

** Коңурбайга деген мааниде.

улар учкан зоо болуп,
атпай кыргыз журтунун
бели болгон, Семетей,
ысыгында сергитип
жели болгон, Семетей,
үндөп турган эргитип
деми болгон, Семетей,
казса короп бүтпөгөн
кени болгон, Семетей,
басса жолун түптөгөн
мууну болгон, Семетей,
ал кыргыздын чыныгы
уулу болгон, Семетей.







## ӨЗҮ ҮЧҮН КҮЙҮП, ЖАШАГАН ЭМЕС, СЕМЕТЕЙ.

Байлыгым – бактым, байыдым дешиң эбептей:
буйругун көрүп, жашашың болуп себептей
сыналып өмүр, сыналып көрүп жазыгын
берилген өмүр, берилип тартуу белектей.

Керегин ылгап, «кебегин» бөлүп электей:
берилген өмүр, – берилип тартуу белектей,
бактылуу болуу – баалаган элдин колунда –
бактылуу болуу – желбиреп туруу желектей.

Кайыгып өмүр, кайыгып жашап чебектей,
сайылып өмүр, сайылып шишке кебектей...
Күн санап күчөп, күчтөнүп турса жемекей,
өзү үчүн күйүп, жашады беле, Семетей?!

Башынан болуп – эзилип эмчек эмекей,
эзелден болуп – эңилип жерден эңекей,
күн санап күчөп, күчтөнүп турса жемекей,
өзү үчүн күйүп, жашаган эмес, Семетей!

Бактылуу болуу – желбиреп туруу желектей,
ыйыгың журтуң, ыйыгың болуп керектей.
Бактылуу болуу – жок десе, Мекен желине –
бактылуу болуу – ыргалып туруу теректей.

## КЫРГЫЗ ҮНҮ – САЯКБАЙ

Кан Манастын кадырын
«уучтап» билген, Саякбай,
көшөгөсүн көөнөнүн
туштап илген, Саякбай,
көрөңгөсүн кыргыздын
куштап билген, Саякбай...

«Бай», «кедейин» замана
ылгап.., кудай урганда...
Тап катары «Манасты»
«жоёбуз» деп турганда:
– Алда, кокуй, заман (!) – деп –
түбү болсун, аман – деп –
кезең келсе, – шор катып,
нени баспайт, таман – деп,
тургандарга «ыркырап»
чынын айтып – чыркырап –
чымын жаны быркырап:
«Кыргыз үчүн баркы бар,
уюп жаткан наркы бар,
силер айткан «Маната»:
«Бай», «кедейи» – жалпы бар,
кыргыз баштан кечирген
баян – деген Саякбай, –
көзгө турган көрүнүп
аян – деген Саякбай, –
кээси болот ар иштин,
«ээси» болот ар элдин
кесир кылып албайлы,





кыргыз уулу – Манаска –
таян!» – деген Саякбай.

Үргөндөргө теңелбей,
тоодой болуп кебелбей –
толкун жарган кемедей
калкып турган, Саякбай,
кыргыз болуп калганга
балкып турган, Саякбай,
«Манас» айтып төгүлүп
эргигенде, ээ бербей,
чалкып турган, Саякбай:
Чоң Казаттын омогун,
Каныкейдин жомогун,
өздөн чыккан – жат жаман
«алты арамдын»* домогун..,
сыдыргыдан өткөрүп,
айтып турган, Саякбай,
Чоң Казаттан «бөксөрүп»
кайтып турган, Саякбай...
Кыргыз барын туу тутуп,
кыргыз үчүн «уу» жутуп:
– Журтум, кыргыз, өлбө – деп –
журт энчисин бөлбө, – деп –
зордугуна душмандын
башынды ийип, көнбө! – деп,
Күнү бүтүп, – күйүт күч
мөгдөп-чөгүп кыргыз бүт
кайран, Манас, өлгөндө –

---

* Манастын күнүлөш туугандары Абыке, Көбөштөр жөнүндө

ыйлап турган, Саякбай,
кайгысынан өз жанын
кыйнап турган, Саякбай,
«Манас» барын кыргызда
сыйлап турган, Саякбай,
ак мээнети өтөлүп,
кыргыз арын көтөрүп
«булап» турган, Саякбай:
«Эзелкинин салты» – деп,
«ата-баба баркы» – деп,
эски менен жаңыны
улап турган, Саякбай;

арбап турган кыймылы,
атпай журттун сыймыгы, –
кыргыз үчүн бир келген –
жараткандын сыйлыгы;

күндү күтүп жарыткан,
далай жолду арыткан
кыргыз үнү – Саякбай, –
сан кылымды карыткан...





## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ

Кыр кезген элди – кыргызды,
санасак көппү, «жылдызды»?
«Атанын уулу» деп ушул,
атасак төппү, – Чыңгызды?!

Көтөрүп «көккө» кыргызды,
жылдызга кошсо, – жылдызды,
«кыргыз» деп таанып дүйнө эли,
«кыргыз» деп билген – Чыңгызды.

Калдайган караан көктө эмес,
калдайган караан элде эле,
артынан сүйлөп «мыңк» деген
айрымдар, кургур, пенде эле...

Калдайган караан – Чыңгызың –
асманда күйгөн жылдызың:
Кай жерде, кантип жүрбөсүн,
көңүлдө баккан кыргызын.

Келгенде сөздүн кыябы,
айтуубуз керек, сыягы..,
ойлору турса чалкытып
ааламга Чыңгыз сыябы?!

Болгондур болсо.., кыябы,
көрө албас пенде, сыягы..,
«Кылымга тете бир күнүн...»
колунан келсе, – тыябы?!

Айырып оокат-корунан,
бошотпой кармап «торунан» –
атасын аткан Чыңгыздын –
чыгарбай камап «орунан...»:

учуру турса – «куурулуп..,»
камырдай ийкем жуурулуп,
азамат, Чыңгыз Айтматов! –
Замандан чыккан суурулуп.

Кыр кезген элди – кыргызды,
санасак көппү, «жылдызды»?
Атообуз керек: «Ата» деп
айтканым төппү, – Чыңгызды?!





## АБА КАЛДЫ САТЫЛБАЙ

Өз көргөзүп дүйнөнү, –
көз көргөзүп жалганын:
баштан кечип көрөбүз
башка түшүп салганын...

Багы барды бапестеп
багып алган, дүнүйө,
баш бербеген жининди
кагып алган, дүнүйө.

Багы жокту басмарлап
«баса» калган, дүнүйө,
ат жалына казанын
аса калган, дүнүйө...

Асыл баркы кыргыздын –
насыл-наркы Чыңгыздын,
«журтум аман болсун» деп
жашын тилеп жылдыздын:

Бата калды катылбай,
аба калды сатылбай,
турган бийик ар-намыс –
калган кийик атылбай.

Шүгүр, буга канимет
аз болбойбу, каниет?
Кыргыздыгын көтөргөн
кайда, бүгүн, ариет?!

Пайда көздөп ашынган,
пайдалууга «кашынган»,
тукум баскан тооктой
уул-кызың жашынган...

Улар учкан тоолордун
улуулугун ашырган,
айланайын, Ата Журт,
Кан Манасты жашырган.

Ак кар баскан тоолордун
асылдыгын ашырган,
айланайын, Ата Журт,
Алп Манасты жашырган.

«Кыргыз» деген атың бар,
«Чыңгыз» деген затың бар,
чынын айтып чыркырап
«чындык» деген датың бар;
колдо баарын баалабай,
жылуу сөзүн каалабай
жеткен акыс, жүзү жок
тике багып даалабай,
ичтен бузган «жатың» бар.

Айланайын, Ата Журт! –
Сен ыйыксын, бийиксиң
бойго катып жашырган
чимирилген ийиксиң.





Мөңгү баскан тоолордун
ыйыктыгын ашырган,
айланайын, Ата Журт,
көзү өткөндү жашырган –
чимирилген ийиксиң,
чындап, Мекен, бийиксиң!

## ӨЗӨГҮҢДӨН ӨРТҮҢ КҮЙҮП ТУРАСЫҢ!

Көздөн жашың кулабасын, куласын (!) –
көктө булут жайып жылып буласын..,
өкүндүргөн өкүнүчтүн оту уруп
өзөгүңдөн өртүң күйүп турасың!

Сыртың толук көрүнгөнсүп – мол туруп,
алгың келип «бөксөргөнүң» толтуруп, –
жашап өткөн өмүр жолуң тескейсиң,
ичтен күйгөн өкүнүчтүн оту уруп,

өзөгүңдөн өртүң күйүп олтуруп,
алгың келип «төгүлгөнүң» толтуруп, –
өксүп өскөн өксүк кезиң эстейсиң –
өкүндүргөн өкүнүчтүн оту уруп...

Тагдыр кышы эрте түшүп.., шар буруп
кетпей турган музу тоңуп, кар туруп
калган элең «тирүү жетим» аталып
атаганат, атаң жашап бар туруп...


Туулгандан туткун болуп тутулуп,
куу турмуштан кетип көргүн, кутулуп
кете албайсың! – Мамык көрүп – буласын
аздап көнүп, актай көрүп – куласын...

Бир өмүрдүн миң түйшүгүн көтөрүп,
бир өмүрдүн миң кайрыгын угасың...
«Төгүлгөнүн» өмүрүндүн толтуруп,
«үзүлгөнүн» – жолуң болуп уласын.





Көздөн жашың кулабасын, куласын! –
Көктө булут жайып жылып буласын..,
өкүндүргөн өмүр өтүп, өксүтүп
өзөгүңдөн өртүң күйүп турасың!



## АТА ЖУРТУМ ЫЙЫК БОЛУП КЫЙБАГАН

Өзөгүмдөн өзөн, төрүн өткөргөн
өскөн жердин өскөн чөбүн – өз көргөн,
өзгөрбөгөн өзгөлүгүн өзүмсүп
өз элимдин өз экенин – көз көргөн:

Ата Журтум ыйык болуп кыйбаган,
ага батып, ага кимдер сыйбаган?! –
Колдогусун боктоп «күнүм» кор тутуп,
жоголгонун жоктоп «үнүм» ыйлаган.

Өз пайдасын өздөй көрүп – өзгөргөн,
«өз» дегендин далай көбүн – көз көргөн..,
өскөн жердин өскөн чөбүн «өз» көрүп
өзөгүмдөн өзөн, төрүн өткөргөн:

Ата Журтум ыйык болуп кыйбаган..,
ага батып, ага кимдер сыйбаган?! –
«Эл!» дегенин тери ийлетип темтейтип,
эл «жегенин» эл бийлетип сыйлаган...





## КЕТ БУКАНЫН « САК БОЛУ»

Өз түтүнүн булаткан –
өз түндүгүн кулаткан,
өз жебесин узаткан –
өз энесин сулаткан, –
маңкурт эмей, эмнебиз (?)
кармап турса желмебиз –
камгак эмей, эмнебиз (?)
ооздон түшүп келмебиз
мансап үчүн жинигип
баштан ашып делбебиз
калат, биздин, эмнебиз (?)
түбүң түшкүр, дүнүйө,
түбү келип пендебиз...

Түңүлгөндөн айтпадым,
«үңүлгөндөн» байкадым.
Кет Буканын «Сак болун»
«күйүнгөндөн» айтканым:

Көк-Кыянын кыясын –
кыян жууган, Кет Бука,
көгүчкөндүн уясын –
зыян бууган, Кет Бука,
басып жаткан тукумун –
«жылан» тууган, Кет Бука,
көңүл калып суушкан,
колун үзүп «жуушкан»,
тууган эмес, туушкан –
айлык * тууган, Кет Бука,

* Бир айлык алына турган маяна жөнүндө сөз.

заман келди ушундай
байлык кууган, Кет Бука.

Жууп турган кыяндын,
бууп турган зыяндын,
кези келди – Кет Бука –
тууп турган «жыландын».

Кулу болгон – пулдуунун,
тулу болгон – кундуунун,
кезең келди – Кет Бука –
наны болгон – ундуунун.

Алыс-алыс замандан
аяндаган, Кет Бука,
азыркыны көргөндөй
баяндаган, Кет Бука.

Кеңирсиген дүйнөгө
сыя албаган, Кет Бука,
жамандыкка өз журтун
кыя албаган, Кет Бука.

Торко болсун, турпагың.
Ушул, бүгүн, урпагың...
Кыргыз тапкан өзүңдү
кызып-кызый чуркагын.





## КУНДАН КУРГАН ДӨӨЛӨТҮН

*(Азыркы Асан Кайгынын санаркоосу)*

Дүйнө тарып сыйбаган,
тулпар көрүп кыйбаган:
куу баш көрүп талаадан
куу баш көрүп ыйлаган...

Эч кадиксиз ою бай,
кадим, дулдул ноюбай,
кандай жашап жүрдү экен
кайран, досум, Толубай?

Ырдап ырдын соңунан
комуз түшпөй колунан,
Кызыр даарып шык берген
Кызыр чыгып жолунан:

Ырын төгүп жайнаткан
кызыл тилин сайраткан,
«томук» жутуп кантти экен,
Токтогулум, кайратман?

Шайын алып кетирген,
шаңын айтып эсирген
күнгө түтүп – күн көрүп
күйгөн өмүр кечирген:

Бектин көрүп неченин,
сөздүн айтпай «печелин»
кандай жашап жатты экен
Жейренчедей чеченим?

Журттун атын нарк кылган,
үрп-адатын барк кылган,
жоомарттыгын карматып
карып башын карк кылган:

Кандай күндө турду экен (?)
кайсы күндү көрдү экен (?)
журт жоомарты – Атантай
кандай жашап жүрдү экен?

Көрүп жашап жалганды
көрүп турган – көз жалган,
байыртадан бааланып
байыркыдан сөз калган.

Бизге чейин «сөз» болгон,
бизге чейин «бөз» болгон,
бизге чейин «жат» делип
бизге чейин «өз» болгон.

Дүр-дүнүйөң дүң салып
түк илээшпей жумалак,
көзүң барда көрүнүп
көзүң өтсө – кумалак...

«Каниетин» айтпаган
тирүүлүктүн күнүнө:
Ата менен баланы
ачы калган, дүнүйө,





ыркыратып туугандын
ыркын бузган, дүнүйө,
акыр жетип түбүнө
башын жуткан, дүнүйө...

Өтөөр-кетээр дүнүйө
тойбос көзүн тойгозуп
кимге жетээр, дүнүйө,
кимди салып тозокко
кимге келээр, дүнүйө,
ширин даамын татытып
кимге шекер, дүнүйө,
оозу чайды «кайнатып»
кимге бекер, дүнүйө...
Сары изине чөп салып
сая түшүп артынан
башын сайып – баш жарып,
эч ким жеткис, түбүнө,
аягы жок, башы жок
алдас урган, дүнүйө...

Кайран, досум, Толубай,
Жейренчедей чеченим,
тоо булбулу – Токтогул,
Атантайдай «чечегим»,
айттым акыл аздырып
түпкү атабыз белегин;
жыкпай ыргап желегин
салт-санаасын сактаган
элдин бизге керегин...

Айттым акыл аздырып
гөр-дүнүйө азгырып
кетпесин деп элимди
пул куудуруп жазгырып:
пулдан курбай сөөлөтүн,
кундан курган дөөлөтүн
албасын деп алмашып
жашап турган мөөнөтүн –
пулду коюп биринчи
пулдун ойлоп нөөмөтүн...

Айткан сөзүм – күбөлүк
кыргыз болсун, түбөлүк!
Кыргыз үчүн кан жутуп
кыргыз үчүн күйөлүк.





## «КҮКҮК» БАГЫП УЧУРГАН, КЫРГЫЗ, МУҢБАЙ ӨТКҮН, УЧУРДАН, КЫРГЫЗ.

*(Акун Токтосартовго)*

Шаңы кетип шак калган,
каны кетип так калган,
көркү кетип көйкөлгөн
барки кетип бак калган:
«Бөрк» ал десе, – «баш» алган,
көздөн сыгып жаш алган,
кайыш тилип жонуңдан
касам ичип – кас алган,
кайдан күйүп кайышсын
касын тигип – бу жалган?!

Кайсы доор келбесин,
«күкүк» багып учуруп
өзүң болуп дак калган..,
көчүң кыргыз, уланып
жолуң болуп ар заман,
кандай күндө калбагын
болгун, кыргыз, сен аман.

Күнүмдүгүң «аккан суу»
агып өтүп күндүгүң,
түпкүлүгүң турган туу
туу көтөрүп түндүгүң,
көпчүлүгүң «бурган суу»
чуу көтөрүп күндүгүн.

Ичи көндөй көрүнгөн
көбүктөнүп көбүргөн,

кул мүнөзүн таштабай
улук көрүп бөгүлгөн.

О, жалгандын пендеси,
ооздон түшүп келмеси
жанын сатып, жан кечип
калган, анын, эмнеси?

Жалгыз болуу башынан
бир Кудайга жарашкан,
пенде көнүп жашынан
алдуусуна жанашкан:

бай дөөлөтүн санаган,
бий сөөлөтүн самаган,
кулкун үчүн кул болуп
жан-дүйнөсүн «камаган»,

абак болуп ушундай,
Адам Ата тушундай,
нур бейиштен куулган
алмасын жеп мушундай...

Пенде жашап ушундай
ийне, мыктын учундай,
өз кудайын* өлтүрүп
«өзүм» деген учурдай.

Өзгөрбөгөн, өспөгөн
өз тагдырын «өкчөгөн»

* Ыса пайгамбардын чырымга керилиши жөнүндө сөз болууда.





алкын бузуп, агытып
көз көргөнүн көксөгөн.

Чынын айтсаң жектеген,
чын өчөшүп кектеген...
Чындык үчүн чыркырап
чындап азап чекпеген;

канкордугу кетпеген,
камкордугу жетпеген,
жарга такап жашоосун
анткорлугу кептеген...

Шаңы кетип шак калган,
каны кетип так калган,
көркү кетип көйкөлгөн
барки кетип бак калган:
«Бөрк» ал десе, – «баш» алган,
көздөн сыгып жаш алган,
кайыш тилип жонундан
касам ичип – кас алган,
кайдан күйүп кайышсын
касын тигип – бу жалган?!

Кайсы доор келбесин,
«күкүк» багып учуруп
өзүң болуп дак калган..,
көчүң кыргыз, уланып
жолуң болуп ар заман,
кандай күндү көрбөгүн,
болгун, кыргыз, сен аман!

## КЕЗИҢ КЫРГЫЗ, БОЛБОСО ЭКЕН, «УТТУРГАН»

Адамзатка сабак болуп Жетиген,
салтка айланып, санат болуп бекиген:
жети тыйын, жети нанын белендеп
садагасын санап берип жетиден,
өзүндөгү жети «жылчык»* бардыгын
айың көрүп, айтпай жашап экиден.

Адамзатка суу өмүрү өрнөктөй
өмүрүнүн көбүн түзүп – өзөгүн,
үнсүз үндөп жолдо турган көрнөктөй
куйсаң толуп, калпын кийип көзөнүн:
жамгыр болуп жаап түшүп кулаган,
булак болуп дарыяны кураган.

Кыргыз жери ойго салып – бу турган,
жазда – жашыл, күздө – сары кулпурган,
үнү бирге үн алышып табышып
дили бирге уюмдашып умтулган:
саясаттын «оюнунан» от чыгып
кезиң кыргыз, болбосо экен, «уттурган»...

---

* Адамдын эки таноосу, эки кулагы, оозу... ж.б. «жылчыктары» жөнүндө сөз болуп жатат.





## ӨЗҮҢДҮ ӨЗҮҢ ЖЕБЕГИН МАҢКУРТ БОЛУП «МАЙДА-Л-А-П»

«Мүңкүрөтүп улутту,
мукуратып курутту,
муңун, ыйын, убалын
кусур атып унутту;

жалтак кылып улутту,
арсар кылып курутту,
азаттыгын алты пул
арзан көрүп унутту;

«жайдак» кылып улутту,
айдак кылып курутту,
бок тердирип – тентитип
боккор кылып унутту...» –

**деген сөздүн бутасын**
**багыт көрүп тутасың,**
**канатың жок күүлөгөн**
**анан кантип, учасың?!**

«Булак куюп сай-сайга,
бай кошулуп бай-байга
карабаган, курусун! –
Калкын сурап, ал-жайга –

тараанчынын тобундай,
«бегиң» иттин тогундай,
эки миң жыл арасын
тепчип өтүп көзөгөн

элиң жаанын огундай! –
Табы дилиң жылытып
табылганын чогундай,
жетимсиреп, томсоруп
чөгүп **Манас** жогундай...

Өбөгү жок – сөйөгөн,
тирөөсү жок – таяган,
элден өөнөп жегендин
бирөөсү жок – аяган...

Билгин, элиң акыры
элдин болуп жакыры,
элин соруп «ноёнуң»
«энин» коруп жатыры...

Уккун, журтуң акыры
журттун болуп жакыры,
журтун соруп «оёнуң»
«жугун» коруп жатыры...» –

**деген сөздүн бутасын**
**эске түйүп тутасың,**
**канатың жок күүлөгөн**
**анан кантип, учасың?!**

Кыйкырбагын «кайда-л-а-п».
жутунбагын «пайда-л-а-п»,
элиң кургур, кенч эмес! –
Өөнөп жеген, «майда-л-а-п»,





эл тарыхы – эн эмес! –
Мөөрүн басып ургандай,
эл тагдыры – кен эмес
көөлөп казып тургандай...

эл дегениң – сен өзүң! –
Кыргыз элиң куралган,
мезгил өтүп, алмашып
муун келип уланган...

Сурабагын, «кайда-л-а-п»,
жулкунбагын, «пайда-л-а-п»,
өзүңдү өзүң жебегин
маңкурт болуп «майда-л-а-п».

## ӨСКӨН ЖЕРДИН БАЛАСЫН БАШ УРУНУП БИЙ КЫЛДЫК

Ата сөзү деп айтып
каада күтүп, нарк күтүп:
– Өтөгөндүн терисин
төрдө жатып ий, – дедик –
өскөн жердин баласын
үйдө жатып бий! – дедик.

Бий! – дедик да,
бий! – дедик
(пайдасы жок ийнелик)
урматына бийдин – деп –
сапка туруп жөөктөй
ырын ырдап бийледик,
«итке ыргыткан сөөктөй»
бекер куйган арагын
былчылдатып «ийледик»,
бий эмести белге уруп
бюллетенден чий» – дедик.

«Чий!» деп жатып темитип..,
өтөгөндүн терисин
көрмөсөктөп ий кылдык,
өскөн жердин баласын
көтөрмөлөп бий кылдык!

Мезгил койду ордуна
улуу менен кичүүнү
урматына бийдин деп
бекер арак ичүүнү...





«Төөнүн карды жарылган» –
күздүн соңу – кыш турду...
Бизди бийден калкалап
жан-жөкөрү жыш турду...

Айткан датың, муң жетпей
айткан сөзүң алты пул –
«арык аттап, суу кечпей»
айттык «мүлжүп» сөздү бул:

«Бий бийлигин жүргүздү,
аздап көбүн «күйгүздү»..,
аткарганы «аш» эмес,
«таш» чогултуп үйгүздү...

Кош саясат жүргүздү,
дөлөңгүтүн үргүздү,
жаңы куруп тургузбай
эски журтун сүргүздү...

Жанын сатып ашынды,
жашоо кунун ашырды,
жең учунан жымырып
жеген пулун жашырды...

Эл! – дегени – жел сөзү,
тил эмизген – тел сөзү,
элге керек – бий эмес,
элге керек – бел өзү! –

Белиң гана, бел деген?
Очорулуп белиң жок! –
Демиң гана, дем деген?
Муунуң бошоп демиң жок! –
Журт абийири дегендер
жугун жуктап көөнү ток!...»

Сөзүң эмне? – Сөз кедик..,
арга куруп ой жедик,
анан туруп, бий-сийди
көтөргөндү гой! – дедик.

Айтылган сөз – үн кетип..,
бий көтөргөн – күн жетип:
– Башталышын той! – дедик –
баш айлантып отурбай
чогулушун гой! – дедик –

Атты ашууда алмашпайт (!)

далай сөзүн укканбыз
«самынына кирин жууп»
айтып, буктан чыкканбыз!
Бүгүн ниетин тындадык.
«Бүттү. Жетет. Болот» – деп
сөз – шамшарын кындадык...
Кана, эмесе жигиттер!
Ат жалына казанды
отун жакпай асалы,
ачуубузду чыгарып
арак менен басалы! –





деп дуулдап жулунуп
өтөгөндүн терисин
баш урунуп ий кылдык,
өздөй көрүп жагынып,
өскөн жердин баласын
көздөй көрүп бий кылдык!

## НИЕТИҢ – ДАЙРА ЖЕТПЕЙ КАЛГАН АРАЛГА

Чымчык деле, эмгектенип эрте-кеч
мамык төшөп салган менен уясын:
балапанын учурган соң – уяны –
унуткарып учуп кеткен... туясың.

Сен ойлонуп эл тагдырын турасың
Асан Кайгы тартып жүрөк тилинип,
өкүнөсүң, өксүп ойго тунасың
башты сайган заман «калпы» билинип...

Элге күйгөн «эрмен» эмес, эл уулу!
«Эрмен» элдин, жердин соруп ширесин:
эркин дуулап өскөн менен эсирип
«эрмен» элге сүт бербесин... билесиң.

Көз алдында дүйнө өзгөрүп кубулган
үнүң топко угулбай да угулган...
Ниетиң – дайра жетпей калган Аралга
токсон жерден тосмо чыгып – буулган.





## ЖАРЫГЫН КҮНДҮН ЧАЧПАДЫК

Ындының өчүп – үн уюп,
түнөргөн булут – түн уюп,
түйшөлгөн сайын нык басып
түгөткөн өгөп – күн уюп:

кадырын чандык ачканын,
кыныгын алдык акчанын
алданып... алдап жан кечип
каргышын алдык канчанын?!

Кечүүсүн күндүн сан кечтик,
карганып... каргап кан кечтик,
артынан түшүп акчанын
алданып... алдап жан кечтик...

Карганган сайын ант урган,
актанган сайын «мант» бурган:
түлкүдөй заман түңүлтүп
түйшүгүн салган үңүлтүп,

түңүлтүп көөнүң – үн уюп,
түнөргөн булут – түн уюп,
түйшөлгөн сайын ныгырып
түгөткөн өгөп – күн уюп:

арамдан алыс качпадык,
алсызга кучак ачпадык,
жалганып... жалгап күн кечип
жарыгын Күндүн чачпадык,

кан жандап, кандан качпадык
карыпка кучак ачпадык,
алкышын алып канчанын
ак нурун Күндүн чачпадык!

Күнөөкөр издеп – үн – дедик, –
түнөргөн булут – түн – дедик,
түйшөлгөн сайын ныгырып
түгөткөн өгөп – күн – дедик.

Күнөөнү кимден издейбиз?
Эл жеген «эрин» сиз дейбиз,
кыябын кептин келтирип
күнөөсүз, тунук биз дейбиз.

Ындының өчкөн – үн-сөзсүз,
түнөргөн булут – түн «көзсүз»,
түйшөлгөн сайын ныгырып
түгөткөн өгөп – күн сөзсүз!





## ӨЗ ТИЛИҢ БОЛСУН, ИРИДЕ!

Күн чыгып үнсүз, убайсыз
жарыгын чачкан дем болуп,
арманың болуп айтпаган
бир тузуң турган кем болуп –

өмүрүң өксүп, кубанган
кулкунга жашап кул болуп,
күндөлүк тарткан түйшүгүң
көрүнүп көзгө пул болуп,

канча бир оюң ишке ашпай
тилегиң өлүп «таш капкан»,
жолоочу кезип ырларың
жолдогу үйгө баш баккан...

Акылың, ырың бир тыйын...
мансаптын жүрүп арааны,
түйшүгүн элдин көтөргөн
бар бекен эрдин карааны?!

Байыртан келген салт экен:
«Өтүкчөн сууну кечирип»,
сөз гана калып, башкасы –
какжырап, кажып-эскирип..,

оюңдан чыгып «кылт» этип
мансабың колдун кири де,
жөлөгүң – элиң бар болуп
өз тилиң болсун, ириде!

## ПАРА АЛГАНЫН ЖАКТАЙСЫҢ!

Намыс алган – эр! – дешип –
мөрөй уткан – шер! – дешип –
ким экенин ылгабай
соруп жуткан – жер! – дешип,

дуулап айткан, сөз эмне?! –
Куунап саткан, өз эмне?! –
Куурап... күндүн өксүгүн
көрүп жаткан, көз эмне?!

Болуп келген сөз дагы,
сатып келген өз дагы..,
куурап... күндүн өксүгүн
көрүп келген көз дагы...

Сыйың эмне? – бөгүлгөн..,
багың эмне? – «төгүлгөн»,
«тигишинен» ыдырап
тагың эмне? – «сөгүлгөн»...

Турмуш тартып тузагын,
жолдун басып узагын:
туз-насипти татасың,
көз жашыңды катасың...

Ыйың эмне? – жаш чайып,
күлкүң эмне? – кашкайып,
жыйнап алган жан үрөп
мүлкүң эмне? – баш сайып..,





ыйың өткөн – күлкүгө,
күлкүң өткөн – мүлкүңө:
мүлкүң үчүн жан кечип
пейлиң өткөн – «түлкүгө»...

Пайдаң үчүн мактайсың,
катышасың, каттайсың
кулдук уруп – кул болуп,
арам ишин актайсың:
«аксакал» деп – пул берип
пара алганын жактайсың!

## БАРКЫҢ БИЛБЕС НААДАНГА БАРЫҢ «ТЫЙЫН»

Өмүр – мейман, өзөгүң – агып дайра,
өкүнүчүн өксүтүп – тагып кайра..,
өз элиңдин өксүгүн көргөн менен,
өз жериңдин өздүгү – жагып кайра,

аппак кылып, агартып аралыкты,
ороп-чулгап кар басып каралыкты,
ак-карасын ылгатып айтып турган
ак, карадан ай-күнүң жаралыппы?

Айтыш кыйын, чынында, айтыш кыйын
кадыр билбес, нааданга, барың «тыйын»
жараткандын дилинде болуш үчүн
жалгыз жарың, кудайың – ага сыйын!

Мансап күткөн бардардын багын ойлоп,
пенде жүргөн көңүлдүн тагын ойлоп,
өз пайдасын өлгөндөн чыгаргандар
өкүнбөгөн өзгөнүн жагын ойлоп...

Аппак кылып, агартып аралыкты
ороп-чулгап кар басып каралыкты..,
ак-карасын ылгатып айтып турган
ак, карадан ай-күнүң жаралыппы?

Билиш кыйын, чынында, билиш кыйын
баркың билбес, нааданга барың «тыйын»
жараткандын жаадында болуш үчүн,
жалгыз жарың, кудайың – ага сыйын!





## ЭС – ӨМҮРДҮН ӨБӨГҮ

Аман жандын эш, жөлөгү эс болуп
жалгыз өксүп, өксүп басып жолунду..,
пайдаң тийип турса досуң көп болуп
мамилесин түзгөн карап колунду,

көптөрүнүн көңдөйлүгү тажатып,
ким бирөөнүн болгуң келбей «куйругу»,
чоң кеменин чоңдой болуп сүзгөнү
чоң жегендин чоңдой болуп буйругу..,

зор сыноодон жашап өтүп... түт деген,
өз атасын омуроолоп күч деген:
орустардын айткан сөзүн эстейсиң
«жараткандын сүйгөн саны – үч» деген.

Жакын болуп жан-дүйнөңдүн жөлөгү
жалгыз болуп эс — өмүрдүн өбөгү,
Ата Журтуң, элиң турган эңсетип
толкуп келип, толкуп кетип бөлөгү...

Мөмөлөгөн дарак – оюң... жетилип
созгон менен жетпей колуң – бу кыска,
«сыныҥ калып, сырың түшүп «кетилип»
жашап өткөн өмүр жолуң – бу нуска...

Алтын баштын эш, жөлөгү эс болуп
жалгыз өксүп, өксүп басып жолунду..,
пайдаң тийип турса тууган көп болуп
мамилесин түзгөн карап колунду.

## СӨЗДӨН МУРУН, «БӨЗ» – ДЕДИК

Ай-ааламдын жарыгын
чачып тийген Күн болуп,
аз өмүрдүн жарымын
басып «кийген» түн болуп:

Жеңе албайбыз – утулуп, –
кете албайбыз – кутулуп, –
турмуш жайган торунан
чыга албайбыз – тутулуп...

Сөздө – баатыр, иште – жок
шимшип жорткон чөө болуп,
кулкун үчүн куркуюп
жүк көтөргөн төө болуп:

элден мурун, «өз!» – дедик, –
сөздөн мурун, «бөз» – дедик, –
көңүл алдап айтылган
азаттыгың «сөз» – дедик.

Моюл арча болбогон,
мөндүр карча болбогон
күндө жашап, күн кечип
жөлөк-арка болбогон:

атың кыргыз – бар болду,
көргөн күнүң – зар болду,
байкуш болуп Бакайың
төө кайтарып – кар болду...





## КУДАЙ УРГАН, ЖАСАКЕРБИ, БИР «АТЫҢ»

Пайда көрүп, турса күлүп сүйүнгөн,
чыгым чыгып турса чөгүп күйүнгөн,
келечегин ойрон кылып унутуп
күнүмдүгүн түйүн көрүп түйүнгөн,

жетим бойдон – жетим пейлиң жетелип,
жетим ойдон – жетилгенсиң «кетилип»,
жетегинен жетим ойдун чыга албай
жетим бойдон – жетимдигиң бекилип:

кекенесиң ичиң тарып тактыңа,
кекенесиң жаның арып бактыңа,
байкуштугун баса калып белгилеп
кекенесиң тегиң танып калкыңа,

карабастан көңүл бөлүп чаркыңа,
кекенесиң момун көрүп калкыңа,
өз элиңдин өз экенин өгөйсүп
кекенесиң жолбун көрүп салтыңа...

Учуп өткөн куштун изи калбаган,
чынын айтсаң сөздүн мизи жанбаган,
**Манасындай** уул берген эл ыйык!
Төрт миң жылын төрт айланып талбаган...

Нуска туткан, сенин, барбы санатың?
Уча турган, сенин, барбы канатың?
Бир «...ев»* менен бир «...еваны» пир тутуп
кудай урган, жасакерби, бир «атың»?!

---

* Мисалы, Акаев, Акаева дегендей мааниде

## ӨКСҮТҮП ЖҮРҮП ЖЫЛ АККАН

«Пара» деп күтүп баш баккан,
жанын жеп бүтүп каш каккан:
бардыкы – оңуп бар болуп,
жоктуку – жонуп жаш аккан...

Кычырап быжыр бырышпай,
чытырап өсүп чырыштай,
дегенин бегиң бербеген
жегенин катып тырыштай,

дүң түшүп, дүңкүп «күмүш үй»
дөбөтүн багып кутурат!
Каржалып, кажып «камыш үй»
карызын кантип кутулат?!

...Күндөрүн жалдап жыл баккан,
күдөрүн алдап кыл таккан
шанданып дүрмөт шаң менен
шанаңдап жүрүп жыл аккан,

тепселип өмүр – жол болуп,
теңселип өмүр – кор болуп,
басылып өмүр маң болуп
басынган өмүр – шор болуп,

өкчөлүп өмүр – таң аткан,
өгөлүп өмүр – муң каткан,
өксүтүп «үрүп» ит болуп
өксүтүп жүрүп жыл аккан.





өкчөлүп өмүр – жетилген,
өгөлүп өмүр – кетилген,
байларың байып «дүң» салып
заманың ушул, эсирген.

## ӨМҮР – ДАРАК КЫЙЫЛГАН...

*(Динара Асановага)*

Ысык чөлдөн турак алып аргасыз,
жашка толгон көзүң мұндуу ый катып..,
сен, турмуштан өйдө болдуң, миң өйдө! –
Жаралаган жүрөгүңдү «сыйкатып...»

Өрдөк эмес – «өрдөгү» бар турмуш бу:
дилиң көлдү самап ичтен сыздаган,
бу турмушка жанып кирип – өрт болуп,
атаганат, жанып чыкпай муздаган.

Бейиш көрүп, тоодой караан бел тутуп
балбылдаган Мекен, элдин – бардыгын,
бир өмүрдү чымырканып жашаш бар
көңүлгө албай кең дүйнөнүн – тардыгын.

Элдин барын өбөк көрүп, бел тутпай
калп атакка баш урунуп сыйынган:
«балтасы» бар мансапкордун колунан
өсүп турган өмүр – дарак кыйылган...

Ысык чөлдөн турак алып аргасыз,
жашка толгон көзүң мұндуу ый катып..,
сен, турмуштан өйдө болдуң, миң өйдө! –
Жаралаган жүрөгүңдү «сыйкатып...»





## МУРУНКУГА РАХМАТ!

Кел-келинин – келген кезин, учурун
эки кылып айткан сөздүн усулун,
удургутуп сөздүн кунун кетирип
унутушуп Ата Журттун кусурун..,

өз жашоосун ойлоп көрүп көк бөрү
өз төшөгүн «жаңыртышып» көпкөнү..,
тилин – пулга, дилин – кулга айлантып
өз пайдасын көздөп жашап көптөрү...

Туурдагы саяпкердин кушундай,
өз жашоосун баштан кечип ушундай, –
кыргыз уулу кыргыз үчүн күйбөдү
атаганат, кан **Манастын** тушундай!

Ак мээнети, ак эмгеги өтөлүп
Алыкулдар[1] Ата Журт деп «жөтөлүп»,
Абдыкадыр[2], Абдыкерим[3], Жусуптар[4]
жашап өткөн намыс туусун көтөрүп.

Рыспайлар[5] келечегин көздөшүп,
Атай[6], Муса[7] кыргыз элин – өз дешип –
муңбас элдин мундурбаган байлыгы
мурункудан мураас калган – сөз дешип,

ак эмгеги жүзү жарык өтөлүп,
Алыкулдар Ата Журт деп «жөтөлүп»
алып өткөн мурункуга рахмат! –
Жашап өткөн кыргыз туусун көтөрүп.

---

[1] Алыкул Осмонов, [2] Абдыкадыр Орозбеков, 3 Абдыкерим Сыдыков, [4] Жусуп Абдрахманов, [5] Рыспай Абдыкадыров, [6] Атай Огонбаев, [7] Муса Баетов

## АЛГАНЫН ТӨЛӨШҮҢ БАР

Күн өтүп күндөн-күнгө
кетирип зоболосун,
өзгөнүн көзүн карап
өзгө илип «томогосун»,

колдонуп күчүң алып
топчу үзүп.., бүчүң калып..,
заманың кайыр сурап
бергенин бүтүн алып..,

заманың жылдан-жылга,
түшүрүп зоболосун,
өзгөнүн сөзүн сүйлөп
өзгө илип «томогосун»,

турганын ойлоносуң,
түгөнүп тонолосуң..,
өксүгүң өмүр өтүп
өгөлүп жоголосуң..,

кантип, сен, оңолосуң?
Күн өтүп тонолосуң..,
кымбатың өмүр өтүп
«кетилип» жоголосуң...

Алдастап өзүң билбей,
«сыр – түшүп, сының – калып»,
жашоонун күүсү менен
агасың алас алып,





агасың.., жашың аккан..,
дүнүйөң, малың аккан..,
«тамырын, шагын» ойлоп
карманган «талың» акқан,

ишенген кожоң аккан,
«жөлөгүң-белиң» аккан, –
керт башын, өзүн ойлоп –
«өбөгүң-демиң» аккан,

жалгызсың.., жалгыз арман..,
жашаган күнүң жалган..,
эңшерген күнгө түтүп
эрмегиң элиң аман!

Жашайсың.., үмүт дейсиң,
жабыгып кайгы жейсиң,
түбөлүк коно турган
тууган жер, жайбы дейсиң?!

Толуп, же бөксөрбөгөн,
(сен угуп, көз көрбөгөн)
**Манастын** убагындай
дүйнө өзү өзгөрбөгөн...

Бир гана Манасың жок!..
Абыке, Көбөшүң бар..,
намысың колдон түшүп
алганын төлөшүң бар...

## УУГА САЛГАН УЧУРУП, КОЛГО ҮЙРӨТҮП КУШУНДАЙ

Өз пайдасын ойлогон,
элден өөнөп тойбогон,
элин ойлоп толгонуп
элге күйүп койбогон –

күндү көрүп ушундай
Жаныбектин[1] тушундай:
Толубайын[2] кор тутуп
көзүн ойгон учурдай..,

түштү көрүп, ушундай
Керейкандын[3] тушундай:
Токтогулун[4] кор тутуп
тилин бууган учурдай –

нарк болгонун элдеги,
кут болгонун жердеги
кусур атып унутуп,
жерин сатып курутуп... –

Кудаяркан[5] тушундай
томук жуткан ушундай,
күүдөн жанып комузу
күүлөнбөгөн учурдай,

[1] Алтын Ордонун доорундагы кан.
[2] Алтын Ордонун доорундагы көрөсөн инсан.
[3] Алтын Ордонун доорундагы кан
[4] Алтын Ордонун доорундагы көрөсөн инсан.
[5] Кокон каны.





ыйманын жеп «кемирген»,
жанын сатып семирген,
тар кечүүгө ат салып
тизгин кагып теминген, –

Никелейдин тушундай,
мүрү сынган күшундай,
минген аты мертинип
мүдүрүлгөн учурдай.., –

көргөн күнүң ушундай,
Сталиндин тушундай:
ууга салган учуруп
колго үйрөтүп кушундай.

Жашоо экен ушундай,
Жаныбектин тушундай:
Толубайын кор тутуп
көзүн ойгон учурдай..,

турмуш экен ушундай,
Керейкандын тушундай:
Токтогулун кор тутуп
тилин бууган учурдай...

## КААЛОО

Үнсүз үндөп төп болуп –
өсүп чыккан чөп болуп,
жолго чыгып жашагын, –
үзүп баскан көп болуп,

өсүп чыккын! – чөп болуп –
кырча баскан көп болуп,
адам болуш, оо, кыйын
айткан сөзүң төп болуп...

Бардар болуп – бай болгун,
белен болуп, шай болгун, –
досуң чачтан көбөйгөн –
коно турган жай болгун...

Достун досу билинген..,
далай жүрөк тилинген:
кадыр-баркың кийимдей
«эски» делип илинген...

Каалаганым – ким болбо?!
Кызыр болуп жолдогуң,
бозорбосун, өңү өчүп
кызыл болуп колдогуң!





## ОКУРМАНГА

Ыргайың өссө – топ болуп,
табылгың өссө – топтолуп,
кыялап, өтүп баратып, –
маани бер, буга, токтолуп...

Маани бер, буга, токтолуп
атылбай жөндөн... октолуп,
ынтымак элде жок болсо,
күйгөнүң бекер чок болуп.

Кыйырдан кырды караган,
чыйырдан жолду самаган:
пенденин пейли ушундай –
туягын малдын санаган.

Мекенге гүлдөй ачылдым,
күйгөндөн күлдөй чачылдым...
Издесең чыгам жолуңдан
саамга бир аз жашындым.

Издегин, изде токтолуп...
оюнда турсам жоктолуп,
баскан из, айткан сөзүң бар,
кетпеген, досум, жок болуп.

## КАРА-КУЛЖА

Туз буюруп, өмүр берип койгону
жылуу сезим демөөр болуп бойдогу,
жылып өткөн жылуулугуң жылытып
жылып аккан сууң жылып ойдогу,

жылып аккан каным жылып бойдогу,
жылып аккан сууң жылып ойдогу,
тигилемин дилде сырым дилдиреп
бир тал чөбүң ыйык көрүп жолдогу...

Жада калса, кумуң кымбат эшилген
канчалаган таман басып жешилген,
канчалаган заман кетип эсирген –
канчалаган алааматын кечирген.

Далай кечүү, далай суулар кечилген
ыр чынынан – сырын ачып чечилген.
Кыртышыңдан тамыр жайып дүпүйүп
чырпыгынан – чынар өсүп жетилген.

Ойлогондо, ойдо турган элессиң –
аскар тоолуу, адыр, жылга, белессиң:
өзөгүмдөн өтүп турган сызылып
өскөн айыл, өзөн сайлуу – Тенессиң*.

Кара-Кулжа! Кетсем кетем кыйылып...
Жети атамдын арбагына сыйынып,

* Жердин аты.





өзүң тургай, талың сүйкүм ыргалып
тамырынан өсүп чыккан жыйылып...

Туз буюруп, өмүр берип койгону
жылып аккан каным жылып бойдогу,
жылып өткөн жылуулугуң жылытып
жылып аккан сууң жылып ойдогу,
тигилемин дилде сырым дилдиреп
бир тал чөбүң ыйык көрүп жолдогу.

## ӨЗГӨН

*Өзгөн – баарынан озгон.*
*Эл сөзү*

Күл болуп тозгон кар бекен?
Өз колун созгон зар бекен?
Өз жолун өзү узартып,
Өзгөндөн озгон бар бекен?

Бийлигин көргөн Чыңгызкан,
зордугун көргөн Темирлан,
кордугун көрүп канчанын,
жебеген Өзгөн «жеңил» нан.

Калматай[1] чыгып кан болгон,
калыстан калыс жан болгон.
Жамбы атып Жаңыл[2] түшүрүп,
жаалаган эли таң болгон.

Өзгөндүн салты башынан,
Өзгөндүн даңкы ташыган.
Өзгөндөн калып айрылып,
Жаныбек казы[3] жашыган.

«Калпакка» жетип кептелген,
Өзгөндүн чеги чектелген,
өзгөндүк агам Салижан[4]
сүйлөсө сөзү «эп» делген:

[1] *Калматай кыргыз каны* – Кара Багыш уруусунан чыккан.
[2] *Кадимки Жаңыл Мырза* – Калматайдын аялы.
[3] *Жаныбек казы* – Совет бийлигинин кодулоосунан чет өлкөгө ооп кетүүгө аргасыз болгон.
[4] Салижан Жигитов.





Келтирип кептин кыябын
күлдүрүп тыяк-быягын,
чындыгын айтып сүйлөгөн
сүйлөбөй сөздүн сыягын...

Өзгөндөн өтүп көрөсүң, –
Өзгөндүн Макмал-Дөбөсүн,
мунары турган миң жылдап,
көргөзүп Күнгө төбөсүн.

Бийлигин көргөн Чыңгызкан,
зордугун көргөн Темирлан,
кордугун көрүп канчанын
жебеген Өзгөн «жеңил» нан.

## АЙЫЛЫМ УШУЛ

*(Аты аталган, аталбаган жердештериме)*

Сай бойлоп издеп күнөсүн тапкан:
күүлөнүп дайра, күүлөнүп аккан,
Араштай* агам ырларын токуп
койлорун эмес, ойлорун «баккан».

Ак дилиң азып дит коюп баккан,
күндөрүң өтүп – өмүрүң аккан,
сынынан элдин, сынынан өтүп
Кенжебай иним сыналып жаккан.

Ыркырап күчөп шамалы урган,
кышкысын чыдап каналын курган:
Койчубек, Чыныҥ – күчтөнүп иштеп
Базарбай, Жакен – күч берип турган,
Бегимбай, Жеңиш – белсенип иштеп
Эрболот, Эргеш – эш болуп турган.

Түн катып баргын, койбогон айып,
баш багып киргин, болгонун жайып:
Бар болуп өскөн – жашынан кенен,
Бегимбай, Батма – башынан белен.

Көөнөнүн сөзүн көтөрүп илген,
бабамды менин бабасы билген,
ардагым, асыл – айылым ушул –
атамды менин атасы билген.

---

* Аталган аттардын бардыгы – айылда жашагандар.





Түшүндөй жоруп, түшүндөй билген –
түшүнүп сөздү түшүрбөй илген,
аскарым, асыл – айылым ушул –
баламды менин баласы билген.

Ак жагы – арга «жарк!» этип турган,
карасы – карга «карк!» этип курган,
таш эмес алып аш менен урган –
айылым ушул – ат башын бурган.

Айылдан кетсем түнт болуп ойдон,
бир жолу кетпейм түңүлгөн бойдон,
уялаш иним өлгөндө Муса
тоңду оюп казып секиге койгон.

Ошондо кычап ызгаары кыштын,
күчөгөн сайын аңы учуп тыштын:
агарып дүйнө, агарып тоңуп
жыты урган келип карарган ыштын.

Агарган дүйнө, карарган дүйнө
үзүлүп түшүп тагылган түймө,
айрылган дүйнө, табылган дүйнө
адашып жазып жаңылган дүйнө,

«бүчүсү» бошоп чечилген дүйнө,
чыныга окшоп кетилген дүйнө,
келебиз кайтып, келебиз дечи,
торолуп өсүп жетилген үйгө...

Ак жагы – арга «жарк!» этип турган,
карасы – карга «карк!» этип курган,
таш эмес алып аш менен урган –
айылым ушул – ат башын бурган.





## АЙЫЛ ЖУРТУМ, ЖАРЧЫДАЙ

– Тили бурук «бурут» – деп –
түбүн жулуп курут – деп –
көзүн оюп жоготуп,
сөзүн жоюп унут – деп –

күн көргөзүп куураган,
кендир кесип муунаган
канчалаган, канча бир
заман өтүп зуулаган... –
деген менен, дал бүгүн,

тегин берген «буруттан»
кемитпеген улуттан,
Теңиринин кадырын
текей көрүп унуткан,
өз элинин тагдырын
өгөй көрүп куруткан:

тилин буруп окунуп,
динин бузуп чокунуп,
ат токумун унутуп
эшек чомун токунуп, –

күнүн жашап чуулаган,
сайран куруп дуулаган,
«тили бурук» күн бүгүн
өздөн чыгып куунаган –

күнгө келип кез болуп,
өңдөн азып жез болуп,

өмүр кечип дарчыдай
ташты тешип тамчыдай,
көздөгөнүн көгөрүп,
көздөп жүрүп алчыдай:
«Айланайын, журт!» – деген
айыл журтум, жарчыдай.

Аруу болуп тамчыдай,
каруу болуп камчыдай,
кыргыз болуп жаралып
кыргыз бойдон калчыдай:
«Айланайын, эл!» – деген
элет журтум, жарчыдай.

Жолун тактап барчыдай,
элин жактап алчыдай,
элдүүлүгүн кыргыздын
элет сактап калчыдай:
«Кутман жерим, кут!» – деген
куттуу журтум, жарчыдай.





## ӨЗҮМСҮП ТУРДУМ, ТАШЫН ДА!

*«Айры-Ташка булут конду дегиче, –*
*айылга жамгыр жаайт..,*

*Мүрзөлүү Секинин бетине*
*Күн нуру толук жайылып тиймейинче –*
*айылга жаз келбейт...»*

***Бала кезде уккан сөздөрдөн...***

Өзөнүн, төрүн, башатын,
өндүрүн, өрүн, кашатын
көз көрүп өскөн айылдын:
өз көрүп, өз деп коолорун –
өзүмсүп турдум, тоолорун...

Билбеген, апат кокусун...
Айры-Таш, Мазар-Чокусун
көз көрүп өскөн айылдын:
өз көрүп Жонун, Уугурун –
өзүмсүп турдум, туу кырын.

Күн келип: Ак-Таш, Жүлгүүрүн –
көрүүгө жетип үлгүрүүм...
Ак таңын тостум айылдын:
өз көрүп элдин ыраңын,
көз көрүп белин, кыраңын.

Кара-Шак, Порсу, Кең-Кайкы
Көк-Жары жайлоо – бу жайкы,
көз жашка күбө – жаш төккөн,
тагдырга күбө – бул тайкы...

...Мектепти бүткөн кезимде
кой кыркkан кезим – эсимде,
ал учур Жамшит акенин
бар чыгаар, балким, эсинде?!

Жантөшев жазган Секелек*
жаадымдан чыгып кетелек
көз көрүп өскөн айылдын:
өз көрүп кары, жашында
өзүмсүп турдум, ташын да!

* Жазуучу Касымалы Жантөшев жазган «Эки жаш» повестиндеги жердин аты.





## КААДАСЫН ЭЛДИН САКТАГАН, ЖЕҢЕ

Кыргыз үй. Кымыз. Тартылган желе.
Көйкөлүп көрктөн кайтпаган жеңе.
Кемеге. Түтүн. Сабасын бышып
балдарын тилдеп, айтпаган жеме.

Өмүргө чактап жарашкан, жеңе,
өзүндү мактап карашкан, жеңе,
жакшы сөз жакшы, жанашкан, жеңе,
«жакшы» деп сизди, санашкан, жеңе.

Кымыздык гүлдөп, агарып бетте
эс алып басып эртели-кечте,
туз-насип кошуп бир жума туруп,
жөө-жалаң жүрүп кеткеним эсте.

Өмүрдүн жолу чаташкан, жеңе,
жакшысын «жакшы» аташкан, жеңе,
жакшы сөз жакшы, жанашкан, жеңе,
«жакшы» деп сизди, санашкан, жеңе.

Узарып учуң уланган, жеңе,
уланып оокат куралган, жеңе,
уулуңуз – улан, эр жетип, жеңе,
кызыңыз – селки, буралган, жеңе.

Каадасын элдин сактаган, жеңе,
кадырын айтып жактаган, жеңе,
кемтигин, кээсин тартпаган, жеңе,
акемдин мээсин «чакпаган», жеңе.

Уулду үйлөп бөлүңүз, жеңе,
уулдан – урмат көрүңүз, жеңе,
кыз берип чачын өрүңүз, жеңе,
кызыңдан – кызмат көрүңүз, жеңе.

Төгүлүп жайнап – төрүңүз, жеңе,
насибин татып көрүңүз, жеңе,
жакшысын «чегип» – чылымдай көрүп,
жаманын каткан Бөрүңүз,* жеңе.



* Уруунун аты.





## ЭЛЕТТИН БАРКЫН ЭЛИ БАР БИЛГЕН

Бабалар ээлеп акылын кара,
туулган жердин асылын кара,
кош катар кетип коо болуп турган
тоолордун, мынтип, жакынын кара,

көрүнгөн чердин – ар четин кара,
алкынып аккан – шар бетин кара,
боз чаңгыл жердин боорунда гүлдөп:
бозунач өскөн – жар бетин кара,

тоо башы селде чалганын кара,
жамгыры төгүп алганын кара,
сагынган тоосун сагынып жетип
булуту чөгүп калганын кара,

күүлөнүп дайра акканын кара,
туулган жердин жакканын кара,
өткөнүң эстеп, эскерип турсаң
эт жүрөк эргип какканын кара...

Кыл чайнап кызып, намысын «тиштеп»
жан багыш үчүн жан үрөп иштеп,
элеттин баркын эли бар билген
өмүрдүн көбүн өткөрүп «иш» деп...

Бабалар тандап алганын кара,
тагдырдын жазып салганын кара,
ушундай жерди, буюруп бизге,
журтумдун жашап калганын кара.

## МЕН ӨЗҮМЧӨ – АЙЫЛМЫН

Өмүр сүрүп ач-тогума кайылмын,
өзүм жүрүп, мен өзүмчө – айылмын,
өз элимдин өз экинин энчиркеп
өзүм кыргыз болгон үчүн «жайылмын».

Жеке бактым бар-жогуна кайылмын,
өмүр сүрүп, мен өзүмчө – айылмын,
бизге чейин эл болгонун эш тутуп
бизден кийин эл бар үчүн «жайылмын».

Айылымдын Айга жетип арасы –
жок көрүнгөн кыл учундай карасы,
айылымдын Күнгө жетип арасы –
жок бөлүнгөн кулгунадай жарасы,

айылымдын жок көрүнгөн карасы,
айылымдын жок бөлүнгөн жарасы..,
өз элимдин өз экенин өзүмсүп
айылымдын эки миң жыл арасы!

Мансап-даңкым бар-жогуна кайылмын,
өмүр сүрүп, мен өзүмчө – айылмын,
кыргызымдын кыргыздыгын туу тутуп
кыргыз болуп калган үчүн «жайылмын».







**ЭЧ КИМ ЧАНЫП, КЕЧИП КЕТПЕС ЭНЕСИН**
**КЫРГЫЗ КЫЗЫ – КЫРГЫЗ ҮЧҮН ЭНЕСИҢ!**

## КЫРГЫЗ КЫЗЫ – КЫРГЫЗ ҮЧҮН ЭНЕСИҢ

Ата Журттун айдың, төрүн, белесин
чырмап турган тарам жолдун «желесин»
кыян алган кезден аяп – корголоп,
Ала-Тоонун берип турган элесин:

Ким болбосун, унутпаган энесин –
алып жүргөн Умай Эне элесин:
Кыргыз кызы – кыргыз үчүн жан берип,–
кыргыз кызы – кыргыз үчүн энесиң.

Сактап келген Сайкал Кыздын элесин,
кечип кеткен, барбы деги, энесин?!
Кыргыз кызы – кыргыз отун өчүрбөй,
кыргыз кызы – эң биринчи энесиң.

Жүзүн чайган, жүзүн сууга каранган,
эркин өсүп, эркин чачы таралган...
Кыргыз үчүн – кыздын улуу кырк чачы –
кыргыз үчүн – кыргыз кызы жаралган.

Кыргыз кызы – Чолпон болуп жаналган,
жаш ордуна көздөн сыгып «кан» алган,
өлө турган уулун карап Курманжан,
атаганат, өлүм барын тан алган...

Элин сактап – сөз узанып устадай:
«Көтөр башты...» деген сөзү нускадай...
Аман жанга бир берилген өмүрдүн,
ансыз деле, баскан жолу кыскадай...





Артын карап, кылчак карап кайрылбай
кайран энем, эл-журтунан айрылбай:
кайгысынан боздоп инген – төө чөгүп, –
турса дагы... «турган» дешет кайгырбай...

Ала-Тоонун берип турган элесин,
ким болбосун, унутпаган энесин,
кыргыз кызы – кыргыз үчүн жан берип, –
кыргыз кызы – кыргыз үчүн энесиң!

## ӨМҮР БАРДА

Өмүр барда арманың да өбөктөй,
өмүр барда жалганың да жөлөктөй,
өмүрүңдүн өз экенин өгөйсүп
өзүң кантип, көрмөк элең бөлөктөй?!

Куюлгуган күнүң өтүп «желдеги»,
(агындыдай агап жашап селдеги),
өмүр бою өзүмсүгөн өз көрүп
өзгөрбөгөн өмүр калып сендеги,

өзүмсүгөн өмүр калып сендеги,
басып өткөн жолуң калып белдеги,
балдарынды, байлыгыңды айтпаган
калыс айткан сөзүң калып элдеги...

Битиреткен багың калып «балп!» этип,
титиреткен тагың калып «талп!» этип,
өмүр өткөн, өмүр өчкөн өксүтүп
күйүп турган өмүр – шамың «жалп!» этип.

Өмүр барда арман-дүйнөң өбөктөй..,
өмүр барда жалган-дүйнөң жөлөктөй..,
өмүр барда көргөн күнүң өз болуп
өмүр барда көрө албайсың бөлөктөй...





## ЖАНЫМ САГА ЖАН ТАРТАМ

Жаным сага нени айтам, нени айтамын?! –
Жаным эргип – жан эрип жан тартамын,
жаркын жагын өмүрдүн жакын көрүп
жакшы жагын жылоолоп сага артамын.

Жаным сага нени айтам, нени айтайын?! –
Түйшүгүндү көтөрүп мен тартайын,
түбөлүгүн арзуунун түптөп турган
түңүлбөгөн үмүтүн сага артайын.

Жаным сага нени айтам, нени айтамын?! –
Түйшүгүндү көтөрүп мен тартамын,
түбөлүгүн үмүттүн түптөп турган
үзүлбөгөн күдөрүн сага артамын.

Жаным сага нени айтам, нени айтамын?! –
Өзүм көрүп өзүмсүп ык тартамын,
өрнөк жагын өмүрдүн үлгү көрүп
өскөн жагын ыроолоп сага артамын.

## ЖАРЫКСЫҢ – НУРГА БУЛАГАН

Нур төгүп нурга булаган,
көтөрүп көңүл улаган,
мөлдүгүң сенин мөл болуп –
мөлтүрсүң «мөлт!» деп кулаган,

тамчы эмес жерге кулаган,
чаң эмес нурга булаган..,
өбөгүм, кутум сен болуп
өзөгүн ойдун улаган;

өзүмсүң – мага өз болуп,
сөзүмсүң – мага сөз болуп,
жанарым болуп жанарым
көзүмсүң – мага көз болуп...

Көргөн күн, бүгүн, өзгөргөн
өзгөргөн күнүн – көз көргөн,
байлык деп «канап» баш сайып
байлыгын санап – «бөз» көргөн:

кабылсам күнгө күтпөгөн,
кайгырсам.., көрүп түтпөгөн
түңүлгөн жагын өмүрдүн –
түңүлбөс кылып түптөгөн:

өзүңсүң, өзүң – дем болуп,
өбөгүм, учум – сен болуп,
өзүңсүз көргөн өмүрүм
өзүңсүз калмак – кем болуп,





жарыксың – нурга булаган,
жарымсың – көңүл улаган,
мөлдүгүң тунук мөл болуп
мөлтүрсүң «мөлт!» деп кулаган.

## ЖАШ КЕЗИМДИН ЖАШЫН ТӨГҮП, БӨЛҮНДҮҢ

Гүлдөй назик, гүл экенин көңүлдүн
барк албаган, баасын билбес өмүрдүн:
жаш күнүмдүн гүлүн ачып көрүнүп,
жаш кезимдин жашын төгүп, бөлүндүң.

Дилди жанып дилдиретип – ой кумар,
сен жаралып – тагылгансып бой тумар:
сени көргөн – эс тандырып нес болуп,
сени билген – сүйбөй кантип, тим турар...

Сенин барың – серүүндөтүп саябан,
жаз өмүрүм, жайга жетип таяган...
Болсун деми, болсун күйүп жан берип
болсун эми – сени сүйүп аяган.





## ЖАРЫК НУРУ МЕКЕНДИН ЭҢ ӨЧПӨГӨН, САРДАР КЫЗ

Үзбөй жибин ийирип –
жибек кылган, сардал кыз,
үлпүлдөтүп үмүтүн
тирек кылган, сардар кыз,
бойго жетип бойтоюп –
тилек кылган, жар-жар кыз,
пешенеси беш түлөйт
беш күнчөлүк өмүрдө
беш көкүлгө кардарбыз:
ээ-э-э-й сардар кыз,
оо-о-о-й жар-жар кыз
беш күнчөлүк өмүрдө
пешенеси беш түлөйт
беш көкүлгө кардарбыз.

Көңүк жолдун кыясын –
кыян жууган, сардал кыз,
көп нерседен түңүлүп –
көңүл сууган, сардар кыз,
уялашың жат болуп –
кудай тууган, жар-жар кыз,
пешенеси беш түлөйт
беш күнчөлүк өмүрдө
беш көкүлгө кардарбыз:
ээ-э-э-й сардар кыз,
оо-о-о-й жар-жар кыз
беш күнчөлүк өмүрдө

пешенеси беш түлөйт
беш көкүлгө кардарбыз.

Асман, жердин арасын –
алыс көргөн, сардал кыз,
карегинин карасын –
калыс көргөн, сардар кыз,
кыз курагын кыйылбай –
намыс көргөн, жар-жар кыз,
пешенеси беш түлөйт
беш күнчөлүк өмүрдө
беш көкүлгө кардарбыз:
ээ-э-э-й сардар кыз,
оо-о-о-й жар-жар кыз
беш күнчөлүк өмүрдө
пешенеси беш түлөйт
беш көкүлгө кардарбыз.

Көктүн сансыз жылдызы –
кеч өчпөгөн, сардал кыз,
жарык нуру Мекендин –
эч өчпөгөн, сардар кыз,
жети атаңдын мазары –
эч көчпөгөн, жар-жар кыз,
пешенеси беш түлөйт
беш күнчөлүк өмүрдө
беш көкүлгө кардарбыз:
ээ-э-э-й сардар кыз,
оо-о-о-й жар-жар кыз
беш күнчөлүк өмүрдө
пешенеси беш түлөйт
беш көкүлгө кардарбыз.





## ЖАН БИЛБЕГЕН ЖАН СЫРЫМДАЙ ДИЛДЕСИҢ

Көргөн сайын, көргүм келип дегдеген,
жан көрбөдүм сага жакын теңдеген,
бир ой менен таң атырып, кеч кирип,
бир ой менен жашап жүрөм «сен» деген.

Тагдыр жолу, өмүр жолу окшоштой,
мейли бизди, койсо койсун, окшотпой,
сүйүүбүздү алсак болду асырап,
сүйүүбүздү турсак болду «копшотпой».

Сагынганда – көңүл чөгүп жашырбай,
зарын ыйга – зарын төгүп ашырбай:
сүйүү баркын жүрсөк болду кастарлап,
сүйүү наркын айтсак болду ашынбай...

Илиндирип – айың сөздүн «илмеги»,
кереги эмне? – Ким бирөөнүн билмеги...
Ансыз деле абалкыдан уланып,
болуп келген жүрөк чийип тилмеги.

Кереги эмне? – Ким бирөөнүн билмеги...
Сүйүү эмне? – Сүйлөй салган тилдеги...
Жан билбеген жан сырымдай катылып,
жалгыз өзүң, жүрсөң болду – дилдеги...

## СҮЙҮҮ

Атасам жакын ардагым атың,
жазылбай ичте арнаган катым,
сагыныч артып, сагынтып турган
айтылбай ичте арманым, датым.

Мончоктоп жашын төкпөгөн – сүйүү,
соодасы кызып өтпөгөн – сүйүү,
чачынан сылап тигилип көзгө
бетинен сүйүп өппөгөн – сүйүү.

Тымызын ичтен сүйөөрүн билген,
сызылып ичтен күйөөрүн билген,
бирөөнүн жары болгону менен
эзилип эстеп жүрөөрүн билген,

дил кумар дилде дилдиреп – сүйүү,
жан сырын, кантип, билдирет – сүйүү,
баш ийкеп өтүп, жолугуп калса,
жүрөгүн чийип тилдирет – сүйүү,
айталбай катып жүргөнү менен
сүйөөрүн чындап билдирет – сүйүү.





## ЖАШЫЛ КӨРКҮН ДАРАК ГАНА КӨТӨРГӨН

Жан экенсиң, жүрө турган жалынып,
чырайыңа чымын жаным малынып,
тиктешүүнүн арбап күчү – кудурет, –
көз кырыңа түшүп турам алынып.

Күлмүңдөгөн көздөрүңдө – көрк дүйнө,
көңүл сүйгөн калпак болуп – бөрк дүйнө,
берет элем жан-дүйнөмдү ыйгарып
ансыз деле, сени көрүп, – өрт дүйнө.

Жашыл көркүн дарак гана көтөргөн,
кайран өмүр, арман катып өтөлгөн..,
дарак сымал бийик турсаң зыңгырап
сенден кыйып, эми кантип, өтөм мен?!

Ак мөңгүсүн чоку гана көтөргөн,
кайран өмүр, кайгы тартып өтөлгөн..,
көз жетпеген бийик болсоң зымырап
сенден кыйып, эми кантип, өтөм мен?!

Көз кырыңа түшүп турам алынып,
чырайыңа чымын жаным малынып,
сөз айтууга даабай, бирок, дит коюп
сени карап турам ичтен жалынып.

Күлмүңдөгөн көздөрүңдө – көрк дүйнө,
көңүл сүйгөн калпак болуп – бөрк дүйнө
сени көрүп калган үчүн – арман жок,
сени көрүп турган үчүн – өрт дүйнө.

## КЕЗДЕМИН БҮГҮН АДАШКАН

Күчөгөн сайын муң-кайгым,
жүзүмдү чайып муңайым
сагынтып жүрөк эзилген
санаамды кантип, улайым?
Өкүнүч күчөп сезилген
өмүрдүн өзү – убайым...

Маталтып көзүн кадашкан,
жаңылып жазып адашкан,
өмүрдүн жолу өйдө-ылдый,
өмүрдүн жолу чаташкан:
Кийгеним өтмө бүт «чылгый»
кездемин бүгүн адашкан.

Ак карлуу чоку башында
паанек жок же бир кашында,
жалгыздык тоодо олчоюп
жадаса үн жок ташында,
жалгыздык үнсүз сомсоюп
күн бүгүн турат кашымда...





## КӨЗҮМ ТОЛО КӨРӨЙҮН

Жаздын жашы – мөлтүр тамчы куюлуп
күлгүн дүйнө (!), күлгүн аруу туюлуп
тагдыр сени койгон үчүн кез кылып
жолугууну – мага турду буюруп...

Гүлүн ачып жаз – өмүргө жарашып,
сугун артып наз өмүргө карашып,
келген келет... кеткен кетет... айла жок...
ансыз деле, аз өмүрдө тарашып...

Өзүң турсаң кол жетпеген чеп болуп,
ортобузда кандай гана кеп болуп,
кандай айла, кандай арга кылайын? –
Кандай сөзүм жагат сага эп болуп?

Кандай кылып, кантип көңүл бөлөйүн?
Айла барбы (?), жазыгына көнөйүн...
Туткан тутсун, ыйык санап сезимин
уткан утсун, «жолу» болуп мөрөйүн..,
сени карап, сени менен бир туруп,
жок дегенде, көзүм толо көрөйүн.

## БИР СӨЗҮНДҮ УГАЙЫН?!

Күлүп турсаң муңайым
эми, эмне кылайын (?),
«көз агында» айланып –
кайда десең, жылайын...

Сүйлөп турсаң муңайым
абазыңды угайын,
жок дегенде, акмалап
жолуң карап турайын.

Өндүн берип ырайын,
жүздүн берип чырайын
күлсөң – күлкү жарашкан
күлкүң чыгып муңайым:
«эмне» десең, – угайын,
«тунгун» десең, – тунайын,
карап сени, кеткиче,
карап сени турайын.

Ыйбаа күтүп мүнайым,
күлсөң жагып муңайым
арга барбы, айтсаңчы,
дагы эмне кылайын (?);
кур дегенде, жаныңда
азга жакын турайын,
жок дебечи, жок дебе,
бир сөзүндү угайын?!





## ЖАШ КУРАКТЫН ШАҢЫН БЕРДИҢ, АК БЕРМЕТ

Жашың – сөйкө, жашың турса тагылып,
өзүң өзгө, өзүң – чырак жагылып,
көзүң көзгө, көзүң турса чагылып
өзүм сөзгө, өзүм алдым, кагылып...

Жашың алыс.., жаштыгымдан көрүнүп,
өзүң жакын, өзүң турдуң төгүлүп
ортобузду курак бөлүп койбосо,
көзүң көзгө, көзүң турду өбүлүп.

Сөзүң жагып – бал татыган бал-шербет,
күүлөндүрүп, күүлөп жашың, сен, термет.
Жакшы убактын таңын аткан тартуулап,
жаш курактын шаңын бердиң, ак бермет.

Ырдагандар ырдай берсин, ыр жамап
өзүн ойлоп, сени сүйгөн жан санап
жаш жандырып ырын төгүп Рыспай*
ырдагандай ырдаш керек, жан сабап.

Дилде сырды дилдиретип козгогон
ыр өмүрү – түлөп түшүп тозбогон,
ырчың болсун, – Атай, Муса окшогон
ырчың болсун, – Исирадин боздогон.

Жаш өмүрдүн жашын берип – жаш жанып,
сүйүүң болсун, – сүйүп турган эс танып,
баары келип, өтө турган өмүрдө:
Жолуң болсун, – жолдоп турган эс калып

---

* Р. Абдыкадыров, А. Огомбаев, М. Баетов, И.Аманбаев жөнүндө сөз.

## ЖАШАСАК БОЛМОК, БАКТЫЛУУ

Ырдалбай калган ыр барбы?
Айтылбай калган сыр барбы?
Кайталап жашап өткөндү
кайгырбай турган, күн барбы?
Эзилген санаа, ой басып
эзелден өлбөй, ким калды?
Кайрымсыз күнүн көп көрүп,
кадиксиз өмүр өткөрүп,
кайрылгыс.., көргө – күн бүгүн –
көзү өтүп, аттиң, ким барды?

Дүйнө ушул – дүйнө, жалжалым,
көрбөсөм кантип айтайын,
элжиреп жүрөк эзилген
баланын көрсөм: «тай-тайын».

Тил туруп – колду жаңсайбыз,
бут туруп – көргүн, «аксайбыз»,
кайгысын тартып Жаңылдын*
кайгырып «дат» деп какшайбыз...

Жакшылык «тушун» жашырбай,
жамандын «мушун» ашырбай,
жашасак болмок, бактылуу –
бакыттын кушун качырбай...

Жаңыл Кыз антын аттабай,
Мекенин кечип таштабай

* Жаңыл Мырза жөнүндө сөз





балдарын таштап.., Какшаалга,
кеткенде.., бугуп Калматай**..,

буулуккан жерин сактаган,
кылымдар өтүп катпаган:
жайылган өрөөн – жер турат,
биз өтүп, бүгүн, каттаган...

Жазылган жайык – дайранын
«Жазы» деп аты аталып,
«Калпакка» жеткен колотко
Мырза-Аке турат маталып...

Тагдыры жазып, – жаңылган,
белектей болуп Жаңылдан:
армандуу сүйүү айтылып,
ырдалып муңу – жаңырган...

Кайталап жашап өткөндү..,
тил туруп – колду жаңсайбыз,
кайгысын тартып Жаңылдын
кан өтүп ичтен какшайбыз...

Жакшылык жасап, – жашырбай..,
жамандык жасап, – ашырбай..,
жашасак болмок, бактылуу
бакыттын кушун качырбай...

** Кыргыз каны - Кара Багыш уруусунан чыккан, Жаңыл Мырзанын күйөөсү.

Кайталап жашап өткөндү
кайгырбай турган, күн барбы?
Эзилген санаа, ой басып
эзелден өлбөй, ким калды?
Кайрымсыз күнүн көп көрүп,
кадиксиз өмүр өткөрүп,
кайрылгыс.., көргө, – күн бүгүн –
көзү өтүп, аттиң, ким барды?

Дүйнө ушул – дүйнө, жалжалым,
көрбөсөм кантип, айтайын,
элжиреп жүрөк эзилген
баланын көрсөм: «тай-тайын».





## КҮТӨМ СЕНИ ТҮҢҮЛБӨЙ

Жолболот менен Секелек
Жоругуң эстен кетелек,
Жолуңдан чыгып жолугуп
Колуңдан жүрсөм жетелеп...

*Айыл ыры*

Кышкысын күнөс күңгөйбү?
Жазгысын гүлдөр гүлдөйбү?
Түгөйүн издеп түңүлбөй
таңкысын куштар үндөйбү?

Айылдын күңгөй-тескейи
өткөнүн эстеп тескейби?
Санаага батып, сабылып
сагынып мендей эстейби?

Сагыныч басып жүдөттү,
сагынтып эзип жүрөктү
күтөмүн, күтөм түңүлбөй
күткөндөй издеп мүрөктү.

Жан-дүйнөм эргип эзилген,
жан элең жакын сезилген,
чыга албай жашап жүрөмүн –
чырмалып ошол сезимден.

## СҮЙҮҮ ГАНА – ЖАН ШЕРИК

«Чалындырган» тегизден,
сүйүү терең деңизден,
сүйүү күчү – кудурет –
«сүйөм сени...» дегизген.

Зар кусасын үйгүзгөн,
сүйбөгөндү сүйгүзгөн,
сары убайым жегизип
сагындырып «күйгүзгөн».

Азап чегип узага –
кусаң өтүп музага..,
сүйүү күчү – кудурет –
айланбаган ызага...

Сүйүү турса, – сүр болуп,
сүйүү турса, – бүр болуп,
сүйүү турса, – гүл ачып
сүйүү турса, – түр болуп,
сүйүү гана жөлөгүн,
сүйүү гана өбөгүн
ойлой берип – ой басып
ойлонбогон бөлөгүн:

Сүйүү терең деңизден,
сүйүү бийик эгизден*,
сүйүү гана – жан шерик:
«Сүйөм сени...» дегизген...

* Чоку деген мааниде





## СҮЙГӨНДҮН ЫРЫ

Айтылган сөздөн – танбайым,
агарып аткан таңдайым:
Ачылбай бактым өзүңсүз
ачылбай, калмак, мандайым.

Өйдөдө сөйөп жөлөгүм,
ылдыйда жөлөп өбөгүм,
өзгөчөм, өзгө жаралган
өзгөдөн бөтөн бөлөгүм.

Нур болуп нурум – күндөйүм,
Ай толуп аян – түндөйүм,
ыр болуп баян, ыр тунуп,
ырдалып турган – үндөйүм.

Таажысын ачкан гүлдөйүм,
жарыгын чачкан күндөйүм,
бар үчүн өзүң сүйдүргөн
күнөсүм болдуң – күңгөйүм.

## ӨЗҮҢСҮЗ ӨМҮР АРМАН...

Аялуу сезим калып ойлондурган,
саялуу кезим калып ойдо турган,
сагынтып – сагынгандан санаа басып
жаралуу жүрөк кагып – бойдо турган.

Жел жүрбөй өзөн дымып бөгүп турса,
көрк ачып, көргүн, тоолор чөгүп турса,
кусасын күйүт кылган арзуу айтып
Ай чачып – ак шооласын төгүп турса,

жалжылдап жагып турар – көзүң тура,
ойлонтуп ойго кумар – сөзүң тура,
үмүткө үмүт улап үзүлбөгөн
тагылып бойго тумар – өзүң тура,

кетпеген эстен чыгып – эстин туну,
жетпеген сөз айтылып – сөздүн куну:
Өзүңсүз өмүр маган өгөй болуп,
өзүңсүз өмүр арман – билем муну...





## СЕНСИЗ КӨРГӨН КҮНҮМ ЖОКТОЙ ТУЮЛГАН

Жаным эркем, жаным жакын сезилбей,
жанып-күйүп, мен да сүйүп эзилбей,
жагаарыңды айтып жолуң торосом:
«Жоругуңду койгун...» – дединг безилдей.

Ай-чырайды ачып турган мең болуп,
кол сыныгын катып турган жең болуп,
турмуш жүгүн бирге тартып бир болуп
бирге жашап жүрө албадык тең болуп.

Азыр турам, сени ойлонуп кыялбай,
мен өзүмө өзүм батып сыялбай,
колдогунун баркын билбей не жаздым?
Жолдогунун жашын жүрүп тыялбай...

Бар өмүрдү жашаш керек – шарты ушул,
сагындырган санаа басып – арты ушул,
сенсиз көргөн күнүм жоктой туюлуп –
жүрөгүмдүн айыкпаган – дарты ушул.

## СЕНИ МЕНЕН ТУРАТ ДҮЙНӨМ БҮЛҮНБӨЙ

Өзүң болуп – өрт сезимдин өбөгү,
сөзүң болуп – жан дүйнөмдүн жөлөгү,
жаным эркем, жаным турсаң эргитип
жаным мага – көрүнбөгөн бөлөгү...

Байлык эмес, кийим эмес асылган..,
көрүп сени, көңүл деми басылган
бар өмүрдүн баркын айтып баалаган –
баасын билдим, – сендей бийик, асылдан.

Жакшы сөздү көңүл сүйүп баккандай,
жашыл тоонун жашылдыгы жаккандай,
өзөн – менмин, дайра – сенсиң мелмилдеп –
өзөн ээлеп – өзөгүмдөн аккандай...

Көз көргөнүн көрө калып үңүлбөй,
сени көрүп турган үчүн түңүлбөй..,
сени менен дүйнөм түгөл – бүт болуп, –
сени менен дүйнөм бүтүн бүлүнбөй.





## ӨМҮРҮМ ӨТТҮ СЕН МЕНЕН ЖАШАП БОЛУП КОР

Жектебе мени, жектебе карап – тигилип,
таңуулап айткан – «айыбым» турса билинип,
өткөргөн өмүр өзөктөн агып – сызылып,
өткөргөн күнүм кийимдей турса илинип:
адашкан күнүм – айыбын таппай, чыркырап –
канатын күүлөп коно албай турса пырпырап –
жектебе мени, жекире карап тигилип...

Калгамын бүгүн, кайрымсыз күнгө тушугуп,
айыбым эмне? – Айтпайым бир сөз унчугуп,
жаштыгым эсте, жан эргип турган үмүт зор,
жашадым үнсүз, отуз жыл бою тумчугуп,
күнөөңдү сезип – аяба эми, жалооруп,
жолумдан тосуп – аяба мени, жол тооруп,
калгамын чындап, кайрымсыз күнгө тушугуп.

Жаштыгым эсте, жан эргип күйүп – тилек зор,
отуз жыл өттү мен үчүн болуп – капас тор,
өткөргөн күндөн өзүмдү таппай издеймин,
жашаган күнүм – болгону азап кайгы-шор:
ойлобо эми, ойлобо мени сабылып,
эстебе эми, эстебе мени сагынып,
жаштыгым эсте, тилегин айтып үмүт зор
өмүрүм өттү сен менен жашап болуп кор.

## КӨЗ ЖАШТАН БАКЫТ КУРБАГАН – СҮЙҮҮ

Жүрөгүң канап, жүрөгүң чийген:
«каралуу» болуп, «карасын» кийген,
Ай болуп жүзүң албырып турбай –
боз басып түшүп, бозоруп тийген...

«Күнүң» жок күтүп, көңүлүң бурган,
күн көрүп түтүп – өмүрүң курган,
келгенсип күзүң, келгенсип эрте
келберсип дүйнөң, келберсип турган...

Жылаажын үндөп кагылган болуп,
түн жарып түшкөн чагылган болуп,
«жарк!» этип жанып, жаркытып дүйнөң
махабат келип табылган болуп,

махабат – «үнүң» табылган болуп,
табышкан күнүң – табылгаң болуп,
апкаарып сүрдөп, аптыгып турдуң
айтайын деген камылгаң болуп.

Бакырып «ба-а!» деп турбаган – сүйүү,
көңүлүн көптүн бурбаган – сүйүү,
«сабырдын түбү – сары алтын» болуп
көз жаштан бакыт курбаган – сүйүү.

Жылаажын үндөп кагылган – сүйүү,
түн жарып түшкөн чагылган – сүйүү,
буюрган күндүн буйругун көрүп
булуңдан чыгып табылган – сүйүү,
түнөргөн түндүн түйшүгүн тартып
түпкүрдөн чыгып жагылган – сүйүү...





## СҮЙҮҮ ТУНУК КҮЗГҮДӨЙ

*(Канат менен Заринанын элесине)*

Арзыганын арзып сүйүп барктаган
түбөлүгүн, түбүн кошуп даңктаган:
зор сүйүүнүн зор чачпагын көтөрүп
зор сүйүүнүн зор милдетин актаган.

Ак сезимин аруу көрүп тумардай,
жаш өмүрүн жашап өтүп кумардай
болду бекен, жан эргитип – жан эрип
болду бекен, жанын берип булардай?!

Сүйүү гана, сүйүү тунуп күзгүдөй
күнгө түтүп – добул согуп үзгүдөй:
тогузунчу валдан* өтүп кыйрабай –
сүйүү гана – кеме болуп сүзгүдөй...

Сүйүү гана ак болушун жактаган,
ак сүйүүнүн ак экенин сактаган:
зор сүйүүнүн зор күйүтүн көтөрүп
зор сүйүүнүн зор үмүтүн актаган...

Күнүн өтүп күлгүн өмүр, күлгүн жаш
азыр көргөн азыр кетип катат баш:
кош өмүрдүн кош экенин билбеген
кош бейиттин үстүн ээлеп жатат таш.

---

*И. Айвазовскийдин «Тогузунчу вал» деген сүрөтү жөнүндө сөз болууда.

## ЖОГОТКОН ӨЗҮҢДҮ ИЗДЕП ӨЗҮҢ ТАПКЫН (!)

Ошондо, ошондо бир... ошондо бир...
сен сүйгөн жанга сени кошоордо бир:
сен күйгөн күнгө калып – сен тушугуп
кайрымсыз күндөн кетип бошоордо бир –
тагдырың таалайыңа бычак уруп
жаңылган кезиңди ойлоп, озоңдо бир.

***Кайырма:***

Күн өтүп күндөн күнгө – сүйүүң кумар,
жыл өтүп жылдан жылга – сүйүүң тумар,
талбаган канат кагып ак куу учкан,
жанбаган комуз болуп – сүйүүң турар.

Ошондо, ошондо бир... ошондо бир...
борошо, тозоң урган, тозоңдо бир:
токтоосуз сапар алып жолго чыгып
күтпөгөн жанга сени кошкондо бир –
жээгин муз тиштеген дайра болуп
жабыккан кезиңди ойлоп, озоңдо бир.

***Кайырма:***

Озоңдо, озоңдо бир... озоңдо бир...
бук чыгып, бугуң кетсин, – ошондо бир:
өмүрдүн баркын сезип, озуп жашап
кайгырган кайгың кетсин, – озгондо бир –
жоготкон өзүңдү издеп өзүң тапкын (!)
созгонго колуң жетсин, – созгондо бир...

***Кайырма:***





## БАРДАР ЖАШАП, БАГЫ АЧЫЛБАГАН АШЫКТЫН АЙТКАНЫ

Моймолжуган карындаш
«мойлоо» дебе, – көңүл жаш,
моюн-колтук алышсак
билинбеген, биздин, жаш
урбай айтам добулбас:
өмүр болбос «жонулбас»,
жаак болбос жаңылбас,
айып көрбө, айтканды,
сага мендей табылбас.

Суктандырган карындаш
сугун арткан көңүл жаш,
айланайын карындаш
арман укпас кара таш,
арманымды уксаңчы,
эч болбосо, – сүзүп каш..,
жообуңду айтсаңчы,
жок дегенде, – кагып каш,
көргөн жанды «суусатып»
сен болбойсуң, дайым жаш.

Бийик жардын бетинде
көгүчкөндүн уясы,
күтөм айыл четинде
жокпу, дебе, уяты.

Кыя жолдун четинде
шагыл жатат иргелген,

өмүр экен ушундай
бир жаралып, бир келген.

Күйгүзбөгүн, карындаш
аман болсо алтын баш:
кийбегенди – кийгизем,
ичпегенди – ичирем,
кокус чансаң карындаш
анда кокуй, кичирем –
өмүрүмдү «житирем»...

Сенсиз мага жашоо жок
менин бардык – «өзүмсүң»,
сүйлөп турган – сөзүмсүң,
көрүп турган жарыкты
менин – эки көзүмсүң,
ток этээрин так айтсам:
менин жарым – өзүңсүң.





## ТҮН СҮЙҮҮ

Жайдын түнү жай турган,
көктө калкып Ай турган:
«Болду» дедиң бирөөгө
бардар жашап, бай турган...

Өттү жылдар арадан..,
кайгым кетип тараган...
Жаштык калды телмирип
терезеңди караган.

Башат болгон булактай,
жаш кездеги куражтай –
турат менин тун сүйүүм, –
ошондогу, убактай.

Жаштык өтүп кылактай,
жашың экен, ынактай
жашай келсең тез өтүп,
жашаш өзү – ыраактай.

Башат, башын баштаган –
булак болгон, тун сүйүү,
ак ойлогон кири жок
убак болгон, тун сүйүү,

Азыркынын бири жок:
баш урунган пири жок
курак болгон, тун сүйүү,
жаштыгыма түбөлүк
турак болгон, тун сүйүү.

## ТООДОЙ СҮЙҮҮ – КИМГЕ БОЛСУН, СЫЙГЫДАЙ

Терек эмес, кыйгыдай..,
кыял эмес, тыйгыдай..,
тоодой болгон ак сүйүү
кимге болсун, сыйгыдай.

Тосуп тосмо кургудай,
дайрaң эмес, бургудай..,
кимди болсо, – ак сүйүү –
«ак» ургузуп, тургудай.

Түтүн эмес, булаган..,
тилек-оюн улаган:
кучагына «шап» батып,
тоодой сүйүү кулаган...

Тоодой үмүт батырып,
тоодой максат ашырып,
тоодой турган сүйүүнү
жүрө албайсың, жашырып...

Оңой эмес, кыйгыдай..,
кыял эмес, тыйгыдай..,
тоодой сүйүү чак келип
кимге болсун, сыйгыдай.

Тосуп тосмо кургудай,
дайрaң эмес, бургудай..,
так тургузуп, – ак сүйүү –
«ак» ургузуп, тургудай.





## СУЛУУ

Бар болуп турган
амандык улуу,
үргүлтүп өзүн
үр болуп сулуу,
«үлп» этип үндөп
үн болуп сулуу,
үлбүрөп гүлдөп
гүл болуп сулуу,
карагын көбүн
каратып бурган:
алоолоп сулуу
албырып турган.

Сулуунун булак
басканы башка:
жаккансып турду
карыга, жашка
жан кирип ээрчип
кетчүүдөй болуп –
карагын, кара, –
көз бүтүп ташка.

Сулуунун карап
турганы жагып,
ээ бербей жүрөк
ээленип кагып,
карагын, кара,
каратып көптү
кадалып көзү
сулуунун өттү...

Карагын, кара,
каратып көптү
имерип көзү
сулуунун өптү:
эргитип жанды
көрк болуп нече, –
көңүлдө турган
шаң толуп кече, –
ушунун өзү –
кылымга тете...

Карагын, кара,
каратып көптү
маталып көзү
сулуунун өптү:
бир өмүр жеткис
кылымга тете –
көзүмдө калган –
көз ирмем, көппү?!

Өмүрдүн өкүт
өксүгү болбос,
кайрылып орду
эч качан толбос,
кеттиңби сулуу (?)
кеттиңби сулуу (?)
куш болуп менин
колума конбос ...

Дүргүтүп дүйнөм
«дүң» салып козгоп,





өтчүдөй болуп
өмүрүм боздоп,
калганым менен
өрттөнүп сулуу,
өмүрүм бозгун –
көрктөнүп сулуу,
калбасын дедим
калбасын көөнүң:
уу ичип ууртап
өмүрдөн сулуу,
кыйырдан, көптөн
көрүнгөн сулуу,
өзгөдөн бөтөн
төгүлгөн сулуу,
өмүргө чактап
өрүлгөн сулуу,
эсимде калып
бөлүнгөн сулуу ...



## КИМ КҮЙҮП, КИМГЕ КАЙГЫРААР?!
## ӨЛБӨСҮН, АСАН КАЙГЫЛАР!





## ӨЛБӨСҮН, АСАН КАЙГЫЛАР

Мыйзамга башын ийбеген,
жутунуп жанын «ийлеген»,
тойбогон көзүн пенденин –
тойгозуп – турпак чийлеген.

Төрдөгү сыйлуу карыңдай
эл жүгү – намыс-арыңдай,
өзгөрүп дүйнөң кубулбас
көз көрүп жашап, барыңдай.

Түйшүгүн арткан – күн ушул,
түңүлткөн арман – үн ушул,
түңүлгөн сайын түнөрүп
туңгуюк баскан – түн ушул:

жутунган «бөрү» заман – деп –
жем болгон, кайран, жаран – деп –
элинен өөнөп эл жеген.., –
элинен качып жаман – деп,

көкүрөк койгон кайда жок?!
Кур сөзүн угуп пайда жок,
күпүлдөп сүйлөп турушса,
күйөсүң түтөп, айла жок...

«Утамын» деген тез өчкөн,
убакыт учкул, тез өткөн –
көз жашын көптүн көлдөтүп
өз башын жеген кез өткөн.

«Жутамын» деген кез өткөн,
зымырап мезгил тез өткөн –
убалын элдин унутуп
«утамын» деген тез өчкөн.

Кездериң болуп теңселген,
жарга өмүр, жарга кептелген..,
акчанын «көзүн» караган
айтылган сөзүң тепселген...

Дүйнө ушул, дүйнө айрылаар
ким күйүп, кимге кайгыраар?!
Өзөгүн өрткө күйгүзүп
өлбөсүн, Асан Кайгылар!





## ӨМҮР

Өткөндүн изи менен,
бычактын мизи менен
арандан араң өтүп
күн көрүп «сизи» менен:

Буюккан – курган өмүр;
суу куйган – кумган өмүр;
чындыгын, чынын айтпай
эх, көзүн жумган өмүр;
«кир» болуп – киргилденип,
суу болуп тунган өмүр...

Муз болуп тоңгон өмүр;
«Туз»* болуп «оңгон» өмүр;
куш болуп учкан менен
«жем» үчүн конгон өмүр;
парага кепич берсе, –
«бар-а!» деп алган өмүр;
тагдырын тобокелге
ойлонбой салган өмүр;
«ойгонбой» өмүр бою
«толгонбой» талган өмүр;
сагырдын акын жулуп
тайманбай алган өмүр;
бети «көө» – кара көмүр,
көөнөдөн калган өмүр;
көзү «чөө» – бети «түктүү»
ушундай, жалган өмүр;

* Картанын «Тузу» жөнүндө сөз болуп жатат.

үздүгүп, жанын үрөп
жутунган – жуткуч өмүр;
... тойсо да , көзү тойбой.., –
болгону, – «туткуч» өмүр...





## ЖАЛГЫЗДЫК

Жалпыга тегиз Күн тийип
жандууга жанып «көз» болуп,
калган из... түшкөн көлөкөң –
калбаган жүрүп өз болуп,

«жарк!» этип жанып сестентип
тик жарып түшүп чагылган,
кечигип бармак тиштейсиң
кездериң болуп жаңылган:

күтүүсүз «күнүң» тутулып
кароолоп түшүп караңгы –
жарыксыз күнгө көнөсүң
ырбатпай жашап жараңды.

Айлуу түн аян, аярдай
ажарын ачып кеч кирип,
ичиңден сызып жашайсың –
чыгарбай үнүң эчкирип...

Күн экен тийип бөлбөгөн
жандууга жанып «көз» болуп,
жалгыздык... түшкөн көлөкөң –
калбаган ээрчип өз болуп...

## ӨГӨЛҮП ӨМҮР СЫНАЛГАН

Жол – өмүр, жолуң уланган
жол түшүп жолуң куралган,
жол жүрүп көргөн – күн ушул, –
«жок» дегин, – колуң буралган...

Өткөнүң болуп балбал таш
өзөккө түшүп кыналган,
өз көрүп укkан – үн ушул, –
өгөлүп өмүр сыналган...

Өлүмдөн болуп бейкапар..,
өткөргөн өмүр – жол сапар..,
өзөгүң жүргөн өйүтүп
өз күнүн күтүп – сол-катар...





## ЖАШООНУН «КАН ТАМЫРЫ»

Өз бактың колдо болуп,
жолоочу жолдо болуп, –
өмүрүң өтөт, дечи, –
жолдогу үйгө конуп...

Карегиң нурга тунуп,
жолдоруң тоого тарап –
кеткенин ойлоп туруп, –
толкуйсуң тоону карап,

толкуйсуң тоону карап
чалкыган тоолор – Мекен,
айылга жолуңду улап
айланган жолдор экен.

Денеңде жүргөн кандай
жылгадан суулар агып,
эч качан өзгөрбөгөн
Ата Журт турат жагып.

Карегиң нурга тунуп
карагын, тоолор – Мекен.
Жашоонун «кан тамыры» –
айланган жолдор экен.

## БЕРСЕҢ ЖАГЫП, АЛЫНАСЫҢ, КОЛДООГО

Өгүз сымал «чүлүк» салып жетелеп,
турмуш улам, турмуш басып желкелеп,
өз күнүңдү – өзүң гана жашайсың
өз жүгүңдү – өзүң тартып, жекелеп.

Колдо барын колдоп сүйүп аяган
кимге «Мекен», кимге күйүп саябан?
Курак келип, кадам таштап элүүгө
курак жетип кырк тогузга таяган...

Кайран өмүр энчиң болуп туюлган,
колдон түшүп – кум чубуруп куюлган:
өз жолуңду – өзүң гана басасың
өз тузуңду – өзүң татып, буюрган.

Уламадан улап элдин сөзүнчө:
«Ак ийилип сынбай...», бирок, өзүнчө,
берсең жагып, алынасың колдоого –
кур сөз айтып, кереги эмне, көзүнчө...

Кайран өмүр, энчиң болуп туюлган,
колдон түшүп – кум чубуруп куюлган:
өз түйшүгүң – өзүң гана тартасың
өз насибиң – өзүң татып, буюрган.





## БАШКАНЫН ТУРГАН «ОҢКОСУ»

Көбүнүн кекээр – колкосу,
бычактын өткүр – толтосу,
кийгениң ичик болбосо
көрүнбөй тондун торкосу,
кайырың – чайыр, кадимден,
татыбай арзан шорпосу,
кедерги болуп иш бузган
бейкастын тийип жолтосу.

Көңүлүң сүйгөн күн кайда?
Өмүрүң агып – сай-сайда,
жол түшүп – сапар чакырып
насибин татып ар жайда,
үзүлбөй турган үмүтүң
үлбүрөп күйүп бейпайда,
болгонун түйүп жашынган
жаштыгың өтүп – ал кайда?

Тытынган бозгун күн көрүп:
көбүнүн болбой колкосу,
бычактын болбой толтосу,
кедерги болуп иш бузган
бейкастын болбой жолтосу, –
жутунган азгын күн кечип
көрүнбөй тондун торкосу,
татыбай арзан шорпосу,
элүүгө чыктың болгону
элүү жаш – эрдин ортосу,
сен эмес... Аткан мергенчи...
Башканын турган «оңкосу».

## БАЙЛЫГЫН КӨРГӨН – КӨЗ ЖАЛГАН...

Оюмдан «шоокум» алалек,
оюндан моокум каналек,
өз үнүн угуп жашаган –
өзү, биз, эки балалек,

өлүмдөн көңүл калалек,
өмүрдөн өрнөк алалек,
өзгөнү өздөн айырып
«өлүмүш» жагын таналек,
өзөгүм өздөн айрылып
өзөктөн өртүм жаналек,
өз күнүн көрүп жашаган
өзү, биз, эки балалек!

Кургурум, иним, жаш кетип,
боорумдан калып айрылып,
калганын билдим, жаш жетип –
канатым сынып кайрылып;

канатым сынып кайрылган,
өзөгүм өздөн айрылган,
өксүгүн катып балалык
өз күнүн көрүп кайгырган...

Бой жетип аздап арыштап,
айылдан кетип алыстап,
тууган жер, тууган кадырын
туу тутуп билип калыстап,





эстеймин өскөн айылды,
эстеймин үйүм – бош калган
өксүгүн салып өксүтүп
«өз» деген күнүм – кош жалган.

өксүтүп бактым – кош алган,
өлүмдөн көөнүм көп калган,
өзгөнү өздөн айырып
«өлүмүш» жагын көп танган,
өзөгүм өздөн айрылып
өзөктөн өртүм көп жанган;
боз түшүп алдым бозоруп
мунарык басып – көз талган,
бир гана энчим – сөз калган,
калганы өтүп жоголуп –
байлыгын көргөн – көз жалган...

Эстеймин өскөн айылды,
эстеймин үйүм – бош калган,
өксүгүн салып өксүтүп
өткөргөн күнүм – кош жалган...

## КИМ БОЛДУ? – ЖОЛУҢ УЛАНГЫР!

Таң сүрүп атып кылаңгыр,
агарып аздап кыраң-кыр,
буюккан түнүн жеп-жутуп
буйдалып житип булаңгыр,
ашыгып, шашып бараткан
ким болду? – Жолуң улангыр!

Үрүлдөн чыккан уландыр?!
Үйүрдөн калган кунандыр?!
Кыз кезин ойлоп кылгырып,
кыйылып турган жубандыр?!

Туурада калган туландыр?!
Туштагы турган кыранды?!
Суксалган жүзүн албыртып
сук салып турган ыранды?!

Таң сүрүп атып кылаңгыр,
буйдалып житип булаңгыр,
ашыгып, шашып бараткан
ким болду? – Жолуң улангыр!
Ай тийген жерге – Күн тийип,
шанандап турду кыраң-кыр...





## ӨЗГӨРБӨГӨН, ОТТУН КҮЙҮП ЖАЛЫНЫ

Жылып аккан суунун тартып агымы,
жыргап укkан күүнүн артып жагымы,
өзүң мейли, турсаң дагы өзгөрүп
өзгөрбөгөн, оттун күйүп жалыны...

Өзгөрбөгөн, оттун күйүп жалыны,
өгөйсүтүп, өөн көрүп жаңыны
өз билгенин айтып, оюн бербеген
сен ойлонуп, карап көргүн, жагыңы:

азга көнүп... көпкө көзү тойбогон
ана, пенде – түлкү болуп жойлогон:
ким бирөөнүн тагдырына кайышып
ким бирөөнүн жөнүн ойлоп койбогон...

Жер айланып, өз огунан айрылбай,
азыр көргөн, азыр өтүп кайрылбай
көз көргөнүн, өзгөргөнүн унутуп
анан кантип, жашамаксың, кайгырбай?

Алыс көрүп асман, жердин арасын,
калыс көрүп карегиңдин карасын,
жүүнүң бошоп, жүрөк канап тилинген
күнүн көрүп – күнүмдүктүн «жарасын».

Жол азабын баскан билип башынан,
күн казабын тарткан сезип жашынан...
Өзү тапкан чагылгандын отунан
өзү булут – өзү «күйүп» жашыган...

Кимдин кантип, кандай ишке жарашын
турмуш ылгап күчтөндүрүп талашын,
бирөө оюн: жакшы көрүп билдирген –
бирөө тоюн, бирөө берип «кара» ашын.

Пенде жашап, паанек көрүп жатагын
Ай ашырып Күнгө берип атагын,
Адам Ата жаралгандан чыр күчөп
Жер жашырып, ката албаган, чатагын.

Жылып аккан суунун тартып агымы,
жыргап укkан күүнүн артып жагымы,
өзүң мейли, турсаң тургун, өзгөрүп
өзгөрбөгөн, оттун күйүп жалыны...





## ОЙЛОНБОГОН УБАЛДЫ

Кармаган алып куралды
муздагын туюп ири алды,
ойлогон оюн аткарган
ойлонбой туруп убалды.

Ойлонбой туруп убалды,
колуна кармап куралды
кыянат ишин жасаган
кылмышын билип ири алды.

Канкорлук кылган – кор экен,
тагдыры – зындан, ор экен,
жөргөмүш жайган желедей
жердеги кылмыш – тор экен...

Байыртан келген уланып
кыпынча көрбөй коомун,
кылмышкер таштап тагдырын –
тандаган жолдун «тоомун».

Кармаган алып куралды
өлүмдү туюп ири алды,
ойлогон ишин жасаган
ойлонбой туруп убалды...

## КУР БЕКЕР, ЖАШЫГАНЫҢ...

Дөөлөттүн көз агында
пырпырап айланбаган,
кылыйып кызмат үчүн
кылтырап байланбаган –
күн көрүп кумурскадай:
бирөөгө зыяным жок,
бирөөгө залалым жок,
бирөөгө дооматым жок
эртеден кечке чейин:
жүгүмдү өзүм артып,
жүгүмдү өзүм тартып
күнүгө ташынамын,
өзүмө максат коюп
аткарып, – жетиш үчүн
шашылып, ашыгамын...
Кур бекер, жашыганың...
Мен дагы, сен сыяктуу,
бир кезде жашыгамын...

Абанын, суунун турган,
сайылып туунун турган
асманда сансыз жылдыз,
Ай менен Күндүн турган,
үндөсөң – үн жаңырткан
өзөн, ой, тоонун турган, –
кадырын, баркын билбес,
өткөндөн сабак алып
«өткөнүн» туштап илбес,
жалжайган пендең ушул:





(бизди эмес.., бизди койчу...)
маалында, убагында:
Кадырын Мукамбеттин,*
кадырын Машаяктын
кадырлап билмек тургай, –
ойлонуп койгон эмес;
эч качан пендең ушул –
«болду» деп нысап кылып,
өмүрү тойгон эмес;
ошондон ушул күнгө
согушун жер үстүнөн
«бүттү» деп, жойгон эмес...,
бөжөктөп, баш урунуп
кызматын кылып келген:
Чыңгызкан**, Темирлердин
кан төккөн жайын айтып,
даңктаган кайра кайтып..,
өзгөрбөй пендең ошол
дагы эле, даңкын айтып
мактаган кайра кайтып:
Чыңгызкан, Темирлерди
сүр кылып тепендеген
бийчыкма «эмирлерди»...

Ошондон кумурскадай:
күн көрүп – ташынамын,
өз жүгүм өзүм тартып
шашылып, ашыгамын, –
болгону, өмүр ушул –

---

* Мукамбет, Ыса пайгамбарлар жөнүндө сөз жүрүп жатат.
** Чыңгызкан, Темир Аксак жөнүндө сөз.

эмнеден жашынамын?!
Кур бекер, жашыганың...
Мен дагы, сен сыяктуу
бир кезде жашыгамын...

Болгону, бар өмүрдө:
сөздү угуп «илген» жанга –
ой бөлүп ачыламын,
кадырды билген жанга –
ыр төгүп чачыламын...





## ДҮЙНӨ УШУЛ

Күн өтүп, күнүң бөгүлгөн
гүл ачып, гүлүң төгүлгөн
өзөктөн күйүп өрт күчөп
өксүтүп көөнүң сөгүлгөн.

Пикирин айтып төрүндөн
пикирлеш болуп көрүнгөн,
ымалаш жүрүп көп «досуң»
ыйманын сатып бөлүнгөн.

Пенде ушул, пенде жалманып
кызарган жерде кармалып,
тойсо да «көзү» тойбогон
көргөнүн күсөп арбалып,

табышмак катып сырданып,
кылыгын артып кырданып
атагын кимдин ашырган (?) –
атагын айтып нурданып...

Өткөнүн, көчүн танышкан,
улантып өчүн алышкан,
кимге бу, кимге жагынып (?) –
кимге бу, пенде жабышкан?

Дүйнө ушул, дүйнө жаралган
кан төгүш башта таралган:
жан багыш үчүн жан кечип
жан багыш үчүн жан алган.

Күн өтүп күнүң бөгүлгөн
ушундан көөнүң сөгүлгөн:
какжырап, кажып – кең дүйнө –
кажыган эшик көрүнгөн.

Жыл өтүп, жылың бөгүлгөн
гүл ачып, гүлүң төгүлгөн:
ушундан тарып – кең дүйнө –
казылган мүрзө көрүнгөн.





## УШУНДАЙ ЖАЛГАН ДҮЙНӨ

Токтогул ырдап өткөн
«томого» салган дүйнө,
түгөнүп күнүң бүтсө
тоорулуп алган дүйнө,
келберсип кемибестен
кебелбей калган дүйнө,

канакей, кана... кана...
шоруңдун жуулганы? –
Жезиттин жексен болуп
жергеңден куулганы? –
Айласыз амал таппай
аргасыз муунганы?

Токтогул ырдап өткөн
бардарга – барман дүйнө,
созгонго колу жетпей
жок-зарга – арман дүйнө,
«сүт кылбай» түбү жүрүп
оопасыз жалган дүйнө,

канакей, кана... кана...
шоруңдун жуулганы? –
Эл акын жегендердин
жок болуп куулганы? –
Айласыз амал таппай
аргасыз муунганы?

Ушундай жалган дүйнө
көзүңдөн кан агызып

домогун салган дүйнө,
түгөнүп күнүң бүтсө
тоорулуп алган дүйнө,
келберсип кемибестен
кебелбей калган дүйнө...





## ДОМБУРА

Боорум, алып домбура
күүгө келсин, сен, бура.
Шыр дегенде төгүлүп
шыгын ачкан үн тура:

Кайрыгында казагын
өбө калган, домбура,
кубанычын, кайгысын
төгө калган, домбура,

кайгысына казактын
чөгө калган, домбура,
бугун ичтен чыгарып
бөгө калган, домбура,

«кутман жерим – кут!» деген
кут даарыган үн тура,
кана, боорум, күү черткин,
таңшып турсун, домбура.

## БИЗДИН МУУН

*(Классташтарга арналат)*

Камчы сомдоп өрбөгөн,
төөнү комдоп көрбөгөн,
биз жетилип, биз өстүк
тоону көздөп өрдөгөн.

Чийне тарттык теминип,
пахта тердик эңилип,
соцчарбанын ишинде
биз, калбадык, жеңилип...

Коммунизм «атагын»,
фашисттердин чатагын
аңдап... анан билгенбиз
кайда, коён жатагын...

Анда заман башка эле
мээнет, эмгек – жашка эле,
ардагерин ардактап
кары келсе – ашка эле...

Өттү. Кетти. Балалык.
Аны кайдан алалык?
Тун сүйүүнү жоготтук
эми, кайдан табалык?

Каада күтүп шаң ката,
намаз окуп таң ата,
кубанычын катпаган
көбү болуп чоң ата.





Ар мезгилдин ыры бар,
айтылбаган сыры бар,
көптүн оюн дүргүтүп
басылбаган чыры бар...

Өттү. Кетти. Балалык.
Аны кайдан алалык?
Биздин муун элүүдө
адам бойдон калалык.

## АККАН ДОС МЕНЕН «КАПКАН» ДОС ТУУРАЛУУ ТУРАТТЫН АЙТКАНЫ

Аппак ою «кыроолоп»,
ак тилегин ыроолоп,
суу кечкенде атымды,
алып өткөн жылоолоп:

калкар болуп – Аккан дос
залкар болуп – жаккан дос,
зор ишеним көргөзүп
зор сыймыгын таккан дос.

Достун түбү – доо эмес
түбү келип – жоо эмес...
Дос кудайдын бир аты –
куш байлаган – боо эмес.

Кулабаган тоо болуп,
урабаган зоо болуп –
жан ооруса сеп болуп –
досум турган чеп болуп.

Жан курманым – Аккан дос,
жан дилимде баккан дос:
жөө жүргөндө үйрүлүп
түшө калып жаккан дос...

Жөө жүргөндө «капкан» дос,
төө мингенде тапкан дос:
тоголонуп тоорулуп
торко тонун жапкан дос.





Кыр көргөзүп «бош» келбей,
түс үйүрүп жош келбей,
колун үзүп бөлүнгөн
сөз айтылып «кош» делбей.

Аман болсун, «капкан» дос.
Дайым болсун, Аккан дос:
зор сыймыгын арттырып
зор «сыйлыгын» таккан дос.

## ЧЫГА ТУРГАН КЕЗИҢ КЕЛДИ ЖАРЫШТАН

*(«Ата Журт» деп боор толгогондорго)*

Ач кадыры, ток кадыры билинбей
тоодой караан көзгө турса илинбей:
жашаш кыйын... көңүл куунап шат болуп
жашаш кыйын... жүрөк канап тилинбей,

турса күнүң түңүлдүрүп «ыркырап»
чыгыш кыйын... чындык үчүн чыркырап,
коно турган жерин издеп – коно албай –
чымын жаның чымчык болуп пырпырап..,
караң калгыр, канчалаган үмүтүң –
сынган чыны – колдон түшүп быркырап.

Чыны кыйын... чындап кыйын коо болуш,
урабаган улар учкан зоо болуш,
тоодой караан пайгамбарын көрбөгөн
өз жериңде, өтө кыйын тоо болуш...

Керек кезде, издеп сени табышкан,
жакшы сөзүн айтып көбү жабышкан,
ооздон – тишиң, колдон – ишиң кеткенде
оңой эле, тишин салып «кабышкан».

Өмүр жолу өлчөнбөгөн арыштан,
сөөм болсо сөөм жакын карыштан:
«Тишиң барда, тартынбагын, таш чайна!» –
Чыга турган кезиң келди жарыштан.





## АТЫҢ – КУРУК «ЧЕЛЕКСИҢ»

Журттун ишин «турдум» дебес, – тутунуп..,
жеген сайын «жедим» дебес, – жутунуп..,
алган сайын «алдым» дебес, – тутулуп..,
калган сайын «калдым» дебес, – утулуп..,

гөр-пендеге, бар болгону, терексиң
шайлоо кезде, шоруң каткыр, керексиң...
Керек кезде, атың – кымбат «Белексиң»,
бөлөк кезде, ун элеген – «элексиң».

Чаң-ылайды тепсеп басып тебелеп,
балчык кечип жамгыр жааса себелеп,
оозго жетип, ооздо калган кепичтей, –
күн көрөсүң колдон өтүп – чекичтей...

«Кепич» күнүн көргөн жашап кылтырап,
«маасы» күнүн көргөн «ашап» жылтырап,
чындык үчүн чымын жаны чыркырап
чындык үчүн чыны, бүгүн, ким чыгат?

Гөр-пендеге өсүп турган терексиң,
шайлоо кезде, өзүң курган, керексиң...
Керек кезде, затың – улук «желексиң»
бөлөк кезде, атың – курук «челексиң».

## ЧЫНЫН КАЧАН АЙТАБЫЗ?

Бийик тоонун бийиги – бийиктеги
сырды чечип билбеген – кийиктеги,
жип эмеспиз, адамдар, жип эмеспиз(!)
чимирилип ийрилген ийиктеги.

Акыл барда ааламга сыя турган,
акың барда арамды тыя турган,
мөмө эмеспиз, адамдар, мөмө эмеспиз(!)
бал татытып ширесин жыя турган.

Жарга такап өзүбүз өзүбүздү,
«жылуу» санап айтпайбыз сөзүбүздү..,
пайда көздөп, жашайбыз, пайда көздөп
эч күнөөсүз көргөзүп көзүбүздү.

Тойдой кылып дүңкүтүп ыйыбызды,
тандап жасап көргөзүп сыйыбызды,
чынын качан, айтабыз, чынын качан –
чыркыраган чындыкты – чыныбызды.

Күндөн – Күндү издейбиз жарык көрүп,
малдан – малды ылгайбыз арык көрүп,
адам тандап, жашайбыз, адам тандап(!)
зыяны жок момунду карып көрүп.

Акыл барда ааламга сыя турган,
акың барда арамды тыя турган,
кезден өтүп жашасак – болмок эле.., –
бир нан үчүн өмүрдү кыя турган.





## НАСЫЙКАТ

*(Ата-Бейитте шейит болгондорго)*

Күлкүң – ыйга, ишиң – чырга айланып
кур жалааны тагып койчу... турганда,
чындык гана чыдап, түтүп кысымга, –
чымырканып чыдап өзүн урганда!

Чынын билбей, анда кокуй, болжошуп
чыккан эле, «көсөм» оюн колдошуп:
«Өлүм!» дешип — элин танган ырчыга,
«Өлүм!» дешип – элин чанган «тыңчыга».

Атаганат, ал учурдун азабы!
Атасынан бала жүзүн бурганда,
чындык гана чыдап, түтүп андайга –
чымырканып, күүлөп өзүн урганда!

Жалган жакын досу болуп тактынын
«кой терисин – момун болуп жамынган»,
«бөрк ал – десе – баш алганга маш болуп»
баягы эле... кешиккорлор чамынган.

Бир алаамат жылдарга өмүр кез болуп,
аны көрдүк, пешенеге жазып, тай*
ким болсо да оңой бүгүн өткөндү
алат эми өзү билип айыптай...

---

* Эркелетип, кайрылган сөз

## ТОО ГАНА ТООНУ УЛАГАН

Өмүргө шерик, эш деген
өбөгүң болуп эс деген
бар бекен, барбы, өзүңдү
жөлөгүң болуп – эстеген?

Бейтааныш бөтөн из менен
бейиштин күнүн издеген,
бөлөксүп көрүп өз элин
өгөйсүп кимбиз – биз деген?

Жылгага түшкөн из менен
жыргалдуу күнүн издеген
өзүмсүп сыйлап өзгөнү
өзгөрүп кимбиз – биз деген?

Тоо гана тоону улаган
тооң жок бүгүн... кулаган:
тоорулуп күйүп – тоо болуп –
томуктай элин кураган...

Зоо гана зоону улаган
зооң жок бүгүн...ураган:
Үйрүлүп түшүп – зоо болуп –
үркөрдөй элин кураган...

Билгенге **Манас** пир болсун,
ыйманы, жаны бир болсун..,
өз күнүн жашап өзүмсүп
өз элин сүйгөн дил болсун,





Өмүргө өбөк – эс болсун,
өзүнө шерик – эш болсун:
из жанбай элин калкалап
миз жанбай турган пеш болсун.



## СУЛАЙМАН-ТОО – ЫЙЫК ТОО

Кур убада, куру сөзүң өтпөгөн,
таш бооруна бадам өсүп көктөгөн,
турат ана, Сулайман-Тоо – ыйык тоо,
турат ана, сырын ачып төкпөгөн.

Күн чубагы тийип турса кылайган,
көк бетинде булут жылып булайган,
ыйык жердин ыйыктыгын билгизип,
Оштун ээлеп – ортосунда Сулайман.

Тили болсо тилек айтып көксөгөн
төгөт беле, сырын ачып төкпөгөн?
Мезгилинен мээрим издеп буйдалбай..,
мезгилинен сүзүп өтүп чөкпөгөн.

Октос албай, атырылып курч аттай
мезгил өтөт өз учурун бурчатпай...
Шаар кеңип, шаар жайып этегин
шаар өсөт тегерегин курчатпай.

Пайгамбардын атын алган ыйык тоо
бар экенин, билбейт дечи, кыйык жоо...
Уруу бөлүп, кыргыздыгын унутуп
кыргыз үчүн кыргыз кантип, болсун жоо?!

Канчалаган заман кечип көптөгөн,
журтум аман ойго жетип көксөгөн,
канчалаган өмүр өтүп өксүтүп
канчалаган муун өсүп көктөгөн:
өз «киндигин» өзү кесип бой жетип
өз тагдырын өзү чечип өкчөгөн.





## ТҮНДӨ КӨРГӨН ТҮШТӨЙ ЖАРЫК ТҮБӨЛҮК

*(Мелисбек Мырзакматовго)*

Өз жакшысын берген элим кылымда,
сөз кадырын билген билет... чынында:
«Акыл – жаштан, асыл – таштан жаралып»
кылыч баркы билинбеген – кынында...

«Ата Журтту ооруба...»* деп көтөргөн.
Алыкулдар барбы бүгүн «жөтөлгөн»?!
Алыкулдай сүйүп турган Мекенди,
атаганат, өмүр болсо – өтөлөгөн –

деген оюм, бар болгону тилегим..,
(бар экенин боолголоп билемин),
Мелис иним, жалындаган сөзүңдөн
күйүп турган оттун сездим илебин.

Абалкыдан жаштын берген тилегин,
алып жүрүш – кыйын оттун илебин,
аянбаган кыргыз үчүн тегибиз –
аяшпаган акыл-күчүн, билегин...

Көнүмүштөй турмуш өтүп ыгында,
сөз кадырын билген билет... чынында,
аз өмүрдүн аздыгынан суурулган,
эл жакшысын аздап берет кылымда.

---

* Алыкул Осмоновдун «Ата Журт» деген ыры жөнүндө сөз болууда.

Мелис иним, жер кулачы кең делип,
үмүт «чачы» өскөн менен сеңселип,
Ата Журтту бек кучактап сүйөлү,
таканчыктап – араң баскан теңселип.

Кандай айбат, Ата Журттун атагы!
Бек кучактап Ата Журтту каталы!
Түндө көргөн түштөй жарык түбөлүк –
түңүлбөстөн... Ата Журтка баталы.





## ҮЧ ЭЖЕМ

«Падышадай кыздарым» деп баалаган
чоң атамдын сөзү калып, өзү жок.
Айтпай эмне? Алкыш алып жашаган
эсил кайран, үч эжемдин көзү жок.

Бөпү, Таасил, Ажар эжем – ажарлуу
болгон ырас, элге жагып назарлуу...
Жазбай эмне? Ыйыктардын ыйыгы –
асыл мурас, ата жерин мазарлуу.

Оомат келсе – оозго турган нан «бышып»,
кири кеткен, – кирди жуугун, шыр жышып,
көрө албастык – «көмөчүнө күл тартып»,
ичи тардык жашап келет тырмышып.

Жалын ыштап, «көөнү» кийип буланган
турмуш – казан... Көз жаш эмес куланган...
Өмүр – тулга, отту минип ийилип:
өмүр жолу, тээ-э, байыртан уланган...

Бир чекитти чексиз карап тигилген,
бар болгону, сүрөт калып илинген
эсил кайран, үч эжемди жоктодум
кийин өтүп, кийин баркы билинген...

## КЫЗГАЛДАК

Күн батып токтоп калгансып,
үн катып жоктоп алгансып,
үндөшүп дүргүп – «дүрт!» күйүп
дүрмөтүн октоп жангансып,

өрт күйүп – жаздын теңиндей,
көрк сүйүп – кыздын «жеңиндей»,
чоктонуп кызып – чок катып –
чок болуп кыздын меңиндей:

кызгалдак кырдын «анары»,
кылгырган кыздын жанары,
өрттөнүп күйүп – өрт болуп –
өрттөнүп турду жамалы.

Албырып кыраң чалкыган,
ышкысы – булут, калкыган,
буюгуп тоңуп муз тиштеп
кышкысы – унут, жалкыган...

Тушугуп күнгө туш болуп,
күз келип, жазга «муш» болуп
кеткиче, кырдын көркөмү –
көрүнүп учкан куш болуп,

гүлгө ороп, гүлгө чөгөргөн
ой-кырын кыйбай көгөргөн,
ашыгып ашуу ашканы
жаз барат гүлүн өңөргөн.





Чөпкө ороп, чөпкө чөгөргөн
чөлкөмүн кыйбай көгөргөн,
аз калып ашуу ашканы
жаз барат гүлүн өңөргөн.

## АЙЗИРЕК

Бош балдарды: «Бошсуң – деп –
ортолукка бүт класс,
колдогусун кошсун – деп –
кошпогонун текшерем,
колун мага тоссун» – деп
буйрук берип, Айзирек,
укпагандын кулагын
чоюп-керип, Айзирек,
теске салып классын
териштирип, Айзирек,
жетиктигин билгизип
зирек чыгып, Айзирек,
тетиктигин көргөзүп
тирек чыгып, Айзирек,

тыкан, ыкчам, шыпылдап
тикенектей тыкылдап,
катылгандын катыгын
катуу берген быкындап...

Көз тийбесин бой жетип,
сөздөн мукак болбостон,
«тирик» болсун, Айзирек,
баштан жукак болбостон,
«ирик» болсун Айзирек,
зар-кусасын үйгүзгөн,
жан эзилтип сүйгүзгөн,
«пилик» болсун, Айзирек,
бир чыракты күйгүзгөн.





## ЧӨПКӨ ЗЫЯН КЫЛБАГАН

***(Төлөгөн Мамеевдин 70 жаш маарекесине)***

Түпкү Атабыз калтырган
тили сайрап, дили бар,
кыргыз үчүн кан жуткан
Кан Манастай пири бар,
Ата Журттун ажарын
ажарланткан ыры бар,
чөпкө зыян кылбаган
пейил күткөн – сыры бар,
70ти жетелеп
70 бел, кыры бар,
Төкө, сизге мактоону
айта турган ыгы бар.

70ке жетипсиз
ичтен күйүп сызылбай,
ырды тандап жазыпсыз
данын сузуп кызылдай...

Кутман курак кут болсун!
Чарчабаңыз, желиштен...
«Фауст» жазган Гетедей
курагыңыз келишкен.

70ти ашырып,
80 жашты сермеңиз,
тоголотуп 90ду
анан чыксын, термеңиз.

## РЫСПАЙ

Күнүн озуп – жолун тосуп буулган,
үнүн созуп – ырга айланып куулган,
ырдаш үчүн ырдан бүтүп тагдыры
ырдаш үчүн ырчы болуп туулган.

***Кайырма:***

Ырда Рыспай, ырдап калгын, ырдагын!
Миң кубулжуп, мин, өзгөрүп ырдагын...
Өзөгүңдөн – өмүр өтүп өксүтүп
кызгалдагың – ырың калып кырдагың,
ырда Рыспай, ырда дагы ырдагын
өз кадырын билип калсын ыр дагын,
ырда Рыспай, ырдап калгын, ырдагын!

Күнү болуп каңырыгын түтөткөн,
кайра курчуп күүсүн чалып күчөткөн,
бир өмүрүн ырга айлантып ыр болуп
бир өмүрүн үч айланып, үч өткөн.

***Кайырма:***

Аруу тилек, аздектеген үмүтүн
күүгө салып алдейлеген күнү-түн,
ыры гана, ыры күйүп ал үчүн
ыры гана, ыры билген күйүтүн.

***Кайырма:***





## БҮТҮҢ ТУРУП «АКСАЙСЫҢ»

Журттун ишин түртө салбай, – жашка эле,
баса калып күч чыгарбай, – ашка эле,
калыс сөзүн айткан чалдар, бүгүн жок,
биз чоңоюп өскөн кезде башка эле.

«Жолу – дешип куран окуп алышта,
бүт собобун жер «ээсине» багышта,
ишти көздөп тактайлы – деп айтышчуу –
сен паланча, айтып бизге табышта».

Анан чалдар суусун буруп байлаган –
созбой ишин күн коротуп айлаган,
кайда десе, кете берген «макул» деп,
чөп ор десе, чөбүн оруп чайлаган*.

Ичи тарып, ичи күйүп куурулуп
ичтен бузган бирөө чыкпай суурулуп:
журттун ишин – журту гана көтөрүп,
журттун ишин – журту бүткөн жуурулуп.

Көчө сайын, бүгүн, «камок» – сыйбайсың,
«журтум үчүн өлөм» десе, – «ыйлайсың»,
туугандыгын ойлоп туруп, койчу деп,
мас экенин карап туруп – кыйбайсың.

Эртесинде бирин дагы таппайсың
«ишке» десең, түк өмүрү, жакпайсың
сөзүңдөгү – «журтум» деген, журт тургай..,
өзүңдөгү – бүтүң туруп «аксайсың».

---

* Калың өскөн деген мааниде.

## КУШ УЧПАЙ, БҮГҮН, ТУУРДА

Буйдалып өмүр бурууда,
жол чалып, жолун курууда
ак пейил болуп адамга
ак санап гана, турууда...

Айкыштап күнүң – суур да,
кийинген тонуң – куур да,
«туш» укпай, үнүн шаңшыган –
куш учпай, бүгүн, туурда:

буюккан түндө куш учпай,
ыйлаган үндү – «туш» укпай,
өмүрдү жашаш, оо, кыйын
кайрымсыз күнгө түшүкпай...

Жол – өмүр, жолуң бурууда,
бактысын өзү курууда,
ак пейил болуп адамга
ак санап гана, турууда...





## ЭЛҮҮГӨ ЧЫГЫП ЭЭНСИП ТУРАМ

Битини-битир майданы көрөм,
салаалап «чачын» кусанын өрөм,
кекенип кектеп, кек түйүп турган
көңүлдөн алып ызаны бөлөм.

Өткөргөн күндүн элеси турган:
көрүнүп ашуу, белеси турган,
айыгыш күчөп өмүрүң – күрөш, –
жөргөмүш тарткан желеси турган...

Өмүрдүн күйгөн өкүтү күчөп
жалынсыз күйүп, жалынсыз түтөп
«жамагын» салып – жашаган өмүр,
жетпеген турмуш – «жыртыгын» бүтөп...

Тагдырым мага буюрган экен,
«турагым» – Түндүк уюлдан экен,
ата-энем мээрин көрбөстөн өсүп
балалык бактым – кыйылган экен...

Тагдырдын жолу маңдайга бүтүп,
чыдаган өмүр – жашоого түтүп,
өмүрдүн жолу өзгөрүп койбой
өксүтүп турган ажалын күтүп...

Жегеним – желим; жердики болуп,
ичкеним – ирим; тердики болуп,
элүүгө чыгып ээнсип турам:
өмүрүм өтүп; «бердики» болуп...

Көк жайык жашыл, көк ирим көлдөн
өмүрдү башташ, оо, кыйын нөлдөн
өзүмдү тууган, өз апам өлүп
кайрылып кайтып келбеген көрдөн.

Бетинди жууган көз жашың – кыска..,
бийиктин чеги ак мөңгү – нуска,
ак кардан тартып адамга чейин
жаратып бизди кудайым уста:

рахмат айтып абага, сууга
Түпкү Атам сайып түптөгөн тууга,
рахмат дедим акыйкат күнгө,
«кыргызмын» деген насыйкат үнгө,
рахмат айтам тирүүлүк үчүн
алмашып турган күн менен түнгө.





## ЖЫЛДАР ӨТӨТ «ЖЫЛАҢ БАШ»

Гөр-пенденин сөзү менен каалаган
көрбөй сени, билбей сени баалаган:
айың сөзгө ата болуп көпчүлүк
көз көргөнүн көрө калып жаалаган...

Төбөң менен жерди казгын... билинбей
пара берип «барр-а!» деген билинген.
Чоң жегендер чоң жегенден илинбей
«чоң жебеген оң» дегендер илинген...

Ким болбосун, күлгүсү бар – каш болуп,
ким болбосун жүргүсү бар – баш болуп,
кандай гана иш болбосун маш болуп
ким болбосун, калгысы бар – жаш болуп,

санаа тартып, санаа басып букпаган
кыргыз турат эшик кармап уктаган.
Жылдар гана, жылдар өтөт «жылаң баш» –
же кыргызды кыргыз сыйлап укпаган...

## БИЗ БИЛБЕГЕН ТУРАТ УЮП – ТЕРЕНДЕР

Кыргыз бүгүн ыркын бузуп күн алыс,
кыргыз үнүн кыргыз укпай – үн алыс,
өзү тургай, түшү дагы бөлүнүп
түнүн көргөн түшү кетип – түн алыс...

Кыргыз өзү кыргыз үчүн – өз эмес,
жыйын сөзү жыдып бүтүп – сөз эмес,
бүгүнкүсүн көрүп жашап, тим болуп,
эртеңкисин көрө албаган – көз эмес...

Эстей калып, «элим» деген эрендер,
жанын тиштеп «бизнес» деген берендер,
биз көрбөгөн жашоо келип – жаш сыгып,
биз билбеген турат уюп – терендер.

Кыргыз сөзү малын багып эшикте,
орус сөзүн балаң сүйлөп бешикте,
кыргыздыгын сакташ ыйык шерт болуп
канчалаган бабам калган – мерт болуп.

Күнкор болгон күндөн сабак албаган,
көкөй кескен кезден көөнү калбаган,
кыргыз уктап, кыргыз жатат мемиреп
болочогун болжоп сереп салбаган.

Же бир сөзүн укпай бирөө тоготуп,
канчалаган муундарын жоготуп,
кыргыз бүгүн жолун таппай кыйырдан
чыгалбаган, чийне тартып чыйырдан.





Батаар күндүн жылытпаган илеби,
жакыр журттун жакыр эмес тилеги,
суудай өмүр сүргөн журттун кадырын
«көппүз» деген көпкөн журттар билеби?

Билген билсин, билбегенге не чара?
Өзү чечип көрө албаса, же чара:
өткөн өтүп, кеткен кетип кайрылбай
жашагандар жашай берсин, – бечара...

Пулун ойлоп «кунум» деген эрендер,
күнүн тойлоп «пулум» деген берендер,
биз көрбөгөн жашоо келип – жаш сыгып,
биз билбеген турат уюп – терендер...



**ӨТКӨНДҮН БЕЛЕГИ – ТИЛИБИЗ,**
**КЕЛЕЧЕКТИН ЖЕЛЕГИ – ДИЛИБИЗ.**





## БОЛГУН, КЫРГЫЗ, СЕН АМАН!

Тарыхтагы аты калып,
заты жок болгон –
канча бир элдердин
Жарык Күн алдындагы жашоосу
кан буугандай токтолуп,
колдон түшүп жоголгон буюмдай
кийинки дайын-дареги билинбей:
туусу жыгылып..,
күлү додо болбой,
түпөнү түзгө айланып,
«тукум курут» болушканын ойлоп туруп,
пенделик түкшүмөлдөөбүз менен,
пенделик түшүнүгүбүз менен
кебелбей туруп, кесе айтабыз:
«Жоголду... Бүттү...
Жоголгон элдер...
кайра ордуна кайрылып,
кайра ордуна төлөө берип келбейт» – деп.

А балким, жашоо чеги –
өлүм менен бүтпөстүр...
А балким, алар –
жоголгон элдер...
биз ойлогондой
жашоодон такыр жоголгон эместир...
Жоголгон элдердин жашоосу
денеден жан ажырап бөлүнгөндөй,
Жарык Күн алдынан жок болушса да,
алардын башка дүйнөдөгү жашоосу
күн менен түн биригип туруп
бир бүтүндүктү – бир күндү түзгөндөй:
бир бүтүндүккө ээ болуп,

насил-наркында бири-бирине
карма-каршы болгону менен
бирин-бири толуктап гана,
бирин-бири улантып гана...
бирин-бири бекемдеп гана тургандыр...

## Аткан таң менен кошо турам...

Жалгыз келип,
жалгыз кеткен өмүрдө:
тагдыр мага буюруп,
Кыргыз болуп жаралып –
ырыскы-кешигим куюлуп,
Жарык Дүйнө туюлуп –
Кыргыздын көзү менен
чып-чыргасын коротпой
көзүм жеткенди көрүп тургандыгым үчүн;
Кыргыздын акылы менен
Жашоонун аки-чүкүсүн аңдап
акылым жеткенге чейинкини боолголоп,
саресеп салып билип тургандыгым үчүн;
Кыргыздын тили менен
«чечкейим чеч» болуп чечилип,
сөзүн сүйлөп,
ырын ырдап эзилип
Салт-санаасын, каадасын
асыл наркын, санатын
бөтөн көрбөй өз көрүп тургандыгым үчүн;
Кыргыздын дили менен
Адам Ата менен Обо Энеден баштап,
Нух пайгамбарга чейинки доорду,





Нух Аллейкисаламдын уулу Жапастан баштап,
Кыргыз Атага чейинки доорду,
Кыргыз Атадан Манас Атага чейинки доорду,
Манас Атадан Долон Бийге чейинки доорду,
Долон Бийден бүгүнкү күнгө чейинки доорду –
«өзүмкү» деп өзүмсүп,
өзөгүмдөн сызылтып өткөрүп
«өткөнүм» деп түшүнөм да,
Кыргыз болуп жаралып калгандыгым үчүн
өзүмдү бактылуу сезем:
Өткөнүм менен Келечегим болгон,
Кубанычым менен Көз жашым болгон,
Арманым менен Кайгым болгон
Үмүтүм менен Тилегим болгон –
касиеттүү Кыргызды,
Кыргыз пири – **Манасты** –
Ак Кула болуп алкынып колдогон,
Ак Шумкар болуп талпынып колдогон,
Куу Тайган болуп жойлоп колдогон,
Ак жылан болуп сойлоп колдогон, –
Колдоочуларынын бар экендигине,
Бүгүн да колдоп тургандыгына ишенем да,
Кыргыздын нурдан бүтүп жаралган:
Ыйык да,
Бийик да
Ак урук журт экендигине ынанам.
Болбосо, түрк тилдүү элдердин эң байыркысы болуп
ушул күнгө эгерим, жетмек беле?!
Болбосо, өзүнчө түтүн булатып
ташын тоого кулатып,
өзүнө өзү эге болгон эгемендүү
Эркин өлкө болмок беле?!

Кыргыз элим жаралгандан эл болуп
пулдан эмес,
кундан куруп Дөөлөтүн,
дайым сактап сөөлөтүн
кулу болбой байлыктын,
куну болуп – намыстын,
өз жашоосун зоруктуруп
өзү кептеп туюк жарга такабай:
Зор Табияттын теңдешсиз күчүнө,
көп табышмагын ичине каткан сырына,
өмүрдү таттуудан таттуу кылып көргөзүп
арбап турган, анын сыйкырына,
анын эч качан, эч убакта бузулгус
«Жашоо» аттуу
Улуу кыймыл,
Улуу ыргагына,
Улуу көчүнө –
максат, оюн, тилегин
акыл, күчүн, билегин
ысык демин, илебин –
кылычын ташка чапкандай –
каршы коюп чыкпай,
Зор Табият менен жуурулушуп,
Жашоонун Улуу кыймыл,
Улуу ыргагына
Улуу көчүнө – үндөшүп,
Өз турмушун баштан кечип өткөрүп:
Ак дили менен
Жараткан Эгем,
Кудай Теңирди жалгап,
Ак пейли менен
Жашоонун ички ыргагын
өзгө эмес,





өз денесинен байкап,
Ак түстү
Ак дили менен
Ак пейлине өбөк көрүп,
бел тутуп,
түбөлүктүү жолдош санап,
эш тутуп
Ак ниет ишин
Ак түс менен баштап,
Ак боз бээсин союп туруп
Ажо, канын көтөрүп –
Ак калпагын кийгизип,
Ак боз атын мингизип,
Ала-Тоосун керилген теңир тутуп
Көк Асаба көктө желбиреп
сайылган туусун пейил тутуп,
Ак калпагын башынан түшүрбөй,
Кут түнөгөн боз үйүн
«бозортуп» чечип бүктөбөй,
Ак дилинен
Ак түстү жактырган
Ак пейлин дайым сактап,
кетирбей жүрүп мына –
Ушул күнгө жеткендигин көрөмүн.

## Аткан таң менен кошо турам...

Кыргыздын келечекке умтулуп
бирде утулуп,
бирде утуп
Күндү беттеп сапар алган жолунда
болду дечи,

ар замандын Абыкеси, Көбөшү*:
элин чапкан,
элин баскан баскынчыга
колтук ачып,
элин жектеп жекирген,
элдин кутун кетирген –
Бакайындай кеменгерге
төө кайтартып эсирген,
элин сатып,
жерин сатып,
курсак байлап семирген
арам тамак, арамдардын айынан
кыргыздын көргөн кордугу –
азап менен муңга айланып,
Кыргыздын тарткан түйшүгү –
капаз менен торго айланып,
жегени – желим болду,
ичкени – ирим болду...
Бирок дагы
адам тургай,
жылан кирсе үйүнө
агын чачып,
агын төгүп,
Ак дилинен
«Ак жалгасын!» деп
айтып турган сөзү колдоп, Кыргызды,
Ак пейилдүү болгон үчүн
Көкө Теңир өзү колдоп, Кыргызды,
Ушул кезге жетип келген, Кыргызым,
далай сабак турмуштан
алып келген, Кыргызым,
азыр деле, арасына батырып –

*Манастын күнүлөш туугандары.





жеткен акыс жүзү жок,
ыйманын жеп ыскатына кол койгон,
эл акын жегенге маш болуп
ыгын таап жол койгон:
Абыкедей, Көбөштөрүн көптүрүп,
бүгүн деле, багып келген, Кыргызым.

## Аткан таң менен кошо турам...

Ушул ыйык Кыргызга,
ушул бийик Кыргызга,
ушул улуу Кыргызга
«кыргызбыз» деген –
ушул бүгүнкү, биздин,
керегибиз барбы?
Чындап келсе... жок.
Анткени, бизге чейин да Кыргыз болгон,
бизден кийин да Кыргыз болот.
Жашоонун эң аялуу,
эң талуу жери –
ошол ыйык Кыргыз,
ошол бийик Кыргыз,
ошол улуу Кыргыз
«кыргызбыз» деген
ушул бүгүнкү бизге жараша болуп,
биз, намыстуу кыргыз болсок –
намыстуу кыргыз болуп,
биз, дүнүйөпараз кыргыз болсок –
дүнүйөпараз кыргыз болуп жатпайбы?!
Ар замандын кыяндай бүлгүн салган
каргашалуу капсалаңынан удургуп алдастап
дел болуп калбай,

жасаган иши акыйкат болуп,
сүйлөгөн сөзү насыйкат болуп
кебелбей гана өтүшкөн
кайран гана бабалар!
Кайран гана Улуу Кыргыз!

Болбосо, «Журттун улуулугу санында эмес,
жаны менен бирге бүткөн канында» –
деп айтмак беле?
«Журттун нарктуулугу кашатында эмес,
жаралып чыккан башатында» – деп айтмак беле?
«Журттун ынтымагы азатында эмес,
ар-намыска ширелген
жасатында» – деп айтмак беле?
«Ажыраша турган –
алдыңкы ээрдин кашын сурайт,
достошо турган –
аягыңа жыгач улайт» – деп айтмак беле?
«Пулдан курган дөөлөт
уттурмайынча, кул менен жеген куймак
кустурмайынча койбойт» – деп айтмак беле?

Анан ойлонуп олтуруп
Кыргыздын сакталып калышы үчүн
жеңин – желек кылып,
этегин – элек кылып,
өмүрүн берип
башын сайган
Ата Кыргызга
башыңды ийип таазим кыласың да,
**«Күкүк» багып учурган, кыргыз,**
**Муңбай өткүн, учурдан, кыргыз!** – деп айтасың:





Шаңы кетип шак калган,
каны кетип так калган,
көркү кетип көйкөлгөн
барки кетип бак калган:
«Бөрк» ал десе, – «баш» алган,
көздөн сыгып жаш алган,
кайыш тилип жонуңдан
касам ичип – кас алган,
кайдан күйүп кайышсын
касын тигип – бу жалган?!

Кайсы доор келбесин,
«күкүк» багып учуруп
өзүң болуп дак калган..,
көчүң кыргыз, уланып
жолуң болуп ар заман,
кандай күндө калбагын
болгун, кыргыз, сен аман.

Күнүмдүгүң «аккан суу»
агып өтүп күндүгүң,
түпкүлүгүң турган туу
туу көтөрүп түндүгүң,
көпчүлүгүң «бурган суу»
чуу көтөрүп күндүгүн.

Ичи көндөй көрүнгөн
көбүктөнүп көбүргөн,
кул мүнөзүн таштабай
улук көрүп бөгүлгөн.

О, жалгандын пендеси,
ооздон түшүп келмеси
жанын сатып, жан кечип
калган, анын, эмнеси?

Жалгыз болуу башынан
бир Кудайга жарашкан,
пенде көнүп жашынан
алдуусуна жанашкан:

бай дөөлөтүн санаган,
бий сөөлөтүн самаган,
кулкун үчүн кул болуп
жан-дүйнөсүн «камаган»:

абак болуп ушундай,
Адам Ата тушундай:
нур бейиштен куулган
алмасын жеп мушундай...

Пенде жашап ушундай
ийне, мыктын учундай:
өз кудайын* өлтүрүп
«өзүм» деген учурдай.

Өзгөрбөгөн, өспөгөн
өз тагдырын «өкчөгөн»
алкын бузуп, агытып
көз көргөнүн көксөгөн.

---

* Ыса пайгамбардын чырымга керилиши жөнүндө сөз болууда.





Чынын айтсаң жектеген,
чын өчөшүп кектеген...
Чындык үчүн чыркырап
чындап азап чекпеген;

канкордугу кетпеген,
камкордугу жетпеген,
жарга такап жашоосун
анткорлугу кептеген...

Шаңы кетип шак калган,
каны кетип так калган,
көркү кетип көйкөлгөн
барки кетип бак калган:
«Бөрк» ал десе, – «баш» алган,
көздөн сыгып жаш алган,
кайыш тилип жонуңдан
касам ичип – кас алган,
кайдан күйүп кайышсын
касын тигип – бу жалган?!

Кайсы доор келбесин,
«күкүк» багып учуруп
өзүң болуп дак калган..,
көчүң кыргыз, уланып
жолуң болуп ар заман,
кандай күндү көрбөгүн,
болгун, кыргыз, сен аман!

## Аткан таң менен кошо турам...

Назар салып үңүлүп,
эч бир жанга зыяны тийбей

өсүп турган чөптү карайым,
өсүп турган даракты карайым,
таң атпай,
каргалардын каркылдашы менен
чымчык-чардын чыркылдашы –
тирүүлүктүн баасын ашыргандан ашырып,
Табияттын ички ыргагына
үндөшкөндөн үндөшүп
үн тунган Дүйнөнү,
кыймыл толгон Дүйнөнү
көрүп тургандыгым үчүн
ичим жылым суктанам да,
өз элимдин өткөнүн –
Белек кылып колума карматкан,
өз элимдин келечегин –
Желек кылып колумда ыргаткан,
Жараткан Эгемди,
чын дилимден,
чын ыкласымдан алкаймын.
Анан негедир,
Көңүлүмө жакын көрүп,
бака байкушту эстеймин.
Анын, ач калуу менен ток болууну
жумшак менен катууну
аты калып,
өзү жок болгон –
динозаврдан мурун билгендигин эстеп туруп,
алсыз, ийкемдүү
суу баш болгон суюктук –
түбөлүк кала турган





өлбөстүктүн символу болобу деймин,
алдуу, тийген жерин кескен өткүр
алмаз баш болгон катуулук –
эрте-кечпи жоголо турган
жок болуунун, өлүмдүн символу болобу деймин.

## Аткан таң мене кошо турам...

Көңүлүмдө биз билбеген:
Өмүр менен Өлүмдүн,
Күн менен Түндүн,
Ач болуу менен Ток болуунун
Бар болуу менен Жок болуунун
ажырымы айланчыктап имерилип турат:
Анан да, бардан жок болбосту
жоктон бар болбосту
ичтен туюп билген менен
ушул турган Зор Табияттын алдында
айланып келип,
алсыздыгыбыз билинип
акылыбыз жетип,
көзүбүз көрүп,
кулагыбыз уккан нерседен башканы –
жан дилибизден өткөрүп,
ички туюмубуз менен
көрө да,
уга да албаганыбызды ойлонуп
санаага батып сабылам,
өзүмчө кичирейем...

Колдон түшүп жоголгонго күйүнгөн,
колго тийип табылганга сүйүнгөн,

байлыгыбызды бактыбыздай көрүп
мансабыбызды баркыбыздай көрүп түйүлгөн,
«жылуу жайга» чымын болуп үйүлгөн,
болгону күнүмдүк гөр-оокаттын,
күнүмдүк гөр-турмуштун кулу болгон
көр-пенде экенибизди ойлогонумда,
төбөмдөн зылдай жүк басып, –
кабыргам кайышат,
капшытым сөгүлөт,
шагым сынат,
көңүлүм чөгөт...

## Аткан таң менен кошо турам...

Акылыбыз үйдөн чыкпай тегеренип,
Көз чабытыбыз кырдан ашпай имерилип,
Жан дилибиз байлык күтүп байланып –
ээсин күткөн иттей болуп айланып,
босого пайлап бозоруп тургандыктан;
Ата-бабаларыбыздын арбагын сыйлап,
аларга чын ыкластан таазим этип,
баркы менен наркын айтып,
кадыр-урматын көтөрүп,
салт-санаасын ыйык тутуп
«бабалардын салты» деп,
«бабалардын анты» деп
Күнүмдүк жашообузга
колдонуп жашабагандыгыбыздан;
Кыргыз жерин ыйык көрүп,
Кыргыз туусун бийик көрүп,
Кыргыз үчүн башты сайган кызмат өтөлүп
Кыйылбастан Кыргыздыгыбызды көтөрүп,





Кыргыз экендигибизге
сыймыктанып турбагандыгыбыздан;
Көк жал Манастын каза катары жетип,
көзү жумулган күндөн тартып,
ушул күнгө чейинки аралыкта
баскынчылардын колунда калчанып,
бөтөн эл,
бөтөн журттун
«көз агы» менен кошо тегеренип айланып,
оту менен кирип,
күлү менен чыгып байланып,
эркектерибиз – кул болуп,
аялдарыбыз – күң болуп
«кул өлсө – куну жок болуп» –
күнкордук жашоону
баштан кечип өткөргөндүгүбүз
төгүнбү, же «жок» дегидей жалганбы?

## Аткан таң менен кошо турам...

– Чакчелекей удургуган заманга туш болдук, деп, –
– Мүрүсү сынып учалбай калган куш болдук, деп, –
Кыргыздын ниети бузулуп,
пейли тарып бараткандыгын,
акыры келип айланып,
ыймансыздыгыбыз түбүбүзгө жете тургандыгын
жазып да наалыйбыз,
айтып да наалыйбыз...
Бардыгыбыз эле
күйгөн болуп күпүлдөп,
эл атынан ар кайсы жерде

оңуту келесе да,
келбесе да
чыга калып сүйлөгөнгө машпыз...
Балким, чакчелекейи чыгып
удургуган заманга туш болгондугубуздун өзү –
жан-дүйнөбүздүн удургул
чакчелекейге түшүп жатканыдыр...
Жан-дилибиз уйгу-туйгу удургул
доңуз челип кеткенден кийинки
чачылган кумурсканын уюгун элестетип
карманып тутунаарыбызга –
Ата-Бабалардан алган белегибиздин
дайын-дарегин таппай алдастап,
желпинтип желге тосуп ыргаарыбызга –
колдогу Желегибиздин түсүн билбей калдастап,
аласалып күүлөнгөн
мезгилдин шары менен
жашап жатабыз
жашап келебиз...
Атаны бала тааныбай
жакын тууган
жатындашына карабай,
Биз ким элек?
Ким болдук?
Деги кимбиз?
Эми кайда барабыз? –
деген суроолорго жооп издеп
оюбуз – онго,
санаабаз – санга бөлүнүп
санаа тартып толгонуштун ордуна,
тоголонуп тоорулуп





кара курсактын гана камын ойлоп,
байлык кууган пейил күтүп:
«Бирим эки, түзүм секи болсун» – деген
өзүмчүл гана мүдөө көздөп,
өз жашообузду өзүбүз жарга такап –
туюкка алпарып кептеп,
өзүбүздүн оюбузду өзүбүз чектеп
жашообуздун, мынтип,
чакчелекей чыгыш себебин
ар кимибиз өзүбүздөн карап издебестен:
кылдан – кыйкым,
жумурткадан – кыр чыгарып
бирөөдөн көрүп издейбиз да,
келечекке сереп салып
эртеңки күн кандай болоорун ойлобойбуз...
Анткени, башынан бирөөгө
күнөө тагып көнгөнбүз...
Болбосо, жаранына жараша – заманы
ажосуна жараша – амалы,
ыраңына жараша – жамалы
болуп келгендиги калппы?
Болбосо, – талабына жараша – түнөгү,
мингенине жараша – жүгөнү болот –
деген сөз бекеринен чыкпагандыр...

## Аткан таң менен кошо турам...

Кандай гана, сен, өлкөдө жашаба?! –
«Өлүмтүгүн» артып басып ийинден,
өзүң тургай, дилиңди алып абактап
чектеп, бөлүп чыгарбаган чийинден –

чыга албайсың! – Чыгыш кыйын чынында
«өлүмтүгүн» артып басып ийинден
өзүң тургай, жан-дүйнөңдү абактап
өмүр бою чыгарбаган чийинден...

Өз заманың өз үптөрүн «өз» көрүп
жөлөп, таяп көтөргөнүн көз көрүп,
байыркыдан жашоо калган ушундай:
заты калып, аты турган өзгөрүп,

эмне дейсиң? Жашоо дейсиң эзелки..,
заты калып, аты гана өзгөрүп:
кан төгүлгөн кан майданга айланып
согуш бүтпөй уланганын көз көрүп,

сар-санаага ичтен сызып батасың:
сырың – ырга, ырың – муңга айланып,
оо, андайда, суктандырбай теребел
жанга жагым атпай журтуң – терең эл!

Көргөн күнүң – алдуусуна төшөлүп,
укkан үнүң – алсызына көшөрүп,
өз түйшүгүң, өзүң тартып жашайсың
өз жүгүңдү өзүң сүйөп көтөрүп,

турмуш эмне? Турмуш жолу – байыркы
заты калып, аты турган өзгөрүп:
тегеренип, акыр жүрүп айланып
зордун түбү – кор болгонун көз көрүп,

жылаңайлак күнүң өтүп, жыл өтүп –
баса берип бутуң жооруп жешилген:





көргөн күнүң – какшып турган чөл болуп,
өткөн күнүң – кум чубуруп эшилген,

көргөн күнүң – какшып кургап чөл болуп,
бүт тилегиң – мөлтүр тунук, мөл болуп
барган сайын «киргил» тартып агасың
көздөгөнүң – көңүл сүйгөн көл болуп,

кандай гана, сен, өлкөдө жашаба?! –
«Өлүмтүгүн» артып, басып ийинден
өзүң тургай, дилиңди алып абактап
чектеп, бөлүп чыгарбаган чийинден...

Эч бир өлкөдө,
Эч бир убакта
Эч качан
Эркин жашоого мүмкүн эмес, – деген
жашоодогу түшүнүгүбүз ушул –
бардар жашап – колунда барды,
айткан сөзү аткарылып –
колунан иш келгенди
башыбыз жерге тийгенче ызаттап, –
итке минген – колунда жокту,
«сийдиги кар тешпей» –
өз сөзүнө өзү ээ болбой
бирөөнүн көзүн карагандарды көрүп
келекелүү сөзүбүз менен «тузактап»,
өз пайдабызды,
өз кызыкчылыгыбызды гана көздөп,
«күмүш үйлүү» болуп туруп,
«камыш үйлүү» каржалган калктан өөнөп
көзү тойбогондугубузду билгизип,

Кыргыздын «жыртылган» чөнтөгүнө
жымырылтып колубузду сунабыз да турабыз...
Ар кайсы жыландын башын чыгарып;
жумшактан – күлүн,
катуудан – казыгын калтырбай:
«Кыргызым... Элим...» деп эзилип
боор ачытып күйгөн болуп,
түйшүгүн башка үйгөн болуп туруп
жең ичинен билгизбей жымырабыз,
кытабыз... алабыз...
анан эч нерсе билбегендей
жымыйып гана күлүмсүрөп,
билмексен болуп турабыз...
Каруусун – казык,
үзүлбөгөн үмүтүн – азык,
Көргөн күнүн – жазык кылган калк, кантсин!
Ак ойлогон
ак санатайлыгынан
журттун амандыгын тилеп,
журттун тынчтыгын тилеп
«кой оозунан чөп албаган», ашкере,
момундугун көргөзүп
өз тиргилигин өзү өткөрүп,
өз «киндигин» өзү кесип –
«өлбө жаным, өлбө-лөп...»
өмгөктөгөн өмүрүн өргө сүйрөп
өлбөстүн күнүн көрүп жашап жатышса...

## Аткан таң менен кошо турам...

Айтса-айтпаса, адам мүнөзүндөгү:
Аксанатайлык менен Ак ниеттүүлүктү,





Акпейилдүүлүк менен Адилеттүүлүктү
Айкөлдүк менен Боорукерликти,
Кайрымдуулук менен Жоомарттыкты,
Калыстык менен Кечиримдүүлүктү... –
күнүмдүк жашообузга багыт көрүп,
күнүмдүк жашообузга колдонуштун ордуна,
көрө албастык менен ичи тардыктын,
каразгөйлүк менен арам санаалыктын,
жагымпоздук менен жасакерликтин,
дүнүйөпараздык менен ачкөздүктүн,
арамзалык менен арам тамактыктын,
ыймансыздык менен каапырлыктын –
чырагына май тамызып
шарт түзүп, жолун ачып..,
ойлогон оюбуз менен тилегибиз,
көздөгөн максатыбыз менен мүдөөбүз:
Алман элинин
ишке так мамиле
жасаганын үйрөнүп,
жапан элинин өндүрүш
технологиясын колдонуп
экономиканы оожалтып өнүктүрүп
кызыл дан сүзүп алгандай эле
АКШнын долларын сузуп алып,
Кыргыз жерине
Швейцариянын экинчи үлгүсүн орнотуш...
Кыргыз жерин гүлдөтүп өнүктүрүш...
Анан байыганыбызды билгизип,
өзүбүз оюбуздан бөлүнүп турган:
Оң менен Солду
Түндүк менен Түштүктү
түп көтөрө дүңгүрөтүп,

төгөрөктүн төрт бурчунан эл чакырып эрдемсип
мөрөй утуш бизге гана келгенсип,
абылып-чабылып той бериш...
«Оң» менен «Сол»
«Түндүк» менен «Түштүк» демекчи,
Кыргыз деген атыбыз үчүн,
Баба наркын сактаган затыбыз үчүн,
Эне сүтү менен бирге өткөн
тилибиз менен дилибиз үчүн
тирүүлөрүбүзгө – турак болгон,
арбактарыбызга кабыр болгон
ыйыктардын ыйыгы – **кыргыз жери** үчүн,
эч болбоду дегенде... ойлоп көрчү...
Кан Манас Атабыздын арбагы үчүн,
(айлам куругандагы сөз болбосун),
биз дем алган Аба үчүн,
биз жылынган Күн үчүн,
биз суктанган Ай үчүн, –
ушул бөлүнүп турган кыйды түшүнүктүн
таптакыр жок экендигин
билип туруп – билмексен болуп,
көрүп туруп – көрмөксөн болуп,
анан барып «билгизбейбиз» деп
ар бирибиз тымызын ичтен кымыйып
кыябын күтүп кылыйып,
кези келе калганда
жүздү буруп бөлүнөбүз да турабыз...
Же Манас Атанын уруусун сурап
тегин териштирген пенде барбы?
Алибетте, жок да!
Аны баарыбыз **Кыргыз** деп билебиз!





Санаага, ойго салып
күрмөлтпөй мына тилди,
көк таштай оюп дилди,
көзүндөн кан агызып,
жүрөктүн үшүн алган
күндөрүң мурунку өткөн
түпкүрдөн күңгүрөнүп
көңүлдө уюп турат:
башынан үркөрдөй эл
башына азап үйүп,
бөлүнүп Оңго, Солго
өз ыркын ыдыратып,
эл безээр сөзү менен
атаны бала чанып,
кыргызды кыргыз чабып
ыйлаган балаң үнү
тамырды зыркыратып,
жаңырып кулагыма
жаңырып дале турат.

Ишенген уул, кызың
имерип этек, жеңиң!
Билгизбей жең ичинен
жыртылган чөнтөгүңө
жымырып колун сунат...
Сүйлөшсө тилин безеп
сөзүнөн «чаңы» чыгат.
Сыртынан бары турат:
жыбыткы, жылга, кокту
**Манастай** күйүп-бышкан
эмкинин уулу жокпу?!

Оо, менин Кыргыз калкым!
Кыргызды кыргыз чабып
абийириң ачылгыдай,
«дүрт» күйүп алоолонуп
күл болуп чачылгыдай
ойлончу, саның көппү?
Өзүңө сабак болуп
күрмөлтпөй мына тилди,
көк таштай оюп дилди
көзүңдөн кан агызып,
жүрөктүн үшүн алган
канча бир заман өттү...

Кыргыз кылып жараткан Кудайды алкабасак,
же кайран өмүрдүн кадырына жетпей,
же Кудай жолуна түшүп жолун кезбесек..,
жашоонун кайталангыстыгын баалап,
өзгө эмес, өз денебизден сезбесек,
уктап турса ой-тилегибиз – пул болуп
кулкун үчүн күйпөлүп кул болуп
өз рухубузду,
өз ыйманыбызды
өзүбүз чүнчүтсөк,
алабармандык менен алдастап –
өзүбүз кордосок,
өзүбүз кемитсек,
өзүбүз жүдөтсөк,
өзүбүз кемсинтсек...
деги бизден эмне калат?!





## Аткан таң менен кошо турам...

Сабылып чөккөн көңүлүмдү
чүргөөдө жаткан ымыркайдын
Сырткы Дүйнөнү баёо караганы менен басам,
анан анын эмчек сурап ыйлаганы менен
Жашоонун ички ырғагын туям да,
Мен жашоого келбей жатып,
Кыргыз Ата жаралганда
Мен да кошо жаралып, эбак эле,
Бу Дүйнөгө келгендигим ойлоймун:
Бабам, жотом, кубаарым, түпкү тегим
эл элдигин мерчинтпей сактаганга,
ичим жылып дилимден кубанам да,
бүгүнкү ушу эгемендүү –
эркин өлкө болуп туруп,
Кан Манастан кийинки жетпей келген
Азаттыктын баркын билбес заманга –
ырдаар – ырың,
сүйлөөр – сөзүң
жок өңдөнүп,
ана, сенин шиңшийген көздөрүңдөн –
ак мөңгүлүү
Ала-Тоону көрсөм да,
сенин дилиң –
асман челген тоолорго эмес,
сенин дитиң –
«кеңирсиген кайыңдуу түздүккө окшойт...»
Күүнүн башы «Камбаркан» чертилгенде,
Кыргыз «сыры» арман ай, кетилгенде

өздөн чыккан жат кутуруп оолугуп,
опурулуп тузга сийип эсиргенде,
Тайторуну төлгө кылып – көздөн жашын чубуртуп
кайран энем, Каныкей чапкан кезде
күбө болгон байыркы тоолор кайда?!
Сенин дилиң –
асман челген тоолорго эмес,
сенин дитиң
кайыңдуу түздүккө окшоп кеткен менен
акыр түбү айланып
түз болбошу – бул аныk.
Анткени сен,
Кыргыз Ата жаралганда
Сен да кошо жаралып, –
Күүнүн башы «Камбаркан» чертилгенде,
Кыргыз «сыры» арман ай, кетилгенде
Өздөн чыккан жат кутуруп оолугуп,
опурулуп тузга чыркап эсиргенде,
Тайторуну төлгө кылып – көздөн жашын чубуртуп
кайран энем, Каныкей чапкан кезде
күбө болгон тоолордон өмүр баштап,
эбак эле бул Дүйнөгө келгенсиң да:
канжыгаңа мансап, байлык, атак эмес,
кыйын кезде кыл чайноочу намыс байлап..,
өз наркыңды,
салт-санааңды сакташ үчүн,
таткан тузуң,
эне сүтүн акташ үчүн
кылымдардын түпкүрүнөн зымырап,
эбак эле, Кыргыз болуп жаралып
эбак эле, – сен жашоого сапар алып чыккансың!





«Кыргыз» деп күйүп белсенип:
«Элимдин үзүлгөнүн улайым,
бузулганын курайым!» деген
ар бир Кыргыз уулу:
Өткөнү менен Бүгүнкүнү,
Бүгүнкү менен Келечекти
өзгө эмес,
өзү аркылуу туташтырып
өз өмүрүндөй аздектесе,
анда балким,
алтындын баасы –
анын баалуулугунда эмес,
аны, биз адамдар,
баалап тургандыгыбыздан улам,
алтын баалуу болуп,
баасы арткандыгын билет беле?
Жараткан эгемдин,
биз барк албай
күнүгө тебелеп өтчүү
бир жал чөбүнүн ыйыктыгын туят беле?
Өткөнсүз келечек болбостугун ойлойт беле?
Эгер билсе... туйса... ойлосо... анда,
Манас Атанын доорунан бери колдон түшүп,
көздөн учкан Кыргыз Туусу колго тийип,
желбиреп тургандыгын көрөт беле?
туурунан учкан Кыргыз куту –
колдоочусу Ак Шумкар айланып
Ала-Тоого конгондугун көрөт беле?...
Кыргыздын жаман жагын гана көрүп
ак калтырбай – карартып «көөлөп»

кызмат абалыбыздан пайдаланып
калктын акын жегенге маш болуп
мансап үчүн,
байлык үчүн бир Кыргызды
сан миңге бөлүп,
ыдыратып «майдалабай» –
Бир Кыргызды бүтүн көрсөк болмок..,
же минген атыбыздын бир мүчөсүн,
аттан бөлүп кароого болобу? –
Муну ойлонуп,
Бабалардын «Ак жалгасын!» деген
улуу сөзүнүн маанисин, баркын
өз жан дилибизден сезип туймайын;
Көзү өткөн арбактарыбызга куран окумайын;
Ыйманыбыз менен жаныбыз бирге болуп
Ак дилибиз менен,
Ак пейлибиз менен
Эгем жараткан Зор Табияттын
эч качан бузулгус жашоо ыргагын
өзгө эмес, өзүбүздөн баамдап туюп сезмейин;
табият үчүн
алтын дагы,
таш дагы бирдей болуп,
бирдей баада тургандыгын билмейин...
Мезгил бизден өтпөстөн –
биз Мезгилден өтүп жаткан учурда..,
ушу бизди –
Социализмди куруп алган
Швейцариянын эң сонун үлгүсү да,
алман элиндей ишке так мамиле жасоо да,
жапан элинин өндүрүш технологиясы да,





«туруктуу» деп баалаган
АКШнын доллары да

**Эч качан, эч убакта**
**бизди эл катары**
**сактап кала албайт!**

Өзүбүздү өзүбүз сакташыбыз керек...
Өз киндигибизди өзүбүз кесишибиз керек...
Кыргызга таандык Дүйнө тааным менен
Кыргызга таандык кулк-мүнөз менен
Зор Табияттан үлгү алып,
өнүккөн элдердин өрнөгү менен
көргөзгөн көмөгүн кошо алып,
өзөгүбүздөн Кыргыздын
Ыйманы менен Жанын
Салты менен Намысын оргуштатып,
эс-акылыбызды
мансапка жетүү менен
байлык жыйноого жумшабай,
Кыргыздын кыргыздыгын сакташ үчүн,
Ата Кыргыздын,
Улуу Кыргыздын,
Бийик Кыргыздын
зор ишенимин акташ үчүн жумшап,
Күндү беттеп сапар алган жолубузда:
Бабалардын Ак дили менен
Ак пейлин жаныбызга өбөк көрүп,
Журтубуздун калдайган караанын бел тутуп,
багыт алган сапарыбызды улантып,
Кыргыздын келечегин ойлонуп жашаганыбыз –
баарыбыз үчүн дурустур...

Баса, цивилизация демекчи...
Балким, бул өзү –
пайданы гана көздөгөнгө ыктатып,
жыргал турмуш үчүн
жаратылышты аёосуз талап-тоногонго үйрөтүп,
Жаратылыш менен Адамдын байланышын
үзгөндөн үзүп отуруп,
Адамзат жашоосун
Жыргал турмушка жеткирбей эле,
Кыямат-кайымдын болуусуна жол ачып,
жок болууну тездетип жаткандыр...
«Жакшы ниет - жарым ырыс» демекчи,
Бардыгы жараткан Эгемдин
жазыгында экендигин
билип жашайлы
ойлоп жашайлы...
Жакшы ниет, жакшы тилек менен
жакшылыктан үмүт үзбөй жашайлы.

## Аткан таң менен кошо турам...

Күн чыгат, батат,
табияттын төрт мезгили
биринин артынан бири алмашат:
Асмандан Күнү чыгып – күн болуп,
түнкүсүн Айы чыгып – түн болуп,
жылдыздары жайнаган
төбөмдө түпсүз кетип Асман турат:
өскөн чөбү жаңы болгону менен
өзгөрбөгөн эзелки тоолор эски..,





аккан дарыясы жаңы болгону менен
өзгөрбөгөн байыркы өзөн эски..,
жашаган калкы жаңы болгону менен
кылымдарды карыткан Кыргыз көөнө..,
башкарган ажосу жаңы болгону менен
кан тактысы байыркы...

Көк жал Манастын барындагыдай,
көк жайыгы керилип,
Ала-Тоосу келишип
Манастын үнүн укkан,
Каныкейдин ыйын укkан
Кыргыз жери кебелбей
Кыргыз жери – бул турат.

Тагдыр мага буюруп,
бактым ашып куюлуп:
сүйлөсөм – тилимдеги,
ырдасам – үнүмдөгү,
ойлосом – дилимдеги
Кыргызга Кыргыз жерин кут кылып,
Кыргызга Кыргыз жерин түбөлүккө буюрсун!

Күндү беттеп бара жаткан жолунда
Кыргызга – Манасындай айкөлү баш болуп,
Кыргызга – Бакайындай көсөмү каш болуп
көчү көчкө улансын да,
Кыргыз өөрчүп куралсын!
Кыргызга – жакшылыгын ыроолоп, –
Кыргызды – Кызыр жылоолоп,
Кыргызды – зоболосу көтөрүп,
Кыргызды – колдоочусу колдосун!



**ААЛАМ ЧЕКСИЗ – МЕКЕН БИЗГЕ,**
**ЖАШОО – КҮРӨШ ЭКЕН БИЗГЕ...**





## КҮЙГӨНДҮН СӨЗҮ

Жайдын кап ортосу. Чак түш.
Жанын коёрго жер таппай,
акактап чуркаган аптапка
жолдош болуп, эш болуп
айылдын чаңга толгон көчөсүн ээлеп,
өткөргөн балалыгын,
көзү өткөн ата-энесин эстеп бирөө келет.
Келет ал, келгенде да
кээде жүгүрүп, кээде токтоп
жанын үрөп тоорулуп
көчө боюндагы өсүп турган
чөпкө, гүлгө, даракка
жигер эзип үйрүлүп
көңүл коюп – карап ал.
Артынан калбай,
айылдын ойноо балдары
топтолушуп ээрчип келет.
Аларга эмне?
Күлгөнгө – күлкү чыгып,
ойногонго – шылтоо табылып
турса болду эмеспи,
айыл «мастарын», мынтип, ээрчишмек түгүл
алардын караандары көрүнөөр замат
жаа бою качышып, эмдигиче, изин суутушуп
эбак көздөн кайым болушмак.
Анда, шынарлап карап тургандар да болбой,
айылдын демейдеги бир күнү байкалбай өтмөк.

Келет ал, келгенде да
өзү менен өзү болуп
өз жолу менен,
өз багыты менен
өзү менен өзү гана сүйлөшүп –
эч бир жанга калакатын тийгизбей,
көкөй кескен көңүлдөгү
көп ойлорун айтып ал:
«Оо, жарыгым Улуу Күн! – деп –
сен ааламга борбор болуп,
сен ааламга тутка болуп,
сен ааламга жарык болуп
жашоо жерде башталганга
эң биринчи кепил болуп,
күбө болуп тургандан,
жашообузга башат болуп
көпчүлүктүн ой-мүдөөсүн,
качан болсо, сен, өзүңө бургандан:
кичинесин чоңу жеген –
жашоо шарты ушул делген,
канкорлугун – курал кылган,
жашаш үчүн өмүр кыйган
жан-жаныбар бардыгы
тукум улап жашашып;
жаксаң – отун, жесең – мөмө
үйүң курсаң – устун болуп
өсүп турган дарак ушу,
жылда чыккан чөп дагы
урук чачып өсүшөт, – деп –
сенин ушу барыңдан:
арам, адал ишибизди улантып





биз адамдар – биз барбыз да,
аяр карап бу жашоону
акыл калчап турсак да:
байлык менен мансап бийлеп
адам, жердин тагдырын
тээ байыртан чечип келген,
бүгүн деле чечип жатат;
кашык менен чогултканды
чөмүч менен чача турган...
атак үчүн, даңк үчүн
колдогунун баарын саткан
өз бийлигин чыңдаш үчүн
өгүз күчүн аябаган,
өзгө өмүрүн өздөй көрүп санабаган:
Жаныбекке[1] (Толубайдын көзүн ойгон),
Орозкулга[2] (Момун чалдын
кактабай «канын соргон»),
Кандаловго[3] (Авдийди керип аскан)
жашообузду башкартып,
жашап келдик, жашап дагы жатабыз...
Мына ошондон,
адамдардын табиттери
бир-бирине окшобогон –
эч окшошкус ар башка;
бирөөсүнө жагат дечи,
асман түсү – көгүмжүл,
бирөөсүнө жагат дечи,
чөптүн түсү – жапжашыл!

[1] Алтын Ордо доорунда жашап өткөн кандардын бири.
[2] Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повестиндеги каарман.
[3] Ч.Айтматовдун «Кыямат» романындагы каарман.

Уйгак болуп жабышкан
кыйды турмуш мыйзамы:
бирөөлөрдү ит кылып,
бирөөлөрдү бит кылып
чычканга – өлүм, мышыкка – оюн
көз көрүнөө ойнотуп,
көз майыңды далай алып коротуп,
ташка урунган чапкыдай —
курчтугуңду далай алып мокотуп,
өз эркине баш ийдирип багынтат да,
көктө кушту көкөлөгөн
тамак үчүн жерге алып түшүрөт...
А болбосо, бышкан ана, эзилип
мөлтүрөгөн алча түсүн сук каткан
ким жактырбай чанат эле, ким танат?!
Өлбөгөндүн ырыскысы түгөнбөй..,
өмүр бизге – бул санат да,
тирүү жүргөн адам өзү
оо, улуу Күн, сени беттеп умтулат – деп –

**келет ал, келгенде да,**
**өзү менен өзү болуп,**
**өз жолу менен,**
**өз багыты менен**
**өзү менен өзү гана сүйлөшүп –**
**эч бир жанга калакатын тийгизбей,**
**көкөй кескен көңүлдөгү**
**көп ойлорун айтып ал –**

Ушунданбы... – дейт –
түпкүлүгү ойлонтуп, санааркатып





пенде менен макулуктун аралыгы
карыш болсо – карыш жылып жакындап,
сөөм болсо – сөөм жылып жакындап
«алсам... жулсам... үзсөм...» деген
пендедеги көзү такыр тойбостук
акыл-оюн бүтүн бийлеп алат да,
курсагынын кулу болуп күжүлдөп
«жашадым» деп жашай берет дайыма!
Кызыл ушул кекиртек
кыйла жерге секиртип,
кээ бирөөсүн манчыркатып эсиртип,
кээ бирөөсүн кеберситип кезертип
жоонун ичкерткенден ичкертет – дейт –
ичкесин акыр созуп үзөт – дейт.
Же болбосо, Адам Ата жаралгандан – бу күнгө
өз мыйзамын жүргүзгөнүн
пенде ойлонуп турмак беле?!
Муну ойлонуп, муну билген Жаныбектин,
муну ойлонуп, муну билген Орозкулдун,
муну ойлонуп, муну билген Кандаловдун
кандай гана чырагына май таамп,
кара курсактарынын камын гана ойлонушуп,
маңкуртуна айланган
топту бийлеп жашашканга
кандай гана, алар чындап кубанышып,
алдыдагы келечектен үмүттөрүн үзүшпөй,
колдо болгон байлыгын да бийлигин
балдарына калтырышка умтулушуп
амандыгың сенин тилеп – улуу Күн!
Сени даңктап, сени мактап:
«Тең укуктуу жыргал турмуш

Жер бетине курабыз!» деп турушат.
Каршы аларга көзүн ачып көпчүлүктүн:
Адам наркы, насили, табияты
мансап менен бийликтен
бийик болуп тураарын
күйүп айтып үндөгөн:
Толубайды[4] (Жаныбек көзүн ойгон),
Момун чалды[5] (Орозкул «канын соргон»),
Авдийди[6] (Кандалов керип аскан)
кандай гана алар жээрип жектешет!
Бирок алар, зомбулукка жеңилсе да,
рух-духу жагынан жеңилбеди –
башын ийип аларга эңилбеди...
Азимкандын, Орозкулдун, Кандаловдун
«Бизден бөлөк кудай жок. Бизге сыйын!
Биздин ырды ырдабаган –
бизге каршы сөөк өчтү душман» –
деген жардыгына
тике багып жалтанбай..,
тике карап тайманбай
адам тургай айбан түтүп чыдагыс,
оо, алардын кордук менен зомбулугун
көтөрүп:
«Ар бир адам – ал өзүнө адам! – дешип –
түндүгүбүз – түрүлгөн асман – дешип –
мекенибиз – чеги жок аалам – дешип –
өз үйүбүз – жер болуп турат – дешип –

[4] Алтын Ордо доорунда жашаган таасын сынчы, көрөсөн инсан.
[5] Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повестиндеги каарман.
[6] Ч. Айтматовдун «Кыямат» романындагы каарман.





«согуш-курал», «мансап-байлык»
деген сөздөр
адамдардын жашоосунан жоголуп,
Жер үстүнөн жок болмоюн түбөлүк
адамзаттын, оо, чыныгы
эркиндиги болбойт! – дешип –
«согуш», «курал», «мансап», «байлык»
деген сөздөр ордуна
ушул аалам, ушул бойдон турганындай
заматта эле,
төрт тарабы төп келишип жаралбай,
аздап... аздап... аздап жүрүп олтуруп
бир кездеги эң бир улуу
**Жарылуудан** жаралып,
бүт ааламга тарап кеткен:
планета, жылдыздар да,
адам дагы, жаныбарлар,
өсүп турган өсүмдүктөр бардыгы –
ошондогу **Жарылууну** улап жерде
улап бүгүн жашайбыз! – деп –
Бир кездеги ортодогу үзүлгөн
Адам менен Табияттын биримдигин
сая түшүп издеп-таап жоготпой:
Адам менен Табияттын
байланышын улантып,
адамзатка кайра кайырып
беришибиз керек!» – дешип
Оо, Улуу Күн, сага карай бет алып,
сени менен жолугууга жол тартыш,
алар сага сапар алып кетишкен да,
алар сага сөзсүз бир күн жолугат! – деп –

**келет ал, келгенде да**
**өзү менен өзү болуп**
**өз жолу менен,**
**өз багыты менен**
**өзү менен өзү гана сүйлөшүп –**
**эч бир жанга калакатын тийгизбей,**
**көкөй кескен көңүлдөгү**
**көп ойлорун айтып ал –**

Өзгөнү эмес өзүн алдап,
тирүүлүккө түркүк болуп калчуудай
Толубайдын көзүн оюп,
дөөлөтүнө кусур аткан
Жаныбектин байлыгы да атагы, –
кайда?.. кайда?... кайда житти?
Камчысынан «каны» таамп зиркилдеген
ал күндөрдүн издери..,
болгону көндөйлөнүп
бопбоштук – боштук калды
түпөнү түзгө айланып..,
капкалуу шаар калды..,
атак-даңк ошондогу...
баары калды... баары калды...

Өз кордугун, оо, силерге көргөзгөн
Жаныбекке, Орозкулга, Кандаловго
кандай айла кыламын да,
кандай чара көрөмүн?!
Ансыз деле, маңкурт болуп көптөрү
«көз агы» менен чарк айланып алардын
оозун карап буйрук күтүп турганда..,
андан бетер, байлыгын да бийлигин





алар ыктуу, эпчил, элпек колдонушуп,
Адам, Жердин тагдырын
алар чечип турушат.
Бирок силер, оо, менин боорлорум,
биротоло жеңилип калбадыңар,
күрөшүңөр али бизге келелек
келечектин курсагында жетилип,
эрте-кечпи келет дечи,
Кандаловдун жашоосуна «кеч кирип»,
азырынча, алар мейли, жалгыз Жерди
бөлүп-жарып бир далай өлкөлөргө:
Жер жашоосун тогуз жолу буулантып,
жер жашоосун токсон жолу куулантып
«томогосун» салып көптүн көзүнө
будамайлап бу жашоону турушсун..,
акыр түбү, жакшы ниети адамдын, –
Күндөй болуп нурга бөлөп жаркытып
басып турган көөдөй түндү как жарып,
таң сөгүлүп аткандай,
ак жаргы жакшы ниеттин
алды-артыңа чачкандай
сүрүп чыгыш жоготот! – деп –

**келет ал, келгенде да**
**өзү менен өзү болуп**
**өз жолу менен,**
**өз багыты менен**
**өзү менен өзү гана сүйлөшүп –**
**эч бир жанга калакатын тийгизбей,**
**көкөй кескен көңүлдөгү**
**көп ойлорун айтып ал –**

Мына мени, жаалап карап узатышкан
айылдаштар арасында жалгызмын,
жада калса өзүм жашап, өзүм турган
бир миллион калк жашаган Бишкекте да,
үйдө дагы, сыртта дагы... жалгызмын... -
бардык... бардык...
бардык жерде жалгызмын!
Бүт айланам курчалып зындан болуп
Кандаловдор тургузган түрмө болуп
менин аргам түгөнүп,
эң акыркы үмүтүм болгон:
бу жарык дүйнөгө адам болуп жаралып,
киндик каным төккөн жерим турагама –
айылыма келип дагы жалгызмын!
Мен эми кайда барып, кандай кылам?! –
Туш тарабым тосулган тосмо болсо,
темир торлор... таш үйлөр... зындан болсо
же бир Авдий, сени издеп тапсамчы?
Оо, жарыгым улуу Күн! Жок дегенде,
Кандаловдон Авдийди арачылап
өлтүрөөрдө сактап калсаң эмине?!
Сактап неге калбадың?! Кечир мени...
бул айтканым аргасыздын сөзү эмес
аны ойлонуп жашагандан айттым да..,
өзү өлсө да, аты өлбөсү белгилүү!
Ал өмүрүн башкалардай баатырсып,
Кандаловдун бийлигин чыңдаш үчүн
ажал чачкан ДЗОТко төшүн тосуп
ала көөдөң ою менен кыйбастан,
адамдардын эркиндигин урматтап,
адамзаттын биримдигин туу тутуп,





баталгага башын коюп үн-сөзсүз
тирүүлөрдүн жан-дүйнөсүн дүргүттү да,
ал өлүмгө тике карап дит багып
келечекке ишенимин арттырды! – деп –

**келет ал, келгенде да**
**өзү менен өзү болуп**
**өз жолу менен**
**өз багыты менен**
**өзү менен өзү гана сүйлөшүп –**
**эч бир жанга калакатын тийгизбей,**
**көкөй кескен кеңүлдөгү**
**көп ойлорун айтып ал –**

Кандаловдун заманында
атаны бала сатып,
кара таман көпчүлүктүн шору катып..,
мээнеттенип колу менен өстүргөн пахтаны да,
тасибеттеп, ардактап «ак алтын» деп,
терин төгүп колу менен казып алган көмүрдү да,
көрмөсөктөп аташып «кара алтын» деп,
«алтын» менен салыштырып баарын баалап
«алтыным» деп бирин-бири сыйлап атап,
«алтын» оору СПИДдей тарап жерге,
«алтын» оору жайылып калган жерде:
адамдар алтын сатат... мансапка башын катат...
алтынга баарын сатат – намысын, арын сатат...
ыйманын жеп адамдар,
кыяматка шашылып бара жатат!
Байланышы Адам менен Табияттын
байыртадан үзүлүп унутулган..,

чындык күйүп чыркырап улутунган..,
Иудалардын заманы өкүм сүрүп,
Христосту чырымга* керип тынган! – деп –

**келет ал, келгенде да**
**өзү менен өзү болуп**
**өз жолу менен**
**өз багыты менен**
**өзү менен өзү гана сүйлөшүп –**
**эч бир жанга калакатын тийгизбей,**
**көкөй кескен көңүлдөгү**
**көп ойлорун айтып ал –**

Мен Авдийди сыйлайм – дейт –
ал алтынды жерде жаткан таштай көрүп
адам наркын, акылын бийик коюп жогору:
ойлонбостон жалгыз гана
бүгүнкүнүн жыргалын
кошо ойлонуп келечекки
муундардын жыргалын да,
ойлонбостон жалгыз Жердин тагдырын,
кошо ойлонуп бүт ааламдын тагдырын да,
байлык, мансап, атактын кулу болбой,
зомбулукту, түс үйүргөн жамандыкты
жеңиш үчүн ыктыярдуу өмүр кыйып –
Авдий өлдү..
Анын иши, бирок жашап өлгөн жок,
тирүүлөрдү ойго салып, унутулбай калат – деп –
айтат муну, ичтен бугун чыгарып:
бу жашоонун татаал дагы, катаал дагы

* Крест





жүрөктү өйүп турган жагы ушунда,
мен сыйлаган Авдий дагы,
мени ээрчиген балдар дагы
Авдийди аскан Кандалов да,
мени жаалап карап турган адамдар да,
бардыгыбыз, баарыбыз –
бир Жердеги,
бир мезгилдин балдарыбыз! – деп –

**келет ал, келгенде да**
**өзү менен өзү болуп**
**өз жолу менен**
**өз багыты менен**
**өзү менен өзү гана сүйлөшүп –**
**эч бир жанга калакатын тийгизбей,**
**көкөй кескен көңүлдөгү**
**көп ойлорун айтып ал –**

Сен жашоого башат болуп, улуу Күн!
Биз жашаган турмуштун
бир үзүмүн көргөзүп:
өмүрү мээнетке жаралган Окош орокчунун,
көзү өткүчө журт башкарган
Жумабай башкарманын,
чындыгын айтып «эл душманы»
атыккан Абжалбектин
турган турпат-элестерин
тартып калтырдым...» – деп –
айылдын күн батыш тарабындагы
буудай өскөн талааны көздөй басты...

## Соңку сөз ордуна

Өзү айткан сүрөттө:
кыбыр жандын бардыгы –
чычкандан – пилге чейин,
мышыктан – арстанга чейин,
эчкиден – төөгө чейин,
кыбыраган кумурскадан баштап,
кыбырсыган куртка чейин тартылган эле...
Анан талаадагы бышкан буудайды
майкандап жеп жатышкан жандыктарды
жырткыч жаныбарлар канга боеп жеп..,
саресеп салып караган адамга
Өмүр менен Өлүмдүн айыгышкан
элдешкис күрөшүн
чагылдырган сүрөт болсо,
ошо менен бирге асман бетин бербей ээлеген
сапсары Күн да, планеталар да тартылган эле.
Ушу сүрөттүн фонунда өзү айткан
үч адамдын элес-карааны турат:
Окош орокчу дегени –
тегерегиндеги жан-жаныбарларды,
төбөсүндөгү Күндү да көрбөй,
болгону, бет алдындагы багытын көрүп,
басып бара жаткан кадамына,
ушинтип, тирүү жүргөнүнө
өз ичинен ыраазы болгондой,
башка эч нерсе менен иши жоктой турат.
Жумабай башкарма дегени –
талаадагы бышкан буудайды
майкандап жеп жатышкан
жандыктарды көрсө да,





көрмөксөндүккө салып "көз жумуп",
өзүнүн керт башын гана ойлонуп,
"көзүм көрбөсүн...
кулагым укпасын..." деген кыяста
кайдыгер гана карап үн-сөзсүз,
каадасын салып,
эки колун артына алып турат.
Ал эми, Абжалбек дегени –
талаадагы бышкан буудайды
майкандап жеп жатышкан жандыктардан
Буудай-Жашоону
сактап калууга аракеттенип,
жанын үрөп болушунча далбастап,
айбыкбастан умтулуп айбатын салып турат...

Өзү айткан сүрөттүн көрүнүшү ушундай эле.

## МАЗМУНУ

**Сапарың кут болсун** ..... 7

Нурдан бүткөн кыргызсың ..... 16
Манас биздин атабыз ..... 18
Тирүүлүк – деңиз, кыргыздай
чөктүрбөс бактың – «кемең» бар ..... 20
Ата Журтуң жаныңдай ..... 22
Эли бардын куту бар ..... 23
Эл деген кенчиң – эл экен ..... 25
Эл ушул ..... 26
Кебелбеген – жоолоруң ..... 27
Атанын уулу – Семетейди жоктоо ..... 28
Өзү үчүн күйүп, жашаган эмес, Семетей. ..... 31
Кыргыз үнү – Саякбай ..... 32
Чыңгыз Айтматов ..... 35
Аба калды сатылбай ..... 37
Өзөгүңдөн өртүң күйүп турасың! ..... 40
Ата Журтум ыйык болуп кыйбаган ..... 42
Кет Буканын « Сак болу» ..... 43
Кундан курган дөөлөтүн ..... 45
«Күкүк» багып учурган, кыргыз,
муңбай өткүн, учурдан, кыргыз. ..... 49
Кезиң кыргыз, болбосо экен, «уттурган» ..... 52
Өзүңдү өзүң жебегин маңкурт болуп «майда-л-а-п» ..... 53
Өскөн жердин баласын баш урунуп бий кылдык ..... 56
Ниетиң – дайра жетпей калган Аралга ..... 60
Жарыгын Күндүн чачпадык ..... 61
Өз тилиң болсун, ириде! ..... 63
Пара алганын жактайсың! ..... 64
Баркың билбес нааданга барың «тыйын» ..... 66
Эс – өмүрдүн өбөгү ..... 67
Сөздөн мурун, «бөз» – дедик ..... 68
Кудай урган, жасакерби, бир «атың» ..... 69
Өксүтүп жүрүп жыл аккан ..... 70
Өмүр – дарак кыйылган... ..... 72
Мурункуга рахмат! ..... 73
Алганын төлөшүң бар ..... 74
Ууга салган учуруп, ..... 76
колго үйрөтүп кушундай ..... 76
Каалоо ..... 78
Окурманга ..... 79
Кара-Кулжа ..... 80
Өзгөн ..... 82
Айылым ушул ..... 84
Айыл журтум, жарчыдай ..... 87
Өзүмсүп турдум, ташын да! ..... 89
Каадасын элдин сактаган, жеңе ..... 91
Элеттин баркын эли бар билген ..... 93





Мен өзүмчө – айылмын ..... 94
Кыргыз кызы – кыргыз үчүн энесиң ..... 96
Өмүр барда ..... 98
Жаным сага жан тартам ..... 99
Жарыксың – нурга булаган ..... 100
Жаш кезимдин жашын төгүп, бөлүндүң ..... 102
Жарык нуру Мекендин эч өчпөгөн, сардар кыз ..... 103
Жан билбеген жан сырымдай дилдесиң ..... 105
Сүйүү ..... 106
Жашыл көркүн дарак гана көтөргөн ..... 107
Кездемин бүгүн адашкан ..... 108
Көзүм толо көрөйүн ..... 109
Бир сөзүңдү угайын?! ..... 110
Жаш куракты шаңын бердиң, ак бермет ..... 111
Жашасак болмок, бактылуу ..... 112
Күтөм сени түңүлбөй ..... 115
Сүйүү гана – жан шерик ..... 116
Сүйгөндүн ыры ..... 117
Өзүңсүз өмүр арман... ..... 118
Сенсиз көргөн күнүм жоктой туюлган ..... 119
Сени менен турат дүйнөм бүлүнбөй ..... 120
Өмүрүм өттү сен менен жашап болуп кор ..... 121
Көз жаштан бакыт курбаган – сүйүү ..... 122
Сүйүү тунук күзгүдөй ..... 123
Жоготкон өзүңдү издеп өзүң тапкын (!)... ..... 124
Бардар жашап, багы ачылбаган ашыктын айтканы ..... 125
Туи сүйүү ..... 127
Тоодой сүйүү – кимге болсун, сыйгыдай ..... 128
Сулуу ..... 129
Өлбөсүн, Асан Кайгылар ..... 133
Өмүр ..... 135
Жалгыздык ..... 137
Өгөлүп өмүр сыналган ..... 138
Жашоонун «кан тамыры» ..... 139
Берсең жагып, алынасың, колдоого ..... 140
Башканын турган «оңкосу» ..... 141
Байлыгын көргөн – көз жалган... ..... 142
Ким болду? – Жолуң улангыр! ..... 144
Өзгөрбөгөн, оттун күйүп жалыны ..... 145
Ойлонбогон убалды ..... 147
Кур бекер, жашыганың... ..... 148
Дүйнө ушул ..... 151
Ушундай жалган дүйнө ..... 153
Домбура ..... 155
Биздин муун ..... 156
Аккан дос менен «капкан» дос тууралуу Тураттын айтканы ..... 158
Чыга турган кезиң келди жарыштан ..... 160
Атың – курук «челексиң» ..... 161
Чынын качан айтабыз? ..... 162
Насыйкат ..... 163

Тоо гана тоону улаган ..... 164
Сулайман-Тоо – ыйык тоо ..... 166
Түндө көргөн түштөй жарык түбөлүк ..... 167
Үч эжем ..... 169
Кызгалдак ..... 170
Айзирек ..... 172
Чөпкө зыян кылбаган ..... 173
Рыспай ..... 174
Бутун туруп «аксайсың» ..... 175
Куш учпай, бүгүн, туурда ..... 176
Элүүгө чыгып ээнсип турам ..... 177
Жылдар өтөт «жылаң баш» ..... 179
Биз билбеген турат уюп – тереңдер ..... 180
Болгун, кыргыз, сен аман! ..... 183
Күйгөндүн сөзү ..... 215

**Алиев Манап**

# ЖАН КҮЙӨӨР...

*Ырлар жана публицистикалык поэмалар*

Редактору *М. Ааматов*
Корректору *М. Кадыров*
Сүрөтчүсү *Э. Шүкүров*
Компьютердик калыптоочу *Т. Жанызаков*

Терүүгө 15.08.2009-ж. берилди.
Басууга 10.20. 2009-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Форматы 84x108$^{1}/_{16}$. Көлөмү 14,625 б.т.
Нускасы 2000 даана. Заказ № 341.

«Бийиктик» басмасы Бишкек шаары,
Ю. Абдрахманов көчөсү 170 а.